63.3(кыр)
Т 22

ТАРЫХЫЙ ОКУЯЛАРДЫН, АТАЛГЫЛАРДЫН ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨРДҮН ЭНЦИКЛОПЕДИЯЛЫК СӨЗДҮГҮ

(Чыгыштын соңку тарыхы)



Бишкек
Полиграфбумресурсы – 2012

УДК 93/94
ББК 63.3
Т 22

Түзгөн : Адилбаев Жумали - «Ош Мамлекеттик университетинин Жалпы тарых жана ТОУ» кафедрасынын профессору, тарых илимдеринин кандидаты.

Рецензенттер: тарых илимдеринин доктору,
профессор Б. К. Абытов.
тарых илимдеринин кандидаты, доцент Т. Омурзакова

Ош МУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан басмага сунушталган.

Т 22 Тарыхый окуялардын; аталгылардын жана түшүнүктөрдүн энциклопедиялык сөздүгү.Түз. Ш. Адилбаев – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2012. – 136 б.

ISBN 978-9967-03-834-9

Тарых, Чыгыш таануу адистиктеринде окуган студенттерге, орто мектептин окуучулары менен мугалимдерине, жалпы эле тарых илимине кызыккан окурмандарга арналат.

УДК 93/94
ББК 63.3

Т 0503000000-12
ISBN 978-9967-03-834-9

© түз. Адилбаев Ж., 2012

Кириш сөз

Азыркы доордогу адамзат коомунун тарыхын окуп-үйрөнүү бир топ татаал дагы, түйшүктүү дагы эмгекти талап кылат. Анткени доор өзгөрүп, дүйнөлүк өнүгүүдө ааламдашуу (глобалдашуу) кулач жайды, анын кучагына кирбей өзүн оолак кармаган өлкөлөр өтө сейрек кездешет. Бул процесстин тездешине социалисттик түзүлүштүн жана СССРдин кыйрашы түрткү берди. Адегенде, ал өнүгүүдөн баш тарткан Борбордук Европа өлкөлөрү, кийинчерээк өз эгемендүүлүгүнө ээ болгон мурдагы советтик республикалар дагы рынок экономикасынын жолуна түшө башташты. Ал эми дүйнөдө үстөмдүк кылып турган рыноктук мамилелер ааламдашуу ыргагын күчөттү. XX-XX! кылымдар тогошкон мезгилде «кансыз согуш» аяктап, биполярдык карама-каршылыктар тарых баракчарынын бүктөмүндө кеткени менен, адамзат алдында жаңы, тагдыр чечээр маселелер чыга келди. Аларга : экологиялык, азык-түлүк, демографиялык коопсуздуктары, эл аралык терроризм жана экстремизм, өзөктүк куралдарды жайылтпоо ж.б. маселелерди кошууга болот. Ушулардын бардыгы жалпы эле гуманитардык илимдерди, өзгөчө тарыхты, анын ичинен соңку тарыхты окуп-үйрөнүүнү, аны түшүнүп, талдап, өзүнө сиңирүүнү таалдантты. Анткени окурман жөн гана көнүмүш тарыхий түшүнүктөр, аталгылар, фактылар менен иш жүргүзбөстөн, заманбап чет элдик сөздөр, рыноктук - экономикалык мамилелерди, ааламдашуу процессин жандап жүрүүчү жалпы адамзатты түйшөлткөн маселелерге байланышкан түшүнүктөр жана аталгылар жөнүндө дагы маалыматтуу болуусу зарыл. Алардын маанисин аңдап билбеген адам, көп нерсенин ички маңызын өз туюму аркылуу өткөрө албай, үстүртөдөн гана түшүнүк алып калышы мүмкүн. Ошондуктан окурманга сунушталган бул энциклопедиялык сөздүк көп тармакты камтыган сөздөрдөн турат.

Экинчиден, республика өзүнүн эгемендүүлүгүн колуна алганына жыйырма жылдан ашып калгандыгына карабастан жалпы эле кыргыз тилине болгон мамиле ойдогудай деңгээлге көтөрүлө албай келет. Мыйзам түрүндө мамлекеттик статус берилгени менен, турмушта кыргыз тилинин өнүгүшү дагы деле мамлекеттик деңгээлде колго алына элек. Бул өксүк жашоонун бардык тармактарында, анын ичинде өзгөчө билим берүү жаатында сезилүүдө. Анткени республикадагы орус, өзбек тилдүү мектептерге салыштырмалуу, кыргыз мектептеринде окуу китептери, усулдук көрсөтмөлөр, сөздүктөр жетишпейт. Ал эми атайын орто жана жогорку окуу жайларын кыргыз тилинде жазылган заманбап окуу каражаттары менен мерчемдүү түрдө камсыз кылуу колго алына элек. Маселени татаалданткан дагы бир нерсе - бул кадрлардын жетишсиздигинен, болгондорунун билим деңгээлинин жеткиликтүү деңгээлде эместигинен жана турмуштук зарылчылыктын азайышынан улам, өзгөчө элет жеринде орус тилин окутуу начарлады. Ошол себептүү окуу жайлардын бардык деңгээлдерине кыргыз тилинде заманбап окуу китептерин, илимий чыгармаларды, усулдук колдонмолорду жазып, басмадан чыгаруу, окуучу-студенттерге сунуштоо милдети бышып жетилди. Ал эми колдо бар орус

тилиндеги коомдук, анын ичинде тарыхий адабияттарды окуп пайдалануууда окурманга сунушталып жаткан бул энциклопедиялык сөздүк аз да болсо ошол кемтикти бүтөйт деген ойдобуз.

Негизинен бул эмгек алгач Чыгыш өлкөлөрүнүн соңку тарыхын окуган студенттерге жардам иретинде башталып, кийинчерээк ал предметте кездешүүчү сөздөрдүн, түшүнүктөрдүн, аталгылардын жана фактылардын катары уламдануулам өсүп жүрүп олтурду. Ошондуктан бул энциклопедиялык сөздүктү бир эле предметтин алкагына ылайыктап жазуу мүмкүн эместиги билинди. Себеби, жогоруда сөз болгондой ааламдашуу доорунда предметтер аралык жалпы түшүнүктөр кеңири жайылып бара жатат. Анткени менен ушул өнүттөн бардык түшүнүктөрдү камтыган эмгек жаратуу бир топ авторлордун башын кошкон жамааттын аракетин талап кылуучудай. Биз болсо азырынча ушул эмгек менен чектелип, мүмкүнчүлүккө жараша кийинчерээк дагы ушул багыттагы иштерди улантуу ниетин карманып туралы.

Эми бул энциклопедиялык сөздүк жөнүндө. Энциклопедиялык деп атаганыбыздын себеби окурманга Чыгыш өлкөлөрүнүн соңку тарыхы боюнча зарыл болгон маалыматтардын топтолушуна байланыштуу болду. Ал эми бардык материалдардын кыргызча берилиши сөздүк иретинде түзүлдү. Алфавиттик тартипте түзүлгөн бул чыгарма өзүнө : эл аралык конференциялар, кеңешмелер жана анда кабыл алынган чечимдер менен келишимдерди, эл аралык уюмдар, тарыхий аталгылар, чет тилдерден алынган сөздөр, кеңири колдонулган орусча сөздөр, диндер жана диний түшүнүктөр, рыноктук - экономикалык аталгылар, түшүнүктөр, юридикалык аталгылар жана алардын түшүндүрмөлөрү, географиялык түшүнүктөр, тарыхий инсандар жана алардын окууларын ж.б. камтыйт.

Автор жалпы эле ушул эмгеке кызыккан окурмандардан ой-пикирлерди, сын жана сунуштарды угууга ынтызар. Эгерде ошондой каалоолор болсо, аларды кийинки мерчемделген эмгекте эске алып пайдалануууга даяр.

А

АБОРИГЕН (лат.-башталышынан) - жергиликтүү адам,кандайдыр бир өлкөнүн түпкүлүктүү жашоочусу.

АБСОЛЮТТУК - чексиз бийлик бир адамдын колунда болгон мамлекеттик түзүлүш.

АБСОЛЮТТУК МОНАРХИЯ, АБСОЛЮТИЗМ - монархтын колунда чектелбеген жогорку бийлик топтолгон, мамлекеттик бийликтин түрү. Абсолютизм учурунда бийликтин борбордоштурулушу эң жогорку чекке жетип, туруктуу аскер жана полиция, бюрократиялык аппараттын чартактаган бутактары түзүлөт. Сословиялык-өкүлчүлүк органдар өз ишмердигин токтотот.

АБСТРАКЦИЯ - 1) предметтин негизги жана мыйзам ченемдүү белгилерин бөлүп көрсөтүү үчүн, ойлонуу деңгээлинде анын ал же бул жактарынан, касиеттеринен же байланыштарынан алаксуу, ойду башка жактарына буруу; 2) конкреттүү эмес түшүнүк, теориялык жалпылоо.

АВИАНОСЕЦ – учактар учууга жана конууга ылайыкталып жасалган согуштук кеме; жогорку маневрдүү сүзүп жүрүүчү авиациялык база. Авианосецтин душманга каршы негизги куралы -палубадагы авиация (учактар жана тик учактар), алар өзөктүк (ядролук) жана жөнөкөй дүрмөттүү ракеталар, бомбалар, торпедолор менен куралданат, Ал Биринчи дүйнөлүк согушта колдонула баштаган. Экинчи дүйнөлүк согушта АКШ, Япония жана Англиянын флотунун сокку уруучу негизги күчү катары деңиздеги, өзгөчө Тынч океанындагы согуштарда чоң роль ойногон. Ракеталык куралдардын өнүгүүсүнө байланыштуу авианосецтин согуштук мааниси бир кыйла төмөндөп калды, бирок америкалык адистер авианосец өз маанисин мурдагыдай эле сактап калат деп эсептешет. Колдонулушуна жараша авианосецтер: сокку уруучу, согуш кайыктарын талкалоочу, жөнөкөй жана өзөктүк болуп бөлүнүшөт.

АВТОНОМИЯ – кандайдыр бир мамлекетте айрым улутка берилген саясий укук – саясий жактан өзүн – өзү башкаруу укугу.

АВТОРИТАРДЫК – өкүмдар, өкүмчүл, өзүнүн беделин чыңдоого умтулган.

АВТОРИТАРИЗМ – бийлик бир адамдын колуна же бийликтин бир органына топтолгон саясий түзүлүш. Башка бийлик органдарынын, негизинен өкүлчүлүк институттарынын таасири төмөндөйт. Мындай түзүлүштүн тарыхий формаларына: байыркы мезгилдеги, орто кылымдардагы жана жаңы тарых мезгилиндеги азиялык деспотияларды, башкаруунун тираниялык жана абсолюттук бийликтерин, соңку тарых учурунда согуштук-саясий жана фашисттик бийликтерди, «казармалык коммунизм» бийликтеринин түрдүү түзүлүштөрүн кошсо болот.

АГРЕССИЯ – бир же бир нече мамлекеттердин башка өлкөлөргө, алардын жерлөрин тартып алуу жана элдерин эзүү максатын көздөп, бир мамлекетти экинчи бир мамлекетке экономикалык же саясий жактан багынтуу максатын көздөп кол салуу.

АГРАРДЫК РЕФОРМА – Агрардык мамилелерди-жер ээлөө,жерди пайдалануу ишин жакшыртуу максатында кайрадан карап чыгуу боюнча мамлекеттин жүргүзүп жаткан чаралары.

АДМИНИСТРАЦИЯ – ишканалардагы, мекемелердеги башкаруу органы.

АЗИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ БАНКЫ (АӨБ) – дүйнөдөгү эң ири долбоорлордун бири. Ал 1966 ж. негизделген көп тараптуу финансылык (каржылык же каржылоочу) уюм. Анын штаб - квартирасы Филиппиндин борбору Манила шаарында турат. Ага мүчө болуп дүйнөнүн 63 өлкөсү кирген. АОБнын каржылоо булактары болуп капиталдын кадимки булактары эсептелет. Азиянын өнүгүү кору (фонду), техникалык жардам берүүнүн атайын кору жана Япониянын атайын кору. Кыргызстан АӨБна мүчө болуп 1994ж. кирген. Кыргыз өкмөтү менен АӨБнын ортосундагы координациялоону күчөтүү жана өз ара кызматташууну бекемдөө максатында Кыргызстанда 2000ж. 2-апрелде анын Туруктуу өкүлчүлүгү ачылган. Анын директору Лан Ву.

АЗИЯЛЫК-ТЫНЧ ОКЕАНДЫК КЕҢЕШ (АЗПАК) – 1966-1975 жылдары жашап, кийин өз ишин токтоткон, аймактык саясий-экономикалык уюм. Ал кеңеште: Австралия, Малайзия, Жаңы Зеландия, Таиланд, Филиппин, Япония, Түштүк Корея, Түштүк Вьетнам жана Тайвань өлкөлөрү мүчө болушкан.

АЙГУН КЕЛИШИМИ 1858 ж.- чек ара боюнча түзүлгөн Кытай менен Россиянын келишими.1858 ж.май айында Айгунда Россиянын өкүлү Муравьев чек араны Амур жана Уссури дарыялары боюнча өткөрүүнү сунуштаган. Бирок келишимде Амурдун түндүк жээги гана Россиянын ээлигине өтүп,ал эми Уссури менен деңиз ортолугу биргелешип пайдалануучу аймак катары көрсөтүлгөн.

АЙНЫ – Япониянын Хоккайдо аралында жашаган эл (20 миңдей). Айны тилинде сүйлөшөт. Дини боюнча буддисттер.

АККРЕДИТОВАТЬ – дипломатияда - бирөөнү чет мамлекеттик өкмөттүн алдындагы өз өкүлү кылып дайындоо.

АКЦИЗ – кыйыр салыктын бир түрү. Бул салык баасы жогору турган товарларга салынат.

АКЦИОНЕРДИК КООМ – уставдык капиталы акцияларга бөгүнгөн шериктештик. Ал акциялар шериктештикке кирген адамдардын ортосунда бөлүнүп берилет. Акционердик коом - жабык, ачык, аралаш болуп бөлүнөт: **жабык** акционердик коомдо - акция жалаң гана уюштуруучуларга сатылат, эркин түрдө сыртка сатылбайт; **ачык** акционердик коомдо - акциясы эркин түрдө сатылат; **аралаш** акционердик коом - чет элдиктер менен чогуу түзүлгөн акционердик коом.

АКЦИЯ – баалуу кагаз. Бул баалуу кагаздын эсебинен акционердик коомдор жана жекече капиталга салымы бар жактар дивиденд (пайда) алышат.

АЛЬТЕРНАТИВА – мүмкүн болгон чечимдердин бирөөнү тандап алуу зарылдыгы.

АЛЬТРУИЗМ, АЛЬТРУИСТ – башкалар үчүн жан – дили менен кам көргөн; башка бирөө үчүн өз таламдарынан да баш тартууга даяр адам.

АМБИЦИЯ – өзүн сүйүүчүлүк, намыскөйлүк; мурдун көтөрүү, бой көтөрүү, намыскөйлүк кылуу.

АМЕРИКА-ЯПОНДУК КООПСУЗДУК КЕЛИШИМИ – Сан-Францискодо 08.09.1951 ж.кол коюлган. 28.04.1952 ж.Сан-Франциско тынчтык келишими менен чогуу күчүнө кирген.А.-я.к.к. АКШ менен Япониянын ортосундагы согуштук-саясий өнөктөштүктү келишим түрүндө негиздеген. Келишимдин шартына ылайык АКШ аскердик оккупация мезгилиндегидей эле Японияда өзүнүн куралдуу күчтөрүнүн бардык бөлүктөрүн кармап, аларды зарыл болгон учурларда Япония менен кеңешпей туруп Ыраакы Чыгыштын бардык аймактарында пайдалана алышмак. Андан башка Япония АКШнын макулдугусуз өзүнүн жеринен башка үчүнчү өлкөгө аскердик база бере албайт же алардын куралдуу күчтөрүнүн кирүүсүнө жол бербейт. Кийинчерээк бул келишимдин мөөнөтү бир нече жолу узартылган жана бүгүн да япон жеринде америкалык аскерий күчтөр сакталып турат.

АМЕРИКА-ЯПОНДУК АДМИНИСТРАТИВДИК КЕЛИШИМ – Токиодо 28.02.1952 ж.кол коюлган. Бул келишим коопсуздук келишиминин негизинде түзүлгөн. Ага ылайык согуш аяктаганда түзүлгөн жана Японияны ушул мезгилге чейин башкарып келген америкалык аскердик оккупациялык администрация жоюлуп, Япониянын суверендүүлүгү кайтарылып берилген. Бирок коопсуздук келишимдин шарттары өз күчүндө кала берген.Ошонун алкагында Япония америкалык аскерлерге зарыл болгон аскердик базаларды,байланыш түйүндөрүн,коммуналдык ишканаларды ж.б.у.с. бекер берип,андан башка өзүнүн жеринде жайгашкан америкалык аскерлерди каржылап туруу үчүн жылына 155 млн.долл.төлөп туруу милдетин алган.

АМОРТИЗАЦИЯ –өндүрүштүн негизги фонду улам эскирген сайын,анын наркы ишкана чыгарган продукцияга же тейлөө кызматтарына акырындык менен чегериле берет, б.а.алардын баасына кошула берет. Чыгарылган продукция сатылгандан кийин андан түшкөн пайданын бир бөлүгү негизги фондуларды калыбына келтирүүгө (реставрация) багытталган атайын амортизациялык корго чегерилет. Амортизация - негизги фондулардын наркына пропорциялуу чегерилет жана аларды пайдалануу үчүн белгиленген бардык мөөнөткө бирдей өлчөмдө бөлүштүрүлөт.

АНАРХИЯ – 1) ар кандай мамлекеттик бийликти тануу; 2) тартипсиздик, иретсиздик, эзнбаштык.

АНАХРОНИЗМ – өткөн мезгилдин калдыктары.

АНГЛИЯ-ФРАНЦИЯ-ИЗРАИЛДИН ЕГИПЕТКЕ АГРЕССИЯСЫ (1956) – Бул агрессия аркылуу Англия менен франция Араб өлкөлөрүндөгү бошондой

түшкөн бийлигин бекемдеп, Суец каналын кайра басып алгысы келген; Израил болсо коңшу араб мамлекеттерин начарлатууга, Египеттин жерин басып алууга умтулган. Агрессия 1956-ж.29 октябрда башталып, Израил аскерлери Египет жерине (Синай жарым аралы) басып кирген. 31 октябрда Англия менен франциянын куралдуу күчтөрү Египетти бомбалап, 5 ноябрда Порт-Саид шаарынын айланасына десанттар түшүрүлгөн. Египеттиктер бул агрессияга тайманбай каршы турду. Дүйнө элдери агрессияны айыптап, анын токтоосуз токтотулушун талап кылды. Бул жердеги СССРдин ордун өзгөчө белгилеп кетүү орундуу, анткени ал 31 октябрда атайын билдирүү жасап, агрессиянын токтотулушу үчүн БУУнун Коопсуздук кеңеши зарыл чараларды көрүшү керек экендигин айтты; 5 ноябрдагы билдирүүлөрүндө Англиянын, Франциянын, Израилдин өкмөттөрүнө Чыгыштагы тынчтыкты калыбына келтирүү үчүн керек болсо күч колдонууга даяр экендигин эскертти. Агрессияны токтотуу, англиялык, франциялык, израилдик куралдуу күчтөрдү Египеттен чыгарып кетүү жөнүндө БУУнун Ген. Ассамблеясынын сессияларында (1956-ж. 2 жана 7 ноябрда) резолюциялар кабыл алынды. Согуш аракеттерин токтотууга мажбур болушкан (1956-ж. 7 ноябрь) агрессорлор басып алган жерлерин ээлеп калууга умтулушту. Бирок Египет элинин тайманбаган күрөшү, Советтер Союзу башында турган тынчтыкты сүйүүчү күчтөрдүн көрсөткөн чечкиндүү каршылыктары Англияны жана Францияны (22 декабрь 1956), Израилди (8 март 1957) өз аскерлерин Египеттен чыгарып кетүүгө аргасыз кылды.

АНКЛАВ – айланасы бардык жагынан башка өлкөнүн территориясы менен оролгон аймак же мамлекеттин территориясынын бир бөлүгү.

АННЕКСИЯ – өз курамына күч менен кошуп алуу.

АНТАНТА (фр..»ыкластуу макулдук») – Англиянын, Франциянын жана Россиянын империалисттик блогу. 1904-1907жж. калыптанып, 1914-1918жж. Биринчи дүйнөлүк согуш тушунда Германиялык коалицияга каршы 20 дан ашуун мамлекетти бириктирип турган. Антанта адегенде 1891-1893жж. Француз-орус союзу болуп түзүлгөн. Ал 1882 ж. уюшулган Үчтүк союзуна - Германия башында турган агрессиячыл блокко эрегиштен улам чыккан. Англия-Германия ортосундагы карама-каршылыктарынын күчөшү 1904 ж. -англис-француз, 1907 ж. англис-орус келишимдерине кол коюлуп, иш жүзүндө Антантанын түзүлүшүнө алып келген. Үчтүк союзга жана Антантага кирген негизги мамлекеттер дүйнөнү кайра бөлүштүрүүнүн империалисттик программасын иштеп чыгышкан. Антантанын түзүлүшү ага кирген мамлекеттердин колония үчүн ички эрегишин жоё алган жок. Биринчи дүйнөлүк согуш башталганда Антанта мамлекеттери чогуу аракеттенишкен. Россия, Англия, франция 1914 ж. сентябрда Лондондо сепараттык тынчтык келишимин түзбөө жөнүндөгү келишимге кол коюшкан. Октябрь революциясынан кийин Россия согуштан чыгып кеткен. Бул учурда Антантанын курамында 30-өлкө,анын ичинде АКШ, Англия, Бельгия, Франция, Бразилия, Япония, Гватемала, Гондурас, Греция, Италия, ж.б.мамлекеттер болгон. Октябрь

революциясынан кийин Антанта өлкөлөрү Совет бийлигин кулатуу максатында интервенция уюштурган. Ал аракет оңунан чыкпай калгандан кийин ага катышкандардын ич ара карама-каршылыктары күчөп, акыры Антантанын ойрон болушуна алып келген.

АНТИГИТЛЕРДИК КОАЛИЦИЯ – экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде гитлердик Германия, фашисттик Италия жана милитаристтик Японияның жана алардын сателлиттеринин агрессивдүү блогуна каршы согушкан өлкөлөр менен элдердин күжүрмөн өнөктөштүгү. А.к. негизи, 1941 ж. 22-23 июнунда фашисттик Германиянын агрессиясына дуушар болгон СССРди колдоо ниетин билдирген АКШ менен Англия өкмөттөрүнүн расмий кайрылуусунан башталган. Андан ары А.к. га башка өлкөлөр дагы кошулуп жатты. Согуштун аяк ченинде А.к. кошулган өлкөлөрдүн жалпы саны 50 дөн ашып,анын ичинде: беш улуу держава (СССР, АКШ, Кытай, Англия,Франция); бул мамлекеттер менен чогуу өзүнүн куралдуу күчтөрүн согушка киргизген өлкөлөр - Албания, Австралия, Бельгия, Бразилия, Канада, Индия, Жаңы Зеландия, Польша, Чехословакия, Югославия ж.б.; бир топ өлкөлөр согушуп жаткан А.к. мүчөлөрүнө согуштук маанидеги чийки зат же керектүү буюмдарды берип турушкан (М.,Мексика); кээ бир өлкөлөр согуш аяктаар алдында Германияга согуш жарыялап, бирок жеңишке эч кандай деле салым кошо алган эмес (М.,Туркия).

А.к. га өнөктөштүк милдетин баскынчыларга каршылык көрсөткөн элдик кыймылдар дагы аткарган (Польшада, Чехословакияда, Югославияда, Албанияда, Францияда, Грецияда, Кытайда, Индонезияда, Вьетнамда, Бирмада, Филиппинде ж.б.өлкөлөрдө). Андан башка А.к. Италияда, Румынияда, Болгарияда, Венгрияда жана Германиянын өзүндө күч алган антифашисттик уюмдар чоң колдоо көрсөткөн. Ошолордун аракетинин аркасында 1944 ж. Румыния, Болгария жана Венгриядагы фашисттик режимдер кулатылып, бул өлкөлөр А,к. тарабына өтүшкөн.

А.к. мүчөлөрүнүн ортосундагы өнөктөштүк мамилелер бир нече расмий документтер менен бекемделген.Алар : 01.01.1942 ж. Вашингтондо кол коюлган Бириккен Улуттардын Декларациясы; 26.05.1942 ж. түзүлгөн советтик-англиялык өнөктөштүк жөнүндөгү келишим; 11.04.1942 ж. СССР менен АКШнын ортосундагы келишим; 10.12.1944 ж. советтик-француздук келишим; Тегеран, Крым жана Потсдам конференцияларынын токтомдору.

Согуш аяктагандан кийин Европада элдик-демократиялык өлкөлөрдүн пайда болушу жана СССРдин таасиринин күчөшүнө байланыштуу А.к.арасында бөлүнүп-жарылуу башталып,ал 1947 ж.бул өнөктөштүк бирикменин бузулушуна алып келди.

АНТИКОМИНТЕРНДИК ПАКТ – Германия менен Япониянын ортосунда кол коюлуп (25.11.1936 ж.),Коммунисттик Интернационалга каршы биргелешип күрөшүү максаты белгиленген.1937 ж.ноябрда А.п.га Италия,1939 ж. Венгрия менен Маньчжуриянын марионеткалык өкмөтү,ал эми 1941 ж. мартта Испания кошулган.1941 ж. 25 ноябрда бул пакттын мөөнөтү дагы 5 жылга узартылып,ага жаңыдан Болгария,Финляндия,Румыния,Дания,

Словакиянын,Хорватиянын жана кытайдагы Нанкиндин марионеткалык өкмөттөрү кошулушкан.

А.п. 30 жылдардын орто ченинде негизинен түзүлүп калган агрессивдик блокту расмий түрдө бекиткен. Ал эми Англия,Франция жана АКШ болсо башка өлкөлөрдүн ички ишине кийлигишпөө саясатына жамынып алышып,ал агрессорлорду СССРге каршы багыттоо максатында аракет жүргүзүшкөн.Иш жүзүндө бул агрессивдүү блок СССРге эле эмес,ошол эле Англия,Франция,АКШ ж.б.өлкөлөргө каршы баскынчы согушка даярдык көрүп жаткан.

1939-40 жж. А.п. Германия,Италия,Япониянын ортосундагы согуштук өнөктөштүккө айланган.1939 ж. 22 майда Германия менен Италиянын ортосунда кол коюлган келишимде,башка эч бир мамлекет менен достукка доо кетирүүчү келишим түзбөө,башка үчүнчү тарап менен согушуп калган учурда бири-бирине жардам берүү жөнүндө макулдашылган.1940 ж. 11 декабрында бул келишимге Япония дагы кошулган.Бул фашисттик агрессорлордун согуштук блогу алардын жеңилиши менен жок кылынган.

АНТИКАЛЫК (АНТИЧНЫЙ) – байыркы грек же байыркы Римдин коомдук түзүлүшүнө, маданиятына, искусствосуна карата колдонулуп келген термин.

АНТРОПОЛОГИЯ – адамдын келип чыгышы жана эволюциясы, рассалардын жаралышы жөнүндөгү илим.

АПАРТЕИД (апартхейд-африкаанс тилинде «бөлүнүп жашоо») – Түштүк Африка Республикасындагы банту ж.б. европалык эмес элдерге карата жасалган катаал расалык дискриминация саясатынын негизин түзгөн расалык сегрегация принциби. Мамлекеттик саясат катары Улуттук партиянын бийликке келиши менен расмий түрдө 1848 ж.киргизилген. Африкалыктар үчүн жалпы аймактын 12 пайызын түзгөн атайын резерваттар (1959 жылдан тарта бантустандар) бөлүнгөн. Ошол өкмөт тарабынан кабыл алынган мыйзамдарга ылайык өлкөдө бурлардын өзгөчөлүгү жана кара түстөгү элдердин уникалдуу маданиятын сактап калуу керек-деген шылтоо эле. Дүйнөлүк прогрессивдүү коомчулуктун колдоосу менен 1984 жылдан баштап жергиликтүү калк апартеидди жоюу үчүн тынымсыз күрөш жүргүзүп келди. 1989 ж.бийликке Ф.де Клерк келгенден кийин апартеиддик мыйзамдар алынып ташталып, Түштүк Африкалык Республикасында жалпыга бирдей шайлоо жана шайлануу укугу киргизилген.

АРАБ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ЛИГАСЫ (АМЛ) – өз курамына 20 мамлекетти (Египет,Сауд аравиясы,Ирак,Ливия,Алжир ж.б.) жана Палестинаны бириктирүү Уюмун биригтирген эл аралык уюм. Саясий жактан бардык араб мамлекеттерин баш коштуруу максатында 1945 ж.март айында түзүлгөн. АМЛге кирген өлкөлөр үчүн чоң сыноо Перс булуңундагы согуш учуру болду,анткени анда алардын бир бөлүгү (Сауд Аравиясы,Египет,Сирия жана Марокко) Иракка каршы чыгып,ал эми Иордания,Йемен жана Ливия бейтарап абалды карманышкан.

АРАБ-ИЗРАИЛЬ СОГУШУ (1948-1949) , Палестина согушу -араб мамлекеттери (Египет, Иордания, Сирия, Ливан, Сауд Аравиясы, Йемен) менен Израиль мамлекетинин ортосундагы согуш; 1947-ж.29-ноябрда Палестинага Англиянын мандатын токтотуу, өлкөнү арабдардын жана еврейлердин мамлекеттерине бөлүү жөнүндөгү БУУнун Генералдык Ассамблеясынын чечимин ишке ашырууну үзгүлтүккө учуратуу үчүн болгон согуш. Ал 1948-ж.14-майдан 15-майга караган түнү башталган.Согуштун жүрүшүндө АКШдан жана айрым империалисттик өлкөлөрдөн, ошондой эле сионисттик уюмдардан финансалык-согуштук жардамдарды алып турган Израиль аскерлери Палестинанын бир топ жерин басып алып, 900 миңден ашык араб калкын куулп чыгарган.1949-ж.февраль-июль айларында Израиль менен коңшулаш араб өлкөлөрүнүн ортосунда тынчтык келишимдери түзүлгөн. Бирок алар территориялык талаш-тартыштарды биротоло жөнгө салбагандыктан ж.б. себептерден араб өлкөлөрү менен Израилдин ортосундагы чыр-чатактар кийин дагы болуп турган

Экинчи араб-израил согушу 1956-ж.октябрында Суец кризиси мезгилинде болгон. Анда СССР арабдарга,ал эми Америка жөөттөргө жардам бере баштаган.**Үчүнчү** араб-израил согушу (июнь 1967 ж.»Алты күндүк согуш») арабдардын толук жеңилиши менен аяктаган.**Төртүнчү** араб-израил согушу (1973 ж.октябрь) тең чыгуу менен аяктаган **Бешинчи** араб-израил согушу (1975) Ливан жеринде болуп өткөн. 1993 ж.Израил мамлекети менен ООПтун (Палестинаны боштондука чыгаруу уюму) ортосунда палестина маселесин жөнгө салуу жөнүндө келишимге кол коюлган.Бирок 2000 жылдан баштап Палестинада арабдар менен жөөттөрдүн ортосунда чыр-чатактар кайрадан жанданды.

АРАБ ӨЛКӨЛӨРҮНӨ ИЗРАИЛДИН АГРЕССИЯСЫ (1967) – империалисттик державалардын жана эл аралык сионизмдин тымызын көкүтүүсү менен Египетке, Иорданияга жана Сирияга 1967-ж. 5 июнда Израилдин куралдуу кол салышы. Бул агрессия аркылуу АКШнын бийлөөчү чөйрөлөрү баштаган империалисттик күчтөр араб өлкөлөрүндөгү улуттук өз алдынчалык үчүн кыймылга сокку уруп, Египет менен Сириядагы прогрессчил түзүлүштөрдү кулаткысы келген жана араб өлкөлөрүндө неоколониализмдин,өз тарапкерлеринин позицияларын чыңдоого умтулган. Мурдатан даярдалган план боюнча Израил, агрессия башталганда эле, Египеттин, Иордиянын, Сириянын аскердик участкаларынын жана аэродромдорунун көбүн иштен чыгарып, араб өлкөлөрүнүн 1 млн-дон ашык калк жашаган 70 миң чарчы км. аймагын алты күндө басып алды. Агрессиянын жүрүшүндө Израиль БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 6,7,9 июндагы ок атууну тез арада токтотуу жөнүндөгү резолюцияларын этибар алган жок. Коопсуздук Кеңешинин 4-жолку чечиминен кийин, СССР жана башка бир катар өлкөлөр Израиль менен дипломатиялык мамилелерин үзүп, агрессорго санкция колдонуу жөнүндө эскертилгенде гана согуш токтотулду. Буга СССРдин жана башка социалисттик өлкөлөрдүн агрессорго сокку берүү үчүн ,араб өлкөлөрүнө керегинче көмөк көрсөтүү жөнүндөгү чечкиндүү позициясы таасир тийгиз-

ди. Бирок Израиль аны менен тынып калган жок,ар түрдүү аракеттер менен араб өлкөлөрүн опузалап, басып алган жерлердеги жашаган калкты кысмактай берди. Израиль БУУнун Коопсуздук Кеңешинин Жакынкы Чыгыштагы чыр-чатакты жөнгө салуу жөнүндө кабыл алган атайын чечимин тоотмоксонго салып, арабдарга капитуляция шарттарын таңуулады. 1973-ж. Израиль кайра согуш ачканда, анын аскерлери Египеттин жана Сириянын куралдуу күчтөрүнүн катуу каршылыгына дуушар болду.Бул согуш тынчтыкты жактаган күчтөрдүн кийлигишүүсү менен гана токтотулду.БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1973-ж.22 октябрдагы чечими боюнча Женевада 1973-жылдын декабрь, 1974-жылдын январь айларында Ж.Чыгыш жөнүндө тынчтык конференциясы чакырылды; анын чечимине ылайык Израилдин жана Египет менен Сириянын аскерлеринин арасы ажыратылды.

АРАБДАР (өз аты аль араб) – Азиядагы элдердин тобу. Жакынкы Чыгыш менен Жакынкы Азия элдеринин көпчүлүк бөлүгүн түзөт. Андан башка арабдар Туркияда, Батыш Европада дагы жашашат. Жалпы саны 180 млн адамга жакын (2002ж.). Чоң европеид расасынын инди-жерортодеңиз раса тобуна кирет. Араб тилинде сүйлөшөт. Төмөндөгүдөй аймактык-этникалык топторго бөлүнүшөт: бахрейн арабдары, иордан арабдары, ирак, йемен, катар, кувейт, ливан арабдары, Бириккен араб эмиратындагы арабдар, оман, Сауд Аравия, сирия, алжир, египет, ливия арабдары, маврлар, марокканарабдары, судан, тунис, палестин арабдары. Арабдардын көпчүлүгү дыйканчылык,бакчачылык,бакчылык жана көчмөн мал чарбачылыкты кесип кылышкан дыйкан-феллахтар. Уруучулук уюшмасынын негизин ата жолундагы жалпы түп ата, бири-бирине жардамдашуу жана канга кан менен өч алуу салты түзөт. Өнөр жайдын өнүгүшү жана урбанизациянын күч алышы уруучулук мамилелердин бузула башташын шарттаган.

АРАФАТ ЯСИР (04.08.1929-11.11.2004) – палестиналык арабдардын бошгондук кыймылынын лидери. 1964 ж.Палестинаны бошгондука чыгаруу уюмун (ООП) негиздеп,1969 жылдан анын Аткаруу комитетинин төрагасы, 1970 жылдан палестиналык каршылык көрсөтүү кыймылынын куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы. 1988ж. Израил басып алган аймактарда палестиналыктардын жарандык баш ийбөө (интифада) кыймылынын демилгечиси. Жакынкы Чыгыш маселесин жөнгө салуу боюнча сүйлөшүүлөр 1993 ж.Ослодо Я.Арафат менен Израилдин премьер-министри И.Рабиндин келишимге кол коюусу менен аяктаган. Ага ылайык азырынча Палестина автономиясы түзүлүп,ал кийинчерээк көз карандысыздыгын өз колуна алмак. Арафат ошол автономиянын төрагасы болуп шайланат. 2004 ж.октябрда Арафаттын ден-соолугу кескин оорлоп.Париж шаарына жеткирилген,бирок алардын аракетинен майнап чыкпай госпиталда каза болгон.

АРГУМЕНТ – далил, негиз.

АРТЕЛ – бир нече адамдын чарбасынын бирге иштөө үчүн өз ыктыяры менен биригиши.

АРХАИКАЛЫК – байыркы, эзелки.

АРХАНТРОПТОР – Б.з.ч. 3-2 млн. жылдарда жашаган алгачкы адамдар (аларды илимий жактан ачкан: Лики Луис, Лики Мэри жана Лики Ричард).

АРХИПЕЛАГ – деңиздеги бири – бирине өтө жакын турган аралдар тобу.

АССОЦИАЦИЯ (лат.бириктирүү)—адамдардын,мекемелердин,уюмдардын ж.б.биригиши.

АТАТҮРК, Мустафа Кемаль (1880-1938) – түрктөрдүн саясий ишмери,Туркия Республикасынын негиздөөчүсү. Салоникада төрөлгөн. 1905 ж.Стамбулдагы ген.штабдын академиясын аяктагандан кийин,султандын бийлигине каршы үгүт иштерин жүргүздү деген айып тагылып репрессияга кабылган. Сирияда (1905-07) жана Македонияда (1907-09) аскер кызматында жүрүп,1908 ж.жаш түрктөрдүн революциясын даярдоого жана ишке ашырууга катышкан. Бирок «Биримдик жана прогресс» комитетинин лидерлери менен,өзгөчө Энвер менен болгон пикир келишпөөчүлүктөн улам саясий ишмердиктен убактылуу четтеген. Триполитаниядагы,Экинчи балкан жана Биринчи дүйнөлүк согуштарына катышкан. Кийинчерээк анын аты менен «кемалисттик» деп аталып калган анатолиядагы улуттук-боштондук кыймылын жетектеген. Ататүрктүн жетекчилиги астында укук коргоо коомдору деп аталган улуттук-революциялык уюмдардын 1919 ж.Эрзурумда жана Сивастагы конгресстери өткөрүлгөн, Туркиянын көз карандысыздыгынын декларациясы болгон «Улуттук пакт» иштелип чыккан, 1920 ж.Туркиянын Улуу Улуттук Чогулушу жана анын аткаруучу органы-Анкара өкмөтү түзүлгөн.

А. Туркияга Севр келишимин таңуулаган англия-грециялык интервенттерге каршы күрөштү жетектөөгө туура келген. Анын кол башчылыгы астында 1921 ж.Сакарья дарыясындагы салгылашууда жеңишке жетишишкен. Ал эми 1922 ж.август-сентябрь айларындагы салгылашууларда түрк аскерлери гректерди биротоло талкалап,1923 ж.Туркия үчүн зор сыймык алып келген Лозаннадагы тынчтык келишимин түзүүгө жетишкен.

А.султанга жана феодалдык-компрадордук калдыктарга каршы чечкиндүү согуш ачкан. Анын демилгеси боюнча өлкөдө мамлекеттик түзүлүш,укук,маданият жана турмуш-тиричилик жаатында реформалар жүзөгө ашырылган. Улуу улуттук чогулуштун төрагасы (1920-23),өлкөнүн туруктуу президенти (29.X.1923 жылдан),өзү түзгөн Элдик-республикалык партиянын туруктуу төрагасы катары А.өтө зор абройго ээ болгон. Ататүрк деген фамилияны 1934 ж. фамилиялар киргизиле баштаганда Улуу улуттук чогулуштун чечими менен алган.

Тышкы саясатта А.феодалдык-клерикалдык Осмон империясынын урандысында түзүлгөн көз карандысыз улуттук түрк мамлекетин калыптандыруу концепциясын карманган. Ошондуктан ал пантүркчүлүк,панисламчылык идеяларын четке каккан. А. мамлекетте такай жана бир гана «улуттук саясат» жүргүзүлөөрүн,тактап айтканда: өз күчүнө таянып жана өз жашоосун коргоп,чыныгы бакытка жетүү ниетинде өлкөнүн гүлдөп өсүшүн камсыз

кылып,элге турмушка ашпаган нерсени убада кылбай,өз өлкөсүнүн чегинде талыкпай эмгектенүүгө чакырган. Ал эми цивилизациялуу башка элдерге болсо Туркия менен маданиятуу жана адамгерчиликтин чегинде достошууну сунуштаган.

АТАТҮРКТҮН (МУСТАФА КЕМАЛЬ) ПРИНЦИПТЕРИ ЖЕ 6 - жебеси,Элдик - республикалык партиянын 1931 ж. III-съездинде кабыл алынган программасы, 1937 жылдагы Туркия республикасынын Конституциясына киргизилген негизги багыттар :

1. **Республикачылык** - Ататүрк узак убакыттан бери элдин аң-сезимин бийлеп келген «аймагында күн батпаган империяны», осмондордун араб өлкөлөрүнүн үстүнөн бийлик жүргүзгөн мезгилдерди биротоло унутуу принцибин тутунган. Андан башка ал,жаш түрктөрдүн - пантүрктүк идеологиясын дагы чечкиндүүлүк менен четке каккан. 1922 ж.Туркияда султанат, ал эми 1924 ж.халифат жоюлган. Түрктөрдүн элдик майрамына айланган 29 -октябрда 1923 ж.Туркия Республика болуп жарыяланган. Болгондо дагы мусулман өлкөлөрүнүн ичинен бул өлкө биринчи динге байланбаган жарандык мамлекетке айланган.

2. **Улутчулдук (же мекенчилдик)** - «түрк» деген сөз менен бай осмондор жийиркенүүчүлүк менен Анатолиялык дыйкандарды аташкан. Өздөрүн сыймыктануу менен «биз осмондорбуз» дешкен. Алардын түшүнүгүндө «түрк» деген одоно,копол,маданиятсыз,билимсиз,түркөй адамга мүнөздүү белги. Ататүрк биринчи болуп түрктөрдүн кадырын көтөргөн. Ал жалаң карапайым түрктөрдөн түзгөн элдик ополчение Туркияга басып кирген франц-уздардын, италиялыктардын, англичандардын жана гректердин аскерлерин талкалаган. 1924,1937 жылдардагы Конституцияда жана башка мыйзамдарда өлкөнүн негизги калкы катары түрк улуту таанылып,калган улуттук азчылыктар жөнүндө сөз айтылган эмес. Бүгүнкү күнү дагы Туркияда бирдиктүү түрк улуту,түрк тили жана түрк мамлекети жөнүндө түшүнүк жашап келет.

3. **Элчилик (халкчылык)** - адегенде бул түшүнүккө карапайым калк,эмгекчи калк,коомдун көпчүлүгүн түзгөн калк жөнүндөгү маани берилген. Ошондуктан,кемалисттер айыл жеринде феодалдык натурулай салык - ашарды жоюп,анын ордуна жерден акчалай алынуучу салык киргизишкен. Бул айыл чарбасында акча-товар мамилелеринин өнүгүшүн шарттаган. Бирок агрардык маселе аягына чейин чечилген эмес. Өмүрүнүн аяк ченинде М.Кемаль межилиске бардык жери жок же жери аз дыйкандарды жер менен камсыз кылуу милдетин тапшырган. Тилекке каршы бул аракет дагы көрсөтмө жүзүндө калып калган. 1924 ж.Конституцияда республиканын жарандарынын кол тийбестиги,дин,сөз,басма сөз жана жыйындарды өткөрүү зркиндиктери белгиленип,адам өмүрү,мүлкү,ар-намысы жана турак жайлары мамлекет тарабынан корголору жазылган. 1936 ж.Туркиянын Улуу Улуттук жыйыны (ТУУЖ) өлкөнүн тарыхында биринчи жолу «эмгек жөнүндө» мыйзам кабыл алып,жумасына бир дем алышы бар 8-сааттык жумушчу күнүн кийирген. Ошол эле мезгилде иш таштоого тыюу салган мыйзам дагы так,кыйшаюусуз аткарылган.

4. **Этатизм** - улуттук индустрияны куруу саясаты. М.Кемаль «көз карандысыздык өнөр жайсыз мүмкүн эмес» деген ураан көтөрүп чыккан. Улуттук капиталдын чабалдыгынан индустриалдык ишканалардын көпчүлүгү мамлекет тарабынан курулган. 30 - жылдардын баш ченинде жасап чыгаруучу өнөр жай ишканаларын каржылоочу эки ири мамлекеттик - Сумербанк менен Этибанк түзүлгөн. Ошол мезгилдерде өлкөдө алгачкы заманбап завод,фабрикалар пайда болгон. Кийинки мезгилдерде этатизм саясатын көптөгөн өлкөлөрдө пайдалана башташкан. М.: Франция.

5. **Лаицизм** - ислам Туркия үчүн дин гана болбостон,бир эле мезгилде коомдук турмуштун бардык жагын өзүнө камтыган моралдык жана укуктук тутум да болгон; улуттук сезимге караганда диний сезим жогору турган. Мусулман эмес адам түрк катары эсептелген эмес; ал түрктөр менен коңушу жашаганы менен аларды түрктөрдөн көзгө көрүнбөгөн дубал бөлүп турган. Бизге арабдардын арасынан христиан динине чокунгандар бар экендиги маалым,бирок түрктүн христиан динин кабыл алганын элестетип көрүүгө мүмкүн эмес. Ошондуктан М.Кемаль :

– халифатты,шейхуль-ислам менен муфтий кызматтарын,шариат жана вакуф иштери боюнча министрликти жойгон;

– атайын диний мектептер - медреселерди жапкан;

– 1928 ж.Конституциядагы «ислам-Туркиянын мамлекеттик дини болуп эсептелет» деген параграфты алып салган;

– 1926 ж. жаңы жарандык жана кылмыш кодекстери кабыл алынып,шариат сотунун ордуна жарандык соттор түзүлгөн;

– дервиштердин монастырлары - текке менен завийе,мусулмандар барып сыйынган түрбелер (султандардын жана шейхтердин сөөгү коюлган жер астындагы үйлөр),касиеттүү деп эсептелген ордендер (диний уюмдар) жана көптөгөн мусулман секталарын жойгон;

– эркектер башына кийип,ислам динин тутунгандын белгиси болгон фескага тыюу салып,дем алыш күндү жумадан жекшемби күнгө которгон.

6. **Революциячылдык** (же реформизм-маңызы кан төкпөстөн маанилүү өзгөрүүлөргө жетишүү) - Ататүрктүн реформаторлугунун максаты өлкөнү модернизациялоого,башкача айтканда,коомдук турмушту жарым феодалдык абалдан буржуазиялык тартипке буруу болгон. Бирок анын реформалары жашоо-турмуштагы жана укуктук мамилелер,билим берүү жана маданият менен чектелип,социалдык жактан негизинен улуттук буржуазия,аскерий адамдарын,жаңы интеллигенция менен мамлекеттик кызмат адамдарын гана камтыган. Менчик маселесин өзгөрүүгө дуушар кылып,коомдук мамилелерди түп тамырынан өзгөртүп жибере турган кадамдарга Ататүрк караманча каршы туруп,андай аракеттерди жактоочуларды аёсуз жазалаган. Ошондуктан анын революциячыл же реформачыл кадамдары коомдук турмуштун төмөндөгү багыттарын камтыган :

– көз карандысыз кесиптик кошундар (профсоюздар) жоюлган;1921 ж. компартиянын ишмердигине тыюу салынган;

– жабылган медреселердин ордуна билим берүүнүн бирдиктүү тутуму киргизилген; мамлекеттик мектептерде эркек балдар менен кыздар чогуу

окуй баштаган,өлкөдө кыз-келиндер билим алуучу курстар жана педагогикалык училищелер ачылып,институттар менен университеттерде окуп билим алуу мүмкүнчүлүгү кеңейтилген; 1928 ж.араб алфавити латын алфавити менен алмаштырылган; калктын сабатсыздыгы жоюла баштаган.

– коомдогу аялдардын абалы бир топ оңолгон;1927 жылдан баштап аялдар мамлекеттик мекемелерде иштөөгө мүмкүнчүлүк алышкан,1930 ж.жергиликтүү бийлик органдарына,ал эми 1934 жылдан Туркиянын Улуу Улуттук жыйынына шайлоолорго катышуу укугуна ээ болушат;

– мусулмандардын хижра жыл эсеби европалыктардын григориан календары менен алмаштырылган;

– 1934 ж.түрктөргө фамилия тандап алуу милдети таңууланган,ага чейин алардын аты гана болгондугу кандайдыр бир эсеп-кысап жүргүзүү маселесин татаалдаткан.Дал ошондо Мустафа Кемалга Ататүрк (түрктөрдүн атасы) деген фамилия парламент тарабынан тандалып берилген;

– түрктөр европалыктардын баш кийими менен костюмдарын дагы кийе башташкан.

Ататүрк тарабынан жүргүзүлгөн реформалардын чектелген мүнөздө болгондугуна карабастан ошол кадамдар өз мезгилинде өлкөнү модернизациялоо жана өнүктүрүү багытындагы зор жеңиштер экендиги талашсыз. Өзүнүн кыска бирок өтөлгөлүү өмүрүндө бул адамдын жасаган эрдиктерине таң каласың. Анткени анын темирдей бек эрки болгону менен денсоолугу өтө начар эле. Өспүрүм кезинен бөйрөк оорулуу,1924 ж. биринчи жолу жүрөгү кармаган. Андан үч жыл өтпөй Ататүрк согуштан кийин биринчи жолу Анкарадан Стамбулга келгенде инфаркт болгон. Бирок дарыгерлердин тыюу салганына карабай түнү менен иштеп,анан дагы ичкилик иче берген. Оорулу жүрөк менен бөйрөккө,боордун оорусу кошулган. Ал Анкарада белгилене турган Республиканын жарыяланышынын 15 жылдык майрамына катышууга камынып жаткан. 29-октябрь 1938 ж.стадиондогу трибунага көтөрүлө турган атайын лифт дагы даяр эле. Бирок Ататүрк ден-соолугуна байланыштуу Стамбулдан чыга албай калган. Майрам күнү өз лидерин куттуктоо үчүн жаштар президенттин ак сарайынын алдына чогулушкан. Акыркы күчүн жыйнап чымырканган Кемаль дерезеге келип,көзүнө жаш алып чогулган жаштарга : «Бул майрам менен эртеңки күн силердики. Кошкула!» дегенге араң жараган. Ататүрк,бар болгону 56 жашында, 1938 ж.10-ноябрда жарык дүйнө менен кош айтышкан.

АТОЛЛ -алкакка окшош жалпак коралл аралы.

АФГАНДЫКТАР,ООГАНДЫКТАР (өз аты пуштун,патан)- Ооганстандын негизги калкы (10 млн дон көбүрөөк). Алардын дагы 19 млн дон көбүрөөгү (негизинен көчмөндөр жана жарым-жартылай көчмөндөр) Пакистандын түндүк-батышында жашашат. Уруулук бирикмелери (афридилер,вазирлер,гилзайлар,дурранилер ж.б.) сакталып калган. Пушту тилинде сүйлөшөт. Дини боюнча мусулман-сүннөттөр.

Отурукташкан А.негизинен сугат жер дыйканчылыгы менен кесип кылышат. Айрымдары токой чарбачылыгында,өнөр жайда жана курулуш-

та иштешет. Көчмөн жана жарым көчмөн А.(2,5 млн-чо) кой,уй,жылкы,төө багышат. А-дын теги али жетиштүү тактала элек. А.жөнүндөгү алгачкы маалыматтар У!-к-дарга таандык. Ал даректерде А.Сулайман тоолорунун жан-жакаларында жашагандыгы көрсөтүлгөн. Х!У-ХУ к-да алар Пешевар өрөөнүндө,андан соң Дир,Сват жана Баджуар облустарында жайгашышкан. ХУ!-ХУ!! к-да ар түрлүү афган уруулары ооган эли болуп калыптанган. 1747 ж.Ахмад-шах Дуррани көз каранды эмес Ооган мамлекетин негиздеген, Ооган элинин улут болуп калыптануу процессинде Англиянын колониялык саясаты,Ооганстанда фарс тилинин бирден-бир мамлекеттик тил болуп сакталып келиши (1936 жылдан баштап Ооганстандын улуттук пушту тили да мамлекеттик тил деп жарыяланган) да жолтоолук кылган.

АФРИКА БИРИМДИГИНИН УЮМУ (АБУ) – африка өлкөлөрүнүн аймактык,мамлекеттер аралык саясий уюму. 1963 ж.Африканы колониядан биротоло бошотондукка чыгаруу жана Түштүк Африка республикасындагы (ТАР) Апартеид саясатын жок кылуу үчүн биргелешип күрөшүү максатында уюшулган. 1994 ж. АБУга 54 мамлекет кирген. Анын негизги органы болуп-мамлекет башчыларынын жыл сайын болуп туруучу Ассамблеясы жана жылына 2 жолу өткөрүлүүчү Министрлер кеңеши эсептелет. XX кылымдын аяк ченинде АБУ өзүнүн негизги милдети болгон Африканы колониядан бошотуп бүткөн. АБУнун мамлекет жана өкмөт башчыларынын Ассамблеясынын 37-сессиясында (9-11 июнь 2001) бул уюмду европалыктардын интеграциясына окшош,африкалыктарды дагы көбүрөөк жакындаткан - Африкалык Союз (АС) кылып түзүү чечими кабыл алынган. АСнын алкагында бирдиктүү африкалык парламент,бирдиктүү банк,валюта кору,соту ж.б.у.с. түзүлмөк.

Б

БААЛУУ КАГАЗ -коммерциялык укуктун институту;мүлккө болгон укукту тастыктап туруучу документ (акция,вексель,облигация,сертификат). Ал укуктан пайдалануу же аны бирөөгө өткөрүп берүү ошол документти көргөзгөндө гана жүзөгө ашырылат.

БАГДАД ПАКТЫСЫ - 1955 ж.24 февралда Багдадда Ирак менен Туркиянын ортосунда түзүлгөн келишим,кийин ага Англия,Иран жана Пакистан кошулган; агрессиячыл согуштук группировканын- Борбордук келишим уюмунун (СЕНТОнун) түзүлүшүнө негиз болгон.

БАЖЫЛЫК ПОШЛИНА - тышка алып чыгуучу жана өлкөнүн ичине алып кирүүчү товарлардан алынуучу өкмөттүк салык.

БАЗИС – өндүрүш мамилелеринин жыйындысы, өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн белгилүү баскычына туура келүүчү коомдук- экономикалык түзүлүшү.

22796

БАЙ ЯНЬ-ХУ, Мухаммед Аньюб Бай Су (1840-82) - 1862-77 жылдардагы дунган көтөрүлүшүнүн жетекчилеринин бири. Ал «Янь-Ху» («Тайманбас жолборс») деген ылакап атын, дунган элинин Цин династиясынын зомбулугуна каршы күрөшүнө активдүү катышкандыгы жана жетекчилик кылганы үчүн алган. Көтөрүлүш жеңилген соң Б.Я.-Ху дунган калкынын бир бөлүгүн Россияга баштап келген. Ал адегенде Кара-Коңузда (дунганчаиньпань,азыркы Жамбыл обл.,Кордой р-ну) турган. 1880 ж-дын башында Пишпекке көчүп келип,1882-ж.26 июлда ошо жерде каза болгон. Б.Яю-Ху дунган элинин тарыхына улуттук баатыр,Кытайдагы Цинь зомбулугуна каршы элдешпес күрөшчү катары кирди.

БАЛАНС – өлкөнүн тышка чыгарган жана киргизилген товарларынын өз ара катышы

БАЛЛИСТИКАЛЫК РАКЕТА - башкарылып алыска учуучу ракета.

БАНК – акча чыгаруучу, акча каражаттарын сактоочу, төлөм проценти бар акчалай жана товар түрүндө карыз берүүчү, акча алмаштыруучу, адамдардын, фирмалардын акча операцияларын тескеген, баалуу кагаздарды сатып алуучу жана сатуучу, өлкөгө, мамлекеттик органдарга, ишканаларга жана мекемелерге, калкка, башка банктарга кызмат көрсөтүүчү кредиттик - финансалык уюм, мекеме. М.:Борбордук банк, коммерциялык банк, адистештирилген: инвестициялык, сактык, ипотекалык, инновациялык банктар.

БАНКРОТ -1) карызын төлөөгө кудуретсиз тарап; 2) көбүнчө коом ичинде иши ордунан чыкпай четтеп калган адам.

БАРРЕЛЬ – англиялык өлчөө системасындагы суюктук заттардын сыйымдуулугунун жана көлөмүнүн бирдиги. М.: АКШда 1-баррель 158,988 куб дм ге барабар.

БАТАЛЬОН (итал. отряд) – полктун же бригаданын бөлүкчөсү. Ал 3-4 ротадан жана алты взводдон (байланыш, чалгындоо ж.б.) турат. Өз алдынча (автомобиль ж.б.) бөлүк катары эсептелип, бирикменин курамына кирген батальондор да болот.

БАТАРЕЯ (фр. - согуу) – арти́ллериялык дивизиондун (полктун) негизги аткылоочу жана тактикалык бөлүкчөсү. Батарея 2-3 аткыч взводдон, башкаруу взводунан (бөлүкчөдөн) турат. Анда 2-6 замбирек (миномет, реактивдуу артиллериянын аскердик машинасы же танкага каршы башкарылма ракета) болот.

БИЗНЕС – 1) ишмердүүлүктүн ар кандай түрүнөн пайда алуу ыкмалары, пайда, киреше алуу үчүн кылынган аракет; 2) коммерция,соода.

БИРИККЕН АРАБ ЭМИРАТТАРЫ (БАЭ) - Араб жарым аралынын чыгыш бөлүгүндө, Перс жана Оман булуңунун жээгиндеги мамлекет. Буга келишимдик Омандын 7 княздыгы - Абу-Даби, Дубай, Шарджа, Умм-эль-Кайвайн, Аджман, Фуджайра жана Рас-эль-Хайма кирет. Аянты 86,3 миң

чарчы км., Калкы 350 миң, негизинен арабдар (90% дан көбү), мында перстер, белуждар да жашайт. Көпчүлүгү мусулман. Борбору -Абу-Даби шаары. Мамлекеттик тили-араб тили.

1892 ж. келишимге ылайык Улуу Британия бул территорияны өзүнө протекторат кылып, княздыктарды коргоо жана алардын тышкы саясатына кийлигишүү «жоопкерчилигин» өзүнө алган. Улуттук-боштондук кыймылдын өөрчүшүнөн улам, англиялык өкмөт «Сузцтен чыгышка карай» позициясын кайра карап чыгууга аргасыз болгон. Натыйжада Англия бул аймакта өз таасирин сактап калуу үчүн араб княздыктарынын федерациясын түзүү келишиминин долбоорун иштеп чыккан. Федерация 9 княздыктан (Бахрейн менен Катарды кошкондо) түзүлмөк эле. Бирок ал экөө кирүүдөн баш тартып, өздөрүн көз каранды эмес мамлекет деп жарыялашкан. Кичинекей 7 княздык биригип, 1971 ж.декабрда көз каранды эмес мамлекет деп жарыяланган.

БАЭда ак сөөктөр менен динчилердин бийлиги, княздыктарды башкарган шейхтин колунда. Саясий партияларга жана уюмдарга тыюу салынган. Маанилүү табигый байлыгы - мунай (нефть) (изилденген запасы 2 млрд.т. дан ашык). Айылдык райондордо оазистик дыйканчылык (курма,жүзүм ж.б.жемиш, жашылча, дан эгиндери, тамекичилик, пахтачылык) жана көчмөн мал чарбачылыгы (төө асыроо) өнүккөн. Айдоо жердин аянты өлкөнүн территориясынын 7%нан ашпайт. Айыл чарбасы калктын тамак-ашка муктаждыгын толук камсыз кыла албайт (жемиш, жашылча Иран менен Индиядан келет). Балык кармоочулук жана акак алуу өнүккөн. Өнөр жайынан чакан ишканалар (металл буюмдарын чыгаруу, жыгач иштетүү, тамеки фабрикасы ж.б.) жана кол өнөрчүлүк ишканалар (алтындан жана күмүштөн буюм жасоо, килем жана жүндөн кездеме токуу) бар.

БИРИККЕН УЛУТТАР – экинчи дүйнөлүк согуш (1939-45) мезгилинде антифашисттик коалицияга кирген жана 1945 ж. Бириккен Улуттар Уюмун (БУУ) түзгөн мамлекеттер.

БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ (БУУ) – тынчтыкты, коопсуздукту сактап жана бекемдөөнү, эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү максатында түзүлгөн эл аралык уюм. БУУнун Уставына Сан – Францисскодо болуп өткөн учредителдик* конференциянын катышуучу мамлекеттери 26 июнь 1945ж. кол коюшуп, ал 24 октябрда 1945ж. күчүнө кирген. БУУнун курамында дүйнөнүн 193 өлкөсү бар . Негизги органдары : БУУнун Генералдык Ассамблеясы, БУУнун Коопсуздук кеңеши, Экономикалык жана Социалдык кеңеши, БУ-Унун опека* боюнча кеңеши, Эларалык сот жана башында БУУнун генералдык секретары турган Секретариаты. БУУнун жана анын органдарынын официалдуу тилдери – англис, араб, испан, кытай, орус жана француз тилдери болуп эсептелет. Штаб – квартирасы Нью– Йорк шаарында жайгашкан. БУУнун негизги принциптери : бардык мүчөлөрүнүн суверендүү теңдиги, улуу державалардын бир пикирдүүлүгү, анын бардык мүчөлөрүнүн өз милдеттенмелерин айныбай аткарышы, эл аралык талаш-тартыш масе-

лелердин тынчтык жолу менен чечилиши. Уставдагы милдеттенмелерди таанып, так орундатууга милдеткер болгон, тынчтыкты каалаган өлкөлөр гана БУУга мүчө боло алат. БУУ согуштан кийин тынчтыкты сактоо жана мамлекеттер ортосундагы мамилелерди чыңдоо багытында бир топ дурус чечим кабыл алды. Бирок, БУУнун иш тажрыйбасы көрсөткөндөй, анын ишинде олуттуу кемчиликтер да орун алып келе жатат. Көбүнчө АКШ баштаган Батыш өлкөлөрү өз кызыкчылыктарын таңуулап койгон учурлар кездеше калып жүрөт.

БУУнун Генералдык Ассамблеясы (ГА) - анын негизги органдарынын бири. Ага БУУнун бардык мүчө-мамлекеттери кирет. БУУнун мүчөлөрүнүн кезектүү жалпы чогулушу ар жылы сентябрь айынын 3-шейшембисинде башталат, кезексизин шартка жараша Коопсуздук Кеңешинин же анын көпчүлүк мүчөлөрүнүн талабы боюнча Генералдык секретарь чакырат. БУУнун Уставына ылайык ГА мамлекеттердин саясий, экономикалык жана маданий жактан өз ара кызматташуу, эл аралык тынчтык, коопсуздук маселелерин карайт ; тынчтыкты сактоо боюнча жалпы принциптерди иштеп чыгат ; БУУга жаңы мүчөлөрдү кабыл алат ; Коопсуздук Кеңешинин убактылуу мүчөлөрүн, Эл аралык Соттун, Экономикалык жана социалдык Кеңештин мүчөлөрүн шайлайт ; бюджет карайт жана бекитет ; БУУнун Ген. секретарын дайындайт.

БУУнун Коопсуздук Кеңеши (КК) - БУУнун негизги органдарынын бири жана дайыма иштөөчү туруктуу органы. Анын негизги милдеттери : эл аралык тынчтыкты сактоо, талаш-тартыштарды чырсыз чечүүгө көмөктөшүү жана агрессиячыл аракеттерди басууга чара көрүү. Анын 15 мүчөсү бар : бешөө туруктуу (Россия,Кытай,АКШ,Улуу Британия,Франция), ону убактылуу. Аларды 2 жылга Ген.Ассамблея шайлайт. Убактылуу мүчөлөрдүн жарымы 2 жолу удаа шайлана алат. КК кабыл алган чечим БУУнун бардык мүчөлөрү үчүн милдеттүү. БУУнун Уставынын 27-беренесине ылайык ККтин бардык маселелер боюнча чечими, анын жок дегенде 9 мүчөсү добуш берсе, ошондо да туруктуу мүчөлөрдүн бири да каршы болбосо кабыл алынат. Анткени ККнин туруктуу иүчөсү айрым маселеге карата вето укугуна ээ.

БУУ нун желеги астында көптөгөн эл аралык институттар иш жүргүзүп келет. Алсак. Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму, Балдар кору, Дүйнөлүк банк, Эл аралык валюта кору, Бүткүл дүйнөлүк соода уюму, Эл аралык эмгек уюму, Мурдагы Югославия боюнча эл аралык трибунал ж.б. Азыркы күнү БУУ ну реформалоо боюнча сөздөр көбөйүп бара жатат.

БЛОК – биргелешип аракет кылуу максаты менен мамлекеттер, саясий партиялар же уюмдар ортосунда түзүлгөн келишим.

БЛОКАДА – 1) жолдорду кесип, тосуп, бир пунктту курчап алуу; 2)бир мамлекетти экономика жана саясий жагынан обочолонтуу максаты менен байланышты үзүү.

БОЙКОТ – айрым адамдар, уюм же мамлекет тарабынан өз ара мамилени токтотуп салуу, бул – саясий жана экономикалык күрөш жүргүзүүнүн бир ыгы.

БОРБОРДУК КЕЛИШИМ УЮМУ (СЕНТО) – АКШ жана Англиянын демилгеси менен 24-февраль 1955 жылы түзүлгөн саясий – аскердик блок. Ага жогоруда аталган Англиядан башка дагы – Туркия, Ирак, Пакистан жана Иран өлкөлөрү кирген. Бирок, 1959 ж. анын курамынан Ирак, ал эми 1979 ж. Иран менен Пакистан чыгып кеткендигине байланыштуу өз жашоосун токтоткон.

БРОКЕР (англ. - далдалчы, ортомчу, маклер, баа коюучу) - кардардын эсебинен жана анын тапшырмасы боюнча алыш-бериш иштерин аткаруучу. Товарлар менен баалуу кагаздарды сатып алуучулар менен сатуучулардын ортосунда далдалчы болуп, ошол кызматы үчүн белгилүү пайда таап, сыйлык алган ортомчу. Брокерлер белгилүү бир тармактар боюнча адистешип, ошол багыттагы баалар, түзүлгөн бүтүмдөр, ж.б. жөнүндө кеңири маалыматтарга ээ болуп турат. Кардарларды сатуучулар менен жолуктуруп, жакындаштыруу жана аларга макулдашып бир пикирге келишине жардам берүү брокердин негизги иш-кызматы катары эсептелет. Брокерди ким чакырса, анын акысын ошол жак төлөйт. Брокерде камдалган товар болбойт жана бүтүмдөрдү финансылоого катышпайт, эч кандай тобокелчиликке барбайт.

БУДДИЗМ – дүйнөлүк үч диндин (христиан, ислам) бирөө жана эң байыркысы. Б.з.ч.У!-У кк. Байыркы Индияда пайда болуп, өзүнүн негиздөөчүсү Будда (санскрит тилинде-көзү ачылган, көзү ачык деген мааниде) деген атка конгон Гуатаманын (Б.з.ч.623-544 жж) кийинки аты менен аталган. Будданын окуусуна ылайык жашоо бул кыйноо, жабырлануу, андан кутулуунун жолу өз каалоолорунан баш тартып. напсиңди тыйуу. Ал эми бул болсо таза, такыба жашаган адамдардын гана колунан келет. Такыба адам нирван абалына (эркиндик, тынчтык жана жыргалчылыктын кучагында болуу) өтүүгө даяр болот.

«БӨЛҮП - ЖАРЫП, БАШКАРА БЕР» («разделяй и властвуй») – Байыркы Римдин башкаруучулары жана кол башчылары, басып алган жаңа баш ийдирип алган элдерди кыңк эттирбей башкаруу үчүн колдонушкан эреже. Бул саясатты кийин Англия, Испания, Португалия, Нидерланддар ж.б. колониалдык державалар өздөрү ээлеп алган аймактарда өтө мыкаачылык менен колдонушкан. Азыркы шартта дагы бул принципти ири державалар өздөрүнүн таасирин башка өлкөлөр жана элдерге жайылтуу же сактап калуу үчүн кеңири пайдаланышат.

БРИГАДА – кургактагы аскерлерде бир нече батальондон (дивизиядан) же полктон жана атайын аскер бөлүктөрүнөн турган бирикме . Бригада : мото аткычтар, танкалык, артиллериялык жана башкалар болуп бөлүнөт. Аскер - Деңиз флотунда бригада бир класстагы кемелердин кошулмасы. Бригаданын өз алдынча же дивизиянын, корпустун курамына кирген түрү да болот.

БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК БАНК – 1945 ж.БУУ тарабынан түзүлгөн Эл аралык Кайра куруу жана Өнүктүрүү банкынын жалпыга белгилүү болуп калган аталышы. Бул банк БУУга мүчө өлкөлөргө - өндүрүшүн өнүктүрүү максатында, салынуучу капиталынын өлчөмүн көбөйтүүгө көмөк көрсөтүү, чет элден жеке инвестицияларды тартуу жана зарыл болгон учурларда өзүнүн корунун (фондунун) эсебинен карыз берүү аркылуу - алардын экономикалык өсүүсүнө жардам берүү максатында түзүлгөн. Банктын штаб-квартирасы АКШ нын борбору Вашингтондун Колумбия округунда жайгашкан.

БЮДЖЕТ – мамлекеттин, мекеменин, ишкананын же айрым адамдын кирешелерин жана чыгашаларын белгилүү бир мөөнөткө алдын ала эсептеп чыгуу.

БЮРОКРАТИЯ (фр. бюро, канцелярия +грек. бийлик,үстөмдүк,чогултулган мааниси–канцеляриянын үстөмдүгү) -1) иерархиялык белгиси боюнча түзүлгөн башкаруу системасы, анда башкаруу органдарынын иши мекеменин кызыкчылыгын канааттандырууга гана багытталып, коомдун кызыкчылыгы экинчи катарда калат. 2) төрөчүлүк, массадан обочолонуп мекеме аркылуу гана башкаруу системасы. Өз милдетине кайдыгер кароочулук; массанын таламдарын эске албоочулук. Иштин формалдык гана жагын карап, анын негизги мазмунуна көңүл бурбоо.

В

ВАЛЮТА (итал.арзыймын –1) кандайдыр бир өлкөнүн акча бирдиги жана анын тиби (алтын,күмүш,кагаз акча); 2) чет мамлекеттердин акча белгилери,ошондой эле чет элдик акча чени (вексель,чек ж.б.) менен туюнтулуучу жана эл аралык эсеп - кысапта жүрүүчү насыя (кредит) жана төлөө документтери. 19-кылымга чейин күмүш В. же биметаллизм кеңири таралган. Мында акчанын ролун 2 металл - алтын жана күмүш аткарган. 19-кылымдын башында Англияда,19-кылымдын 2-жарымынан башка капиталисттик өлкөлөрдө алтын В. жүрө баштаган. Туруктуу валюта – алтын же башка баалуу нерселер менен камсыз кылынган акча.

ВАЛЮТАЛЫК КУРС – ар өлкөнүн сатып алуу жөндөмдүүлүгү менен акча бирдигинин ортосундагы катышы. Сомдун валюталык курсу - башка өлкөнүн акча бирдигинде туюндурулган -сомдун баасы. Официалдуу валюталык курс - ошол мамлекеттин валюталык операцияларынын курсу боюнча ишке ашырылат.

ВАЛЮТАЛЫК РЕЗЕРВ – мамлекетке таандык акчалар, монеталар, чет өлкөлүк валюталар, ошондой эле чет өлкөлөрдүн банктарындагы ушул өлкөнүн акча каражаттары.

ВАРВАРЛАР - байыркы гректер менен римдиктер башка өлкөлөрдүн адамдарын ушинтип аташкан. Олдоксон, орой, маданиятсыз деген маанини түшүндүрөт.

ВАРШАВА КЕЛИШИМИ - бул 1955 жылы кол коюлган "Достук, өз ара кызматташуу жана жардамдашуу жөнүндөгү" келишимдин негизинде түзүлгөн саясий - аскердик блок. Бул уюмга мүчө болуп : Албания, Болгария, Венгрия, ГДР, Польша, Румыния, СССР жана Чехословакия өлкөлөрү киришкен. Адегенде 1962ж. Албания андан бөлүнүп чыгып кеткен. Ал эми 1991ж. бул блок жашоосун токтоткон.

ВАШИНГТОН КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1921-22) - 1-дүйнөлүк согуштан кийин Ыраакы Чыгышта империалисттик өлкөлөрдүн ордун аныктаган конференция. 1921ж. 12 ноябрдан 1922-ж. 6 февралга чейин Вашингтондо өткөн. В.к-на АКШ, Улуу Британия, Кытай, Япония, Франция, Италия, Нидерланд, Бельгия жана Португалия катышкан. В. к-да кабыл алынган документтер :**Төрт** державанын келишими (АКШ,Улуу Британия,Япония жана Франция). Ага 1921-ж.13 декабрда кол коюлган. Келишим Тынч океаны менен Ы.Чыгыштагы элдердин улуттук-боштондук кыймылына каршы империалисттик күчтөрдү бириктирүү максатын көздөгөн. **Беш** державанын келишими (АКШ,Улуу Британия,Япония,Франция жана Италия). Анда деңиз куралдуу күчтөрүн чектөө маселеси каралган. Келишимге 1922ж. 6 февралда кол коюлган. Келишим АКШнын пайдасына чечилип, калган державаларды (бөтөнчө Англия менен Японияны) мурдагы артыкчылыгынан ажыраткан. **Тогуз** державанын келишими (АКШ, Улуу Британия, Франция, Италия, Япония, Белгия, Нидерланд, Португалия жана Кытай). Келишимге катышкан өлкөлөр Кытайдын ички ишине кийлигишпей,соода-сатык жүргүзүү жагынан бирдей мүмкүнчүлүктөн пайдалануу макулдашкан. Бирок Кытай иш жүзүндө көз каранды, жарым колониалдык абалда кала берген. Келишимди АКШ өз атаандаштарын Кытайдан сүрүп чыгаруу үчүн пайдалануу аракет жасаган. В. к-нын чечимдери 1-дүйнөлүк согуштан кийин Тынч океан менен Ы.Чыгышта империалисттик мамлекеттердин колониалдык ээликтерин жана таасир чөйрөсүн кайрадан бөлүштүрүүнү аяктаткан.

ВЕКСЕЛЬ - белгилүү бир мөөнөткө белгиленген суммадагы акчаны төлөө жөнүндөгү кагаз жүзүндө берилген карыздык милдеттенме.

ВЕКСЕЛДИ ДИСКОНТИРОВКАЛОО (векселдердин эсеби) - алмашуу мөөнөтү башталганга чейин банктын векселдерди сатып алуусу. Векселдердин ээси алмашуу мөөнөтү башталганга чейин аларды банкка өткөрөт : банк пайызын кармап (эсептик ставкасын, дисконтун) калып, вексел боюнча милдеттенмедеги сумманы төлөп берет.

ВЕРФ – кемелер курулуучу жана оңдолуучу жай.

ВЕРСАЛЬ ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИ (1919) -биринчи дүйнөлүк согуш аяктаганда 1919-ж.28 июнда Версалда кол коюлган келишим. Ал согушта

жеңгендер (АКШ, Англия, Франция, Италия, Япония, Бельгия, Боливия, Бразилия, Куба, Экуадор, Греция, Гватемала, Гаити, Хижаз, Гондурас, Либерия, Никарагуа, Панамам, Перу, Польша, Португалия, Румыния, Сербия - Хорват - Словен мамлекети, Сиам, Чехословакия, Уругвай) жана согушта жеңилген Германия ортосунда түзүлгөн. Германиянын колонияларын Англия, Бельгия, Япония бөлүп алган. Версаль системасы жеңгендер менен жеңилгендер арасында каршылыктарды тереңдетип, жеңген өлкөлөрдүн ичиндеги күрөштү ого бетер күчөткөн. Версаль системасы 1921-22жж. Вашингтон конференциясынын чечимдери менен толукталган.Толук бойдон 1939ж. жоюлган.

ВЕТО – тыюу салуу.

ВЗВОД – бир нече (2-4) отделениеден, расчеттордон же экипаждардан турган аскер бөлүкчөсү. Ротанын (батареянын) курамына кирет.

Г

ГАВАНЬ – деңиздин жээгиндеги кемелер токтоп, жүк салып, жүк түшүрүү үчүн жасалган жай.

ГАНДИ МАХАТМА, Мохандас Карамчанд Ганди (02.10.1869-30.01.1948) - Индиядагы улуттук-боштондук кыймылдын лидери. Индуисттик салттарды катуу карманган үй-бүлөдө тарбияланган. Бомбейде жана Түштүк Африкада адвокат болуп кесиптенген. Ал жерде англичандар тарабынан аёсуз эзилген индустардын укугун коргогон адам катары белгилүү болгон. 1907ж. Ганди бийликке күч колдонбой каршылык көрсөтүү (баш ийбөө) -сатьяграху (чындык үчүн өжөрдүк) идеясын сунуштаган. 1908ж. Түштүк Африкада Гандинин жетекчилиги астында митингдер,иш таштоолор,британиялык товарлар менен мекемелерге бойкот жарыялоо кампаниялары өткөрүлгөн. Ганди камака алынып бирок,1914ж.ошол жерде жашаган индиялыктарды кемсинткен расисттик мыйзамдардын жоюлушуна жетишкен. 1915ж. Ганди Индияга келип,өз элинен Махатма- «ак жүрөк адам» деген атка татыктуу болгон. Бул жерде «Сатьяграха ашрам» деген руханий коом түзүп,ага мүчөлүкө «кол тийбестер» кастасынан чыккандарды кабыл алып , башка кастадагыларды таң калтырган. 1919ж. болуп өткөн Индиядагы жалпы улуттук кыймыл мезгилинде Ганди Индиялык Улуттук Конгресс (ИУК) партиясына мүчө болуп өтүп,тез эле анын лидерлеринин бирине айланган. 1919-1922 жж. өлкөдө улуттук баш ийбөө кампанияларын жетектеп камакка алынып,1922-1924 жж.абакта олтуруп,ошол жерде «Менин турмуш жолум»-деген эмгегин жазган. Анын негизги идеясы адамдардын бири-бирине карата күч колдонбоосу,анын максаты : адам-адамга дос,бири-бирине кол кабыш кылып жашаган коом куруу эле. Ал коомдо бийлик жергиликтүү коомдук башкаруу органдары болгон- панчаяттарга өткөрүлүп берилиши керек,алардын

өкүлдөрү аймактык саясатты,ал эми аймактын өкүлдөрү жалпы Индиялык саясатты жүргүзүүлөрү зарыл деп эсептеген. Ганди улуттук кездемелерди жасап чыгаруу кампаниясын баштап,анын артынан миллиондогон индиялыктар колдон токулган кездемелер менен оронгонго өтүшкөн. Индия көз карандысыз болгон күндөн баштап Ганди өлкөнүн эң таасирдүү моралдык авторитетине айланган. Анын далили,индустар менен мусулмандардын кагылышуусу башталганда Ганди ачкачылык жарыялагандыктан бул кан төгүү токтотулганын айта кетсек болот. Ганди 1948 ж. 30 январда диний фанат тарабынан өлтүрүлгөн.

ГАНДИЗМ - Индиянын көз каранды эместиги үчүн күрөшүп жаткан мезгилде пайда болуп, өзүнүн негиздөөчүсү Мохандас Карамчанд Гандинин атын алып жүргөн социалдык-саясий жана диний-философиялык теория,илим. Гандизм өзүнө камтыган негизги принциптер - бул : өлкөнүн көз карандысыздыгына тынчтык,күч колдонбоо аркылуу жетишүү, коомдогу кастарлык бөлүнүүгө каршы күрөшүү, азаттык жолунда индиялыктарды динине, улутуна жана кастасына карабай бириктирүү эле. Г. философиясындагы идея - кудай бар экендигин далилдөө,аны акыйкат менен бир катар коюу. Гандинин пикиринче, акыйкат деген гносеологияга караганда диний-этикалык категорияга жакын. Ага жетүү үчүн адам моралдык жактан өсүп, акыйкатты өзүнөн табууга аракет кылууга тийиш. Ганди акыйкатты абсолюттуу жана салыштырмалуу деп экиге бөлөт : **биринчиси-** «түбөлүк принцип» (кудай), **экинчиси-** адамдын аң-сезиминде гана жашаган нерселер. Акыйкаттын идеалисттик көз караштан түшүндүрүлүшү Гандинин көз карашында релятивизм менен скептицизм элементтеринин бар болушунан келип чыккан. Г.реалдуулуктун ички каршылыгын жана мыйзам ченемин танып,метафизикалык позицияда турат. Анын этикасы жандууга зыян келтирбөө керек деген ахимса идеясына негизделип, мээримдүү жана боорукер болууга чакырган жайнизм жоболорун камтыйт. Г-де «мээрим мыйзамы» моралдык күчкө айланып,»жапа чегүү мыйзамы» менен толукталат. Г. билип туруп азап чегүүнү,ар дайым жан кыйууга даяр болууну ахимса идеясын жактоочулардан талап кылат.

Г.коомдук-саясий проблемаларды моралдык көз караштан баалоого көп көңүл бурган. Ганди иштеп чыккан улуттук-боштондук кыймылдын тактикасы- сатьяграханын (чындыкка өжөрдүк менен жетүү) негизги принциби- күч колдонбоо; анын ою боюнча Индияны Англиянын үстөмдүгүнөн бошотуп, өзүн-өзү башкарышы (сварадж) күч колдонулбаган чаралар менен гана ишке ашырылышы керек. Күрөштүн күч колдонбогон жолу ар кандай маселелерди чечүүнүн универсал куралы. Бирок, Япония Индияны басып алууга аракеттенгенде Ганди бул жобону бузуп, ага сокку берүү үчүн куралдуу күч пайдалануу керектигин талап кылган. Ганди инди коомунун бардык таптары таптык кызматташтыкта болгондо гана «сатьяграха» иш жүзүнө ашырылат деп ойлогон. Ал «опека» теориясын жактап, капиталисттердин жумушчуларга, помещиктердин дыйкандарга жардам берип турушуна чакырган. Ганди буржуазиянын идеологу болгондуктан, коомду кайра түзүүгө

үндөгөн эмес. Гандинин этикалык көз карашы жакырчылыкка боорукерлик менен карап, коомдогу прогресс адамдын өсүп жаткан муктаждыгын камсыз кылуу менен эмес, аны ыктыярдуу түрдө чектөө аркылуу ишке ашырылышы керек деген тыянакка алып келген. Азыркы Индиянын идеялык-саясий турмушунда Г-дин доктринасы кеңири колдонулуп жатат.

ГАНДИ ИНДИРА (1917-1984) - кыз кезинде Индира Приядаршани Неру 1917ж. 19 ноябрда Аллахабад шаарында Жавахарлал менен Камала Нерунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Атасы 28 жаштагы кесипкөй саясатчы, Индия Улуттук Конгресс (ИУК) партиясынын жигердүү мүчөсү. Индира Гандинин ата-энеси чоң үй-бүлөдө жашаган, анын башында чоң ата, чоң энеси Мотилал Неру менен Сваруп Рани, ошол эле үйдө Жавахарлалдын эже-карындаштары Виджаялакшми Пандит менен Кришна дагы чогуу турушкан. Бул үй-бүлө кашмирлик брахмандардан чыккан.

1934ж. Индира Ганди Шантиникетан шаарындагы Рабиндранат Тагор негиздеген университетке тапшырып, бир жарым жылдан кийин апасынын оорусуна байланыштуу окуусун таштоого мажбур болот. Университеттин окутуучуларына жөнөткөн катында (өзү саясий ишмердигине байланыштуу түрмөдө отурган) Ж. Неру, үй-бүлө мүчөлөрү (атасы,өзү,аялы,эжеси ж.б.)коомдук саясий иштер менен көп алек болушкандыктан кызынын билим алуусу аксап калгандыгын, ошондуктан окутуучулар Индиранын ошол өксүгүн, кулк-мүнөзүн эске алууларын өтүнгөн.

1935ж. Индира апасы Камала менен Германияга жөнөйт. Ал жерден апасы дарылоо курсун өтмөк. Алар менен чогуу, Лондондогу экономика мектебине окуу үчүн бул үй-бүлө менен жылуу мамиледе болуп калган Фероз Ганди дагы сапар тарткан. Апасы 1936ж. дүйнөдөн кайткандан кийин Индира 1937ж. Оксфорд университетине окууга тапшырып, ал жердин климаты жакпай калгандыгына байланыштуу, бул окуу жайында дагы толук билим албай калган. Күн тартибинде Фероз Ганди менен баш кошуу маселеси көтөрүлүп, бирок, чоң кыйынчылыктарды жараткан. Себеби жогоруда айтылгандай Нерулар жогорку брахмандардын кастасынан чыгып, башка касталардын өкүлдөрү менен нике кыйууга болбойт эле, ал эми Фероз Ганди улуту перс, зороастризм дининдеги адам эле. Бул татаал маселе Махатма Гандинин кийлигишүүсү менен араң жөнгө салынып,1942 ж. үйлөүү тою болуп, Индира күйөөсүнүн фамилиясын алган. Алар эки уулдуу болушкан: 1944 ж. Раджив,1946 ж. Санджай төрөлгөн.

Индия көз карандысыздыгына ээ болгондо Жавахарлал анын премьер-министри кызматына отургандыктан, Индиранын жашоосу андан бетер саясий-коомдук турмуш менен чырмалышкан. 1955ж. Индира, атасы жана башка белгилүү ишмерлер менен бирге Конгресстин Жумушчу комитетинин мүчөлүгүнө шайланып, ага жаштар жана аялдар менен иш жүргүзүү милдети тагылган. Бир жылдан кийин ал партиянын Аллахабаддагы президенти, бара-бара атасынын ишенимдүү адамына айлана баштаган.

1960ж. Гандилердин үй-бүлөсүндө оор жоготуу болгон. Адегенде Индира бир бөйрөгүн алдырып, ошол эле жылы Фероз Ганди жүрөк оорудан

көз жумат. Бирок эркн күчтүү Индира мөгдүрөп калбастан бир жылдан кийин саясатка кайтып келип, атасынын тапшырмасы менен Африканын - Кения,Уганда,Танзания өлкөлөрүнүн жетекчилери менен сүйлөшүп кайтат. 1961ж. ноябрда атасын АКШга коштоп барып, президент Д.Кеннеди менен жолугушат. 1962 жылдан Ж.Неру катуу ооруга чалдыгып, 1964ж. кайтыш болгондо, ордуна Лал Бахадур Шастри дайындалган. 1965ж. Индия менен Пакистандын ортосунда куралдуу кагылышуу болуп, БУУнун кийлигишүүсү менен жаңжал токтотулган. Кийинки жылдын башында Ташкент шаарында СССРдин ортомчулугу менен согушкан тараптар тынчтык келишимине кол коюшат. Ошол жерден Л.Б.Шастри жүрөк оорудан көз жумган. Премьер-министрлик кызматка 48-жаштагы И.Ганди жана консерваторлордун лидери 71-жаштагы Морарджи Десаи талапкер болушуп,169 добуш каршы болуп, 355 добуш менен Конгресс Индира Гандини шайлаган. И.Ганди атасынын : демократия жана секуляризм, өз күчүнө таянуу саясатын уланткан. Бул саясатты алга жылдыруунун куралы болуп аралаш менчик концепциясы ойногон. Ал башкарган мезгилде Индияда ачарчылык жоюлган, өнөр жай өнүктүрүлүп, агрардык реформа (чектелген формада) ишке ашырылган. Тышкы саясатта 1971ж. СССР менен «Тынчтык,достук жана өз ара жардамдашуу» жөнүндөгү келишимге кол коюлуп, Пакистан менен болгон кезектеги согушта жеңишке жетишкен, ошонун аркасында 1971ж. Чыгыш Пакистанда өз алдынча Бангладеш мамлекети түзүлгөн.1974ж. Индия өзүнүн өзөктүк(ядролук) куралын сыноодон өткөргөн.

70-жылдардын орто ченинен өлкөдө саясий абал курчуп, И.Гандиге каршы чабуул күчөгөн. Ага анын кичүү уулу Санджай сунуштаган Индияны өнүктүрүү программасы дагы себеп болгон. Ал программага ылайык өлкөдө балдардын төрөлүшүн чектөө багытында жүз миңдеген эркектер стерилизациядан өткөрүлүп, тартип орнотуу максатында миңдеген адамдар шаардан кыштактарга көчүрүлгөн. Жыйынтыгында 1977ж. шайлоодо И.Ганди жеңилип , ал аз келгенсип 1980ж. уулу Санджайдын авиа кырсыктан каза болушу дагы оор сокку болгон. Бирок 1978-1984 жылдары И.Ганди кайрадан шайлоодон жеңип бийликте турган. 1984ж. 31 октябрда өзүнүн жан сакчысы, улуту сикхинин колунан өлтүрүлгөн.

Анын ордун уулу Раджив Ганди баскан.

ГАНДИ РАДЖИВ (20.08.1944 - 21.05.1991) - индиялык саясий ишмер,1984 - 1989 жж.өлкөнүн премьер-министри,Индира Гандинин уулу. Индира Ганди өлтүрүлгөндөн кийин Индиянын улуттук конгресс (ИУК) партиясы Радживди өзүнүн лидери кылып шайлаган. Өзү профессионал учкуч,кайраттуу бирок,саясатта тажрыйбасы жетишсиз эле. Ал башкарган жылдары жакырчылык менен коррупция сакталып калган,ошол эле мезгилде экономиканы бюрократиялык көзөмөлдөн куткаруу жаатында кайра куруулар башталган. 1989ж. Ганди шайлоолордо жеңилип калган. 1991ж. митинг учурунда анын жанына тамилдерди боштондукка чыгаруу кыймылынын мүчөсү болгон аял келип,өзү курчанган бомбаны жардырып жиберген

ГАРМОНИЯ – бири-бирине төп келгендик, туура келгендик, өз ара ылайыкталынышы.

ГАСТРОБАЙТЕР – КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы жумушчу күчүнүн мыйзамсыз кыймылын түзгөн адамдардын тобу. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде жумушчу күчү болгон - аскер туткундарын, жумушчуларды - гастробайтерлер деп аташкан. М.: азыркы учурда Россияда, Казакстанда ар түрдүү жумуштар (курулуш,айыл чарбасында ж.б.) менен алек болгон Кыргызстандыктар дагы ушул түшүнүккө кирет.

ГЕГЕМОН – кандайдыр бир иште жетекчилик ролго ээ болуучу.

ГЕНЕРАЛДЫК – башкы, улуу, жалпы, негизги.

ГЕНОЦИД (гр. уруу, урук + лат. өлтүрөм) - калктын айрым тобун расалык, улуттук же диний кыйкым менен кырган, адамзатка каршы оор кылмыштын бири. Г. кылмышы бийликти «жогорку» раса жүргүзүүгө тийиш деген фашисттик теория менен да ажырагыс байланышта.

ГЕОГРАФИЯЛЫК АЧЫЛЫШТАР - гоегр. жаңы объектини же геогр. мыйзам ченемдикти табуу. Географиянын өсүп-өнүгүшү үчүн Г.а.чоң роль ойногон. Өткөн социалдык-экономикалык доорлор мезгилинде Г.а-дын ролу бирдей болгон эмес жана мазмуну да өзгөрүп турган. Географиянын өнүгүшүнүн алгачкы убакыттарында геогр. табылгалар көбүнчө табияттын жаңы объектилерин ачууга байланыштуу болгон. Географиянын илим катары өсүшү менен территориялык ачылыштарга караганда геогр.мыйзаи ченемдиктерди аныктоого, геогр. кубулуштардын маңызын жана алардын бири-бирине болгон байланыштарын терең билүүгө түртку берүүчү табылгалар өзгөчө мааниге ээ болгон. Г.а. коомдун өнүгүшүнө тыгыз байланыштуу. Алгачкы геогр. түшүнүктөр жана жергиликтүү Г.а. адам коомунун жаралышынан тартып башталган. Биринчи элементардык жергиликтүү геогр. табылгалар алгачкы адамдардын жашаган чөйрөсүнөн же коңшу жерлерден алыс кеткен эмес. Коомдун, маданияттын өсүшү менен геогр. көз караштар кеңейип, байыркы элдерде калк жашаган дүйнө, андан соң Жердин шар формасында экендиги жөнүндөгү биринчи ил. түшүнүктөр пайда боло баштаган (мис.,байыркы гректердин «ойкуменасы»). Кул ээлик жана феодалдык коомдун мезгилдеринде,өзгөчө өндүрүүнүн капит. жолуна өтүүгө байланыштуу элдердин ортосундагы катнаштар күчөп, геогр. түшүнүктөр кескин кеңейет. Кургактагы жана деңиздеги саякаттардын негизинде бүт Жер жөнүндө ил.түшүнүктөр түзүлөт, экспедициялар тапкан жаңы жерлердин орду аныкталып, дүйнөлүк картага түшүрүлөт. Капит. коомдогу территориялык ачылыштар жаңы жерлерди басып алууга, колониячыл өлкөлөрдүн эрегишине жана колониялык империялардын түзүлүшүнө байланышат.

Акыркы мезгилдерде жаңы техниканын (авиация, космостук учуучу аппараттар, жерде жүрүүчү ар кандай машиналар ж.б.), татаал ил.приборлордун (фототеодолит, эхолот, сейсмограф ж.б.) кеңири колдонулушу жер бетинин түзүлүшүн, ал гана эмес муздуу материк - Антарктида-

нын табиятын ар тараптан терең үйрөнүүгө, океандардагы кеңири абиссаль өрөөндөрдү, терең чуңкурдуктарды, суу астындагы ортолук кырка тоолорду ж.б. табууга, ондогон, жүздөгөн жаңы орогидрографиялык объектилерди картага түшүрүүгө мүмкүндүк берди. Геогр.илимдерге таандык болгон мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачыш, алардын ар биринин изилдөө объектилерине, өзгөчөлүгүнө, өсүш деңгээлине байланыштуу.

Географиянын тарыхындагы өтө маанилүү территориялык ачуулар (кашаанын ичинде экспедиция уюштурган өлкө жана анын жетекчиси же катышуучулар)

Б.з.ч.6-к. Карфагенден Жер Ортолук деңиз, Батыш Африканы бойлоп, Атлантика океаны боюнча (Карфаген, Ганнон) саякат.

Б.з.ч.4-к. Массалиядан Гибралтар кысыгы аркылуу Түн.Атлантикага саякат(Греция, Пифей).

Б.з.ч.330-325. Иран бөксө тоолору аркылуу О.Азияга жана Индияга жортуул (Македония, Александр).

Б.з.ч.133-126 Кытайдан Тарим д-сынын алабына жана О.Азияга саякат (Кытай, Чжан Цянь).

10-к. Нормандардын Гренландия жана Түн.Америкага саякаттары (Норвегия, Бьярни Херюльфеон ж.б.).

1271-95 Жер Ортолук деңиз, Кавказ, Памир аркылуу Чыгыш Кытайга саякат (Италия, Марко Поло).

1325-52 Батыш, Түн..жана Чыгыш Африка, Аравия, Волга бою, О.Азия, Индия жана Кытайга саякат (Марокко, Ибн-Баттута).

1492-1503. Атлантика океанынан өтүп, Вест-Индия а-дарын, Борб. Американы (Америка материгин) ачуу Испания, Х.Колумб).

1497-98. Африканы айланып, Европадан Индияга океан аркылуу 1-жолу жетүү (Португалия, Васко да Гама).

1498-1502. Түш.Америкага саякат (Испания. Португалия; Америго Веспуччи).

1519-22. Жер шарын 1-айланып чыгуу деңиз саякаты (Испания; Ф.Магеллан,С.Элькано).

1733-43. 11 - Камчаткалык (Улуу Түндүк) экспедиция. Бир нече ири (академиялык жана деңиздик) отряддардан турган (Россия). Академиялык отряддар Түш., Батыш жана Чыгыш Сибирди (Г.Миллер, И.Гимелин), Камчатканы (1737-41ж., С.Крашенинников) изилдешкен; деңиздик отряддар Евразия материгинин түн. жээктерин жана аларга жакын райондорду (Архангельскиден Колыма д-нын чатына чейин), Анадырь д-нын алабын изилдеп, картага түшүрүшкөн (1734-42ж., С.Малыгин, Д.Овцын, В.Прончищев, Х.жана Д.Лаптевдер, С.Челюскин ж.б.); 1741-ж., Түн. Американын түн.-батыш жээктерин жана тынч океандын түндүгүндөгү бир катар аралдарды ачуу (В.Беринг, А.Чириков).

1768-79. Жер шарын үч жолу айланып чыгуу деңиз саякаты, ил. изилдөөлөр, бир катар аралдарды,кысыктарды ж.б.ачуу, картага түшүрүү (Улуу Британия; Ж.Кук).

1799-1804. Түш.Американын түн.бөлүгүн, Мексика тоолорун изилдөө (Германия, Франция; А.Гумбольдт, Э.Бонплан).

1819-21.Дүйнөнү айланып чыгуу деңиз саякаты. Антарктида материгин ачуу (Россия, Ф.Беллинсгаузен, М.Лазарев).

1849-56, 1858-64, 1866-73. Түш.-Чыгыш Африканы (Замбези д-сын, Улуу Африка көлдөрүн, Чыгыш Африка жээктерин) ж.б.изилдөө (Улуу Британия, Д.Ливингстон).

1870-85. Борб. Азиялык төрт жолку экспедиция. Монголия, Кытай, Тибет, Таримдин алабын жана Жунгариянын тоолорун, чөлдөрүн изилдөө, картага түшүрүү, жаратылышын, калкын мүнөздөө (Россия, Н.Пржевальский).

1893-96. Түн. Муз океаны боюнча экспедициялык кеменин биринчи жолу калкып (дрейф) жүрүп, изилдөөлөр жүргүзүшү. Борб.Арктиканын терең деңиз алабы экендигин аныктоо (Норвегия, Ф.Нансен).

1909.Түндүк уюлга жетүү (АКШ, Р.Пири).

1911-12.Түштүк уюлга жетүү (1911. Норвегия, Р.Амундсен; 1911-12. Улуу Британия, Р.Скотт).

1950-70. Дүйнөлүк океанды эл аралык ил.программа боюнча системалуу изилдөө (АКШ, СССР ж.б. өлкөлөр).

1957-58. Эл аралык геогр. жыл. Бирдиктүү ил. программа менен Арктика, Антарктида, Дүйн.океан ж. б-ды комплекстүү изилдөө, маанилүү Г.а-ды (АКШ, СССР ж.б. өлкөлөр) жасоо.

1965-74. Антарктиданы эл аралык экспедициялар тарабынан комплекстүү түрдө такай изилдөө.

ГЕОГРАФИЯЛЫК УЛУУ АЧЫЛЫШТАР - 15-к-дын ортосунан 17-к-дын жарымына чейин европ.саякатчылар жасаган геогр.ири ачылыштарды белгилөө үчүн адабияттарда (көбүнчө тарых адабияттарында) шарттуу кабыл алынган термин. Европа өлкөлөрүндө товар өндүрүшүнүн өсүшү, алтын, күмүш ж.б.кымбат металлдардын жетишсиздиги, жаңы жерлерди жана Азия мамлекеттери менен түз соода жолдорун табуу муктаждыгы геогр.экспедицияларды жөнөтүүгө себеп болгон. Океандарда жүрүүгө ылайыктуу жел кемелердин (каравеллалардын) жасалышы, компастын, карталардын өркүндөтүлүшү, жер шар түрүндө деген пикирдин улам көбүрөөк ыпасталышы ж.б-лар дагы Г.у.а-га чоң түртку болгон.

Жогоруда аталган мезгилдин биринчи жүз жылдыгында португалиялыктар (Д.Кан, Б.Диаш ж.б.) Африканын батыш жана түш. жээктерин изилдешкен. 1492-94 ж. Х.Колумб -Багам, Чоң жана Кичи Антиль а-дарын; Васко да Гама 1497-98-ж. Индияга баруучу суу жолун ачкан; Колумб, А.Охеда, А.Веспуччи ж.б.испаниялык, португалиялык деңиз саякатчылары 1489-1502-ж. Түш.Американын түн. жээктерин, Борб.Американын Кариб деңизи жак бойлорун табышкан. 1513-25-ж. испандар Тынч океанга чыгып, Түш. Американын Атлантика бойлорун изилдешкен. 1519-22-ж. Ф.Магеллан шериктери менен Жер шарын 1-жолу айланып чыккан. 1526-52-ж. испандар Түш.Американын чыгыш жээктерин ачышкан.

Г.у.а. бүткүл дүйнөлүк тарыхий маанилүү окуя болгон. Алардын натыйжасында адам жашаган кургактыктардын (Американын түн.-батыш, Австралиянын чыгыш жээктеринен башка) контурлары аныкталып, жер бетинин көпчүлүгү изилденген.

Г.у,а, социалдык-экономикалык жактан да чоң мааниге ээ болгон. Ал сооданын дүйнөлүк масштабда жүргүзүлүшүн, Батыш Европа өлкөлөрүндө капит.мамилелердин пайда болушун шарттаган. Г.у.а-дан кийин түзүлгөн колониалдык система капиталдын алгачкы топтолушуна өбөлгө түзгөн.

ГЕОСАЯСАТ (геополитика) - коомдук турмуштагы жана мамлекеттик саясаттагы (негизинен тышкы саясат) географиялык факторлорду (өлкөнүн территориалдык абалы,табигый байлыктары,климаты ж.б.) эске алуучу саясий концепция.

ГЕТТО – этникалык белгисине ылайык жашоо аймактары.

ГЛОБАЛДАШТЫРУУ – ааламдаштыруу, дүйнө элдерине жайылтуу, бириктирүү. Дүйнө элдеринин бири-бирине байланышынын күчөшү, дүйнөлүк процесстердин адам турмушуна таасиринин жогорулашы. Бул процесс Улуу географиялык ачылыштар мезгилинен эле башталган. Планетадагы адамдардын турмушу башка өлкөлөрдө болуп жаткан өзгөрүүлөргө, өзүндө болуп жаткан саясий окуяларга баш ийгендей эле байланыштуу болуп калат. Интернет мисалга, маалыматтык глобалдашууга алып келди, ал өз кезегинде экономиканын глобалдашуусуна таянат. Глобалдуу рынок жер шарындагы эмгектин бөлүнүшүнө алып келди. Товарлардын агымына жана глобалдуу маалымат системасына байланышкан «дүйнөлүк фабрика» жаралгандай болду. Азыркы мезгилдеги бир дагы коом өз алдынча башкалардан обочолонуп жашай албайт,себеби,андай болгондо экономикалык байланыштардын чынжыры үзүлүп калышы мүмкүн. Ошол эле мезгилде глобалдуу рынок менен «дүйнөлүк фабрика» системасы өтө эле туруксуз. Алардын өнүгүүсүндөгү кичинекей эле силкинүү дүйнөлүк деңгээлдеги кризистерди жаратууга кудуреттүү. Маалыматтык глобалдаштыруунун жакшы жагына- маданияттын бири-бирин толуктап туруусу, технологиялык жетишкендиктердин тез таралышы, дүйнөлүк проблемаларды (м.,экологиялык) тез арада чечүү мүмкүнчүлүгүн кошууга болот. Глобалдаштыруунун терс жактары антиглобалдык кыймылдын каршылыгын жаратууда.

ГОМИНИДДЕР-АВСТРАЛОПИТЕК - адамдын эң байыркы жана аң сезими начар өнүккөн түрү. Анын бою кичине болжол менен 120см.,салмагы 22кг. жакын келген, мээсинин көлөмү кичине (адам кейпиндеги маймылдыкына жакын) келип, жаактары чоң, каштын үстүндөгү оркоюп чыгып турган жаа түрүндөгү сөөктөрү, жантайып өскөн маңдайы болгон. Эзги жок бирок, таңдайы менен тиштеринин түзүлүшү маймылга караганда адамдыкына окшошуп кеткен. Австралопитек эки буту менен басып, колдору менен эң жөнөкөй куралдарды жасай баштаган. Алардын сөөктөрү Түштүк жана Чыгыш Африкадан табылып, жашаган доорун окумуштуулар мындан 2,5-4 млн жыл мурунку мезгил деп болжолдошкон.

ГОМИНИДДЕР-МАЙМЫЛ КЕЙПИНДЕГИ АДАМ (питекантроп) - өлүп жок болгон адамдын түрү. Мындан 500 миң жыл мурда жашап, бою 1,5 м.ден чоңураак, түз баскан, чекеси жапыз, каштын үстүндө оркоюп чыгып турган жаа түрүндөгү сөөгү бар, ээги жок болгон. Мээсинин көлөмү (900-1200 куб. см.) келип, австралопитек менен неандерталь адамынын мээсинин орточо өлчөмүнө туура келген. Питекантроптор жасаган кескичтер табылып, алардын жашоосунда от менен тааныштыгы болгондугу далилденген. Сөөк калдыктары Азия, Европа жана Африкадан табылган.

ГОМИНИДДЕР-НЕАНДЕРТАЛЬ АДАМЫ - сөөк калдыктары Европа, Азия жана Африкадан табылган. Жашаган мезгили мындан 200-35 миң жыл мурункуга туура келет. Анын ээги болгон эмес, чеке сөөгү жапыз, каш үстүндөгү жаа түрүндөгү оркогой сөөгү болгон. Мээсинин көлөмү азыркы адамдардын мээсинин көлөмүнө жакын келип, чакмак таштардан эмгек куралдарын жасай алган. Алардын мүрзөсүнөн табылган ар кандай буюм калдыктары, алардагы диний ишенимдердин болгондугунан кабар берет. Кээ бир адистер неандерталь адамын адамдын өзгөчө түрү десе, башкалары аларды Homo Sapiens тин атасы деп эсептешет.

ГОМИНИДДЕР-АКЫЛ ЭСТҮҮ АДАМ (Homo Sapiens) - жердеги тирүү организмдердин эң жогорку баскычы, коомдук-тарыхий ишмердиктин жана маданияттын субъекти. Анын башка жан-жаныбарлардан айырмачылыгы-эмгек куралдарын жасап чыгаруу жөндөмдүүлүгү, аларды курчап турган чөйрөгө таасир этүү максатында колдоно билүүсү. Азыркы түспөлдөгү адам мындан 40 миң жыл мурун, а кээ бир маалыматтар боюнча андан дагы мурдараак пайда болгон. Анын пайда болуусу, адам болуп калыптануу процесси ар кандай талкууларды жаратып келет.

ГОМИНДАН (улуттук партия) - 1912ж. негизделген Кытайдагы саясий партия. Өлкөнү бириктирүү үчүн күрөштө бирдиктүү фронт түзүү саясатын жарыя кылып, советтик аскер кеңешчилеринин жардамы менен мыкты революциялык аскер түзүүгө жетишкен. 1927ж. өлкөнү башкаруучу партияга айланган жана коммунисттерден башка, өлкөдөгү бардык саясий күчтөр тарабынан таанылган Кытай өкмөтүн түзгөн. Кийинки жылдары өлкөдө тынчтык жолу менен саясий биримдик чыңалып, экономикада жеке ишкердик акырындап өнүгө баштаган. 1949ж. кытай коммунисттери менен гоминдан аскерлеринин ортосундагы кармашта Гоминдан өкмөтү жеңилип калган. Гоминдан лидерлери Тайвань аралына качып кетүүгө мажбур болушуп, ошол жерде континентте баштаган кайра курууларын аягына чыгарып ,капиталисттик жол менен ылдам өнүгүүгө жетишишкен.

ГОНКОНГ (Сянган) - Кытайдын түштүк-чыгыш жээгинде, Гуандун провинциясына жакын жайгашкан мурунку Британияга көз каранды территория. Аянты 1 071 чарчы км., калкынын саны 5.900.000 адам (1990); расмий тилдери: кытай жана англис. Бул территорияга 200дой аралдар жана материктеги Сицзян дарыясынын чыгыш жагындагы бөлүгү кирет; алардын ичинде

Кытай 1842ж. Нанкин келишими боюнча Британияга өткөрүп берген Сянган аралы, Пекин конвенциясы боюнча 1860ж. өткөрүлүп берилген Коулун жарым аралы жана 1898 жылдагы келишимге ылайык 99 жылга ижарага берилген жаңы территориялар бар эле. Климаты тропикалык, сентябрдан март айына чейин кургак, күнөстүү мезгил өкүм сүрүп турат. Гонконг эң чоң деңиз порту, маанилүү финансылык жана өнөр жай борбору. Текстилди, электрониканы, оюнчуктарды экспорттоп жана реэкспорттук товарларды жөнөтүп турат. Британия жана Кытай өкмөттөрүнүн ортосунда 1984ж. кол коюлган келишим боюнча Гонконг 1-июль 1997ж. баштап кайрадан Кытайдын карамагына өткөн. Ошол күндөн баштап Гонконг КЭРдин Өзгөчө административдик району деген статусун алган.

ГОСПИТАЛЬ – аскер адамдарынын ооруканасы.

ГУАНСИ-ЧЖУАН АВТОНОМ РАЙОНУ – Кытайдын түштүгүндө Вьетнам менен чектеш тоолуу район; аянты 220.400 чарчы км., калкы 39.460.000 адам (1986); административдик борбору Наньнин шаары. 1958ж. Кытайда жашаган улуттук азчылыктардын эң чоңу болгон чжуандарга автоном районунун статусу берилген. Негизги иштеп чыгарган товарларына жыгач, кызыл карагай чайыры, жыгач майы, калай, көмүр, күрүч, кант камышы жана мөмө жемиштери кирет.

Д

ДАЛАЙ-ЛАМА (монг. деңиз, даанышман+лама) - Тибеттеги 16-кылымдан берки лама чиркөөсүнүн жогорку дин башчысынын наамы; диний башкаруучу жана динчилер сыйынган ,адам түспөлүндөгү «тирүү кудай». Ламаизмдин догмалык принциби боюнча Д.-л. өлбөйт. Анын жаны өзү өлгөндө жаңы төрөлгөн балага «көчөт». Мына ушул догманын негизинде ал мурунку Д.-л. өлгөн учурга тушма-туш төрөлгөн тибеттик балдардан шайланган. Шайлоо атайын салт боюнча өткөрүлөт. Д.-л.феодалдардын,динчилердин мүдөөсүн көздөгөн. Акыркы (он төртүнчү) Д.-л. Лозон-дантзен-жамцо-нгванг (1935-ж.т.) адегенде КЭРдин өкмөтү менен кызматташып турган. 1959ж. маочулардын шовинисттик саясатына каршы Тибет эли көтөрүлүш чыгарганда, акыркы Д.-л.жеңилген көтөрүлүшчүлөрдүн бир тобу менен Индияга чыгып кеткен.

ДАЛЯНЬ, Дальний, Дайрен - Кытайдагы Ляонин провинциясындагы шаар, ири порт. Сары деңиздин жээгинде. Балык кармоочу база. Металл иштетүү, машина жана кеме куруу, химия, текстиль, тамак-аш ө.ж.ишканалары иштейт. Политех.,мед. ин-ттары ж.б. жог.окуу жайлары бар. 1898-жылкы конвенция боюнча Россия Циннива посёлкасын Кытайдан убактылуу ижарага алып,т анын ордуна Дальний шаарын негиздеген.1904-05-ж.орус-япон согушунда Япония басып алган.1945-ж.22-23 августта Сов.Армия бошоткон.

1950-ж.14 февралда СССР менен КЭР ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде Д. КЭРге акысыз өткөрүлүп берилген.

ДАОСИЗМ (жол) - Кытайда таркаган диндердин (конфуцианство жана буддизм) жана диний-философиялык окуулардын бирөө. Б.з.ч. У!к. пайда болгон. Негиздөөчүсү Лао-цзы. Даосизм окуусуна ылайык адамдын турмуш жолу Табигаттын жолу менен бирге. Дао-жашоонун негизи,ал кудайга дагы,адамга дагы баш ийбейт. Демек адам жашоонун табигый жол менен өтүшүнө баш ийиш керек.

ДАЦЗЫБАО (кыт. чоң иероглифтер менен жазылган гезит) - XX к.50-70 жж. Кытайда дубал беттерине жабыштырылгын колдон жазылган баракчалар жана плакаттар.

ДЕБЕТ - карыз.

ДЕБИТ - сатуу, чыгым.

ДЕБИТОР - бересе, карыздар.

ДЕВАЛЬВАЦИЯ (нем.баасынын төмөндөөсү) – акчанын расмий курсунун, баасынын төмөн түшүшү.

ДЕГРАДАЦИЯ – төмөндөө, начарлай баштоо.

ДЕКЛАРАЦИЯ - 1) жарыя кылуу, салтанаттуу жарыялоо; 2) кандайдыр бир маалыматты камтыган кээ бир документтердин аталышы. М: бажы декларациясы.

ДЕКОЛОНИЗАЦИЯ – көз карандысыздыгын берүү процесси (жараяны).

ДЕЛИМИТАЦИЯ (лат. чек араны аныктоо) - мамлекеттик чек ара сызыгын аныктоо,аны тактап жазуу жана келишимдин шарттарына ылайык картага түшүрүү.

ДЕМАГОГИЯ - өзүнүн арам ойлуу максатына жетүү үчүн коомдун артта калган бөлүгүнүн аң-сезимине апыртмалуу сөздөр менен таасир этип, алардын көңүлүн өзүнө бурууга жасалган аракет.

ДЕМАРКАЦИЯ (фр..чек коюу, ажыратуу) -чектеш мамлекеттердин ортосундагы келишимдин негизинде мамл.чек араларды аныктоо жана өзгөчө чек ара белгилери менен бѐлгилөө.

ДЕМАРКАЦИЯ ЧЕГИ - 1) согуш ишинде-согушкан мамлекеттер тынчтык келишими же макулдашуу жолу менен туруктуу чек ара коюуну чечкенге чейинки убактылуу элдешүү учурундагы алардын аскерлерин бөлүп туруучу чек; 2) жеңилген мамлекеттин аймагындагы басып алынган жерге салынган чек;3) коңшу мамлекеттер талашкан аймакка убактылуу коюлган чек Д.ч. согушкандардын ортосунда өзгөчө макулдашуу жолу менен аныкталат.

ДЕМИЛИТАРИЗАЦИЯ (де...жана лат. аскер) - эл аралык укукта: 1) куралсыздандыруу; 2) белгилүү аймакта, мамлекетте аскердик чептерди сактоого, куралдуу күчтөрдү кармоого, согуш базаларын курууга тыюу салуу. Д. толук жана жарым-жартылай болуп бөлүнөт.Т о л у к Д-да мурдагы согуш базалары толук жок кылынып,жаңылары курулбайт. Ж а р ы м-ж а р т ы л а й Д-да жаңы согуш базаларын курууга, келишимде көрсөтүлгөндөн ашык аскер күчтөрүн кармоого тыюу салынат.

ДЭН СЯОПИН (1904-1997) - 1904 ж.22 августта Сычуан провинциясындагы Пайфан кыштагында жер ээси болгон турмушу тың үй-бүлөдө туулган.1920 ж. чейин Цунцин шаарындагы мыкты деген мектептен билим алып,Францияга окуусун улантууга кеткен. Парижде Кытай Компартиясынын европалык бөлүмүнө мүчө болуп кирген. Ошол жерде Чжоу Энлай менен чогуу жашап, пикирлешип достошкон. 1926 ж. Москвада Сунь Ятсен атындагы университетте билим алып, кийинки жылы мекенине кайтып келген. 1927ж .жумушчу-дыйкандардын кызыл аскеринин саясий комиссары, 1934-35 жж. кытай аскеринин, япондук баскынчыларга каршы, өлкөнүн түндүк-батышына болгон Улуу жортуулунун жигердүү катышуучусу.1937-45 жж.Дэн Сяопин 8-талаа аскеринин 129-дивизиясынын саясий комиссары, 1945 ж. ККП БК нын мүчөсү-ал 41 жашта эле.

Мао Цзедун аны ички жана тышкы саясатка байланыштуу Кытайдын татаал маселелерин чечүүгө жөндөмдүү, келечектүү кадр катары эсептеген. Ошондуктан Дэн Сяопин 1952-54жж. КЭРдин Мамлекеттик Административдик кеңешинин төрагасына орун басар,1955ж. ККП БК нын Саясий бюросунун мүчөсү,1956-67 жж.ККП БК нын Генералдык катчысы. «Улуу пролетардык маданий революция» жылдары репрессияга чалдыгып, бардык ээлеген кызматтарынан четтетилген. Дэн Сяопин 1973ж.акталып, 1980жылга чейин КЭРдин өкмөт башчысынын орун басары, Саясий бюронун мүчөлүк ордуна кайрадан шайланып,1983 ж.КЭРдин Борбордук Аскердик кеңешинин төрагасы болуп калат.

Дэн Сяопинди кытайдагы реформалардын «архитектору», төрт багыттагы : өнөр жайды, айыл чарбасын, илимий-техникалык жана аскерди модернизациялоо планынын демилгечиси деп эсептешет. Тышкы саясатта, ал бардык талаш маселелерди тынчтык жол менен чечүү багытын карманган. Дэн Сяопин 1997 ж. о дүйнөгө сапар тарткан.

Кытай элинин сыймыгы,тагдыр чечээр көсөмү катары Дэн Сяопиндин идеяларына жана ишмердигине туура баа берүү өтө маанилүү. Анын адамзат алдындагы зор салымы катарында кытай элинин ички проблемаларын ойдогудай чечип, ал проблемалардын кытайдын сыртына толкуп чыгып кетишине жол бербегендигинде. Мына ошентип ,ал Азияда тынчтыкты камсыз кылууга ченемсиз зор салым кошкон. Кытайда ушул Дэн Сяопиндин руху сакталып турган мезгилде Азияда тынчтык жана туруктуулук сакталып кала берет деп ишенимдүү айтса болот.

Анын кепили, кытайдагы Дэн Сяопиндин демилгеси менен жолго салынган жана ошонун аркасында өлкөдөгү жогорку бийликтеги биринин жолун бири улоочулукту камсыз кылган коомдук - саясий инфраструктураны

айтууга болот. Турмуш өзү Дэн Сяопинге көп сабак болду, анткени , ал эки жолу - 62 жана 72 жаш курагында зордук менен бийлик сересинен төмөн жакка кулатылып түшүрүлгөн. Бирок, өлкөдө түзүлгөн кырдаал эң катаал авторитардык жетекчи эсептелген Мао Цзедунду эки жолу тең Дэн Сяопиндин жардамына кайрылууга аргасыз кылган. 1976ж. Мао өлгөндөн кийин гана «кичинекей Дэн» эң жогорку кытай жетекчисинин тактысынан орун алды. Турмуш сабагы бекер кетпей,1989ж. Дэн Сяопин өзү ээлеген акыркы, болгондо дагы ал адамга өмүр бою берилгендей болгон кызматын- Борбордук аскердик кеңештин төрагалыгын - өзүнүн жолун жолдоочусу - Цзян Цзэминге өткөрүп берген.

Дагы бир таң калыштуусу 80 жаштагы көзү ачык Дэн Сяопин өзүнүн бийлигин шакиртине өткөрүп берип жатып, анын кийинки ордун басуучу, кытайдын жетекчисин, эки конституциялык мөөнөттөн кийин б.а. 2003ж. колуна алуучу адам- Ху Цзиньтаону дагы аныктап кеткендигинде. Эмне үчүн Кытайдагы жогорку бийликтеги орун алмашуулар ушунчалык маанилүү? Анткени, миңдеген жылдар бою императордук династиялар башкарып келген өлкө, !!!-миң жылдыктын башталышында дүйнө жүзүнө батыштын демократиясынан алда канча жогорку деңгээлдеги демократияны, демократиянын үлгүсүн көрсөтүп койду. Бул сый-урмат дагы Дэн Сяопинге, анын көрөгөчтүгүнө багышталмакчы.

ДЕНОНСАЦИЯ (фр.билдирүү,токтотуу) – эл аралык укукта эки тараптын биринин келишимде көрсөтүлгөн шартты орундатуудан баш тартуусу. Д-дан кийин келишим күчүн жоготот. Д.укугу жана шарты ошол келишимдин өзүндө көрсөтүлөт.

ДЕПАРТАМЕНТ -1) Франциядагы административдик - территориялык бөлүкчө; 2) падышачылык Россияда жана кээ бир чет өлкөлөрдө - кандайдыр бир жогорку административдик (мис.,министрлик) же сот мекемеси; 3) АКШда - тышкы иштер министрлиги.

ДЕПОЗИТТЕР - шертпул, төгүм, күрөө, сактоого коюлган буюм. Ишканаларга, уюмдарга, жарандарга тиешелүү банктарда ж.б. мекемелерде убактылуу сакталган акча каражаттары жана баалуу кагаздар. Депозиттердин негизги түрлөрүнө банктарга жана аманат кассаларына белгилүү бир мөөнөткө же талап кылганга чейин сакталуучу салымдар кирет. Мекемелердин, ишканалардын, жарандардын депозиттери банктардын акча ресурстарынын негизги булагы болуп саналат да, ошолордун эсебинен кардарларга ссудалар берилет. Депозиттер боюнча банктар салым салуучуларга тиешелүү өлчөмү боюнча пайыздарын төлөп берет. Депозиттер боюнча пайыздык ставкалар өлкөнүн мамлекеттик (улуттук) банкы тарабынан белгиленет.

ДЕПРЕССИЯ - чарбанын,коомдук турмуштун төмөндөшү,кедерине кеткендик.

ДЕРЖАВА – эң күчтүү мамлекет.

ДЕСАНТ - деңиз же аба жолу менен алып келип душмандын территориясына түшүрүлгөн аскер.

ДЕСПОТИЯ (гр. чексиз бийлик) - монархтын эч кандай мыйзам менен чектелбеген бийлигине негизделген мамлекеттик түзүлүш жана башкаруу системасы. Анда сурак жүргүзгөндөр (падыша, король, хан ж.б.) чексиз укукка ээ болгон. Байыркы Чыгыш мамлекеттери (Ассирия, Вавилония, Египет, Индия, Иран, Кытай ж.б.) Д-га үлгү боло алат. Анткени аларда жерди ээлөө жана башкару укугу борбордошкон мамлекеттик бийликтин колуна топтолгон. Багдад халифаты (8-9к.), Индиядагы Улуу Моголдор бийлиги (16-17 к.), Осмон империясы (14-16 к.) феод. Д.болгон.

ДЕ-ФАКТО (лат.сөзмө-сөз, иш жүзүндө) - эл аралык укукта бир мамлекетти же өкмөттү экинчи мамлекеттин таануусунун бир түрү. Бул официалдуу,бирок толук эмес таанууну билдирет. Де-ф. таануусу убактылуу, б.а.- де-юре таануусу алдындагы өткөөл этап.

ДЕФИЦИТ - тартыш, жетишсиздик, зыян, кирешеден чыгашанын ашып кетиши.

ДЕЦЕНТРАЛИЗАЦИЯ – борбордук органдардын кээ бир функцияларын жергиликтүү органдарга берүүгө негизделген башкаруу системасы.

ДЕ-ЮРЕ (лат. укук боюнча) - жаңы түзүлгөн мамлекеттин же өкмөттүн эл аралык мамилелерде катнашуусун башка мамлекеттин (эл аралык укукта) толук таанышы. Де-юре жолу менен таанылган мамлекет, эл аралык мамилелерде толук укукка ээ болуп, мамлекет ортосунда дипл., экон., соода жана маданий байланыштарды түзөт, мамлекет ортосунда атайын өкүлдөр алмашылат.

ДИАЛЕКТ – бир тилдин ичиндеги жергиликтүү айырма.

ДИАСПОРА – элдин, этникалык топтун олуттуу бир бөлүгүнүн өз мекенинен тышкаркы аймактарда жашоосу (аймактарга таркап кетиши).

ДИВИДЕНТТЕР (лат. бөлүштүрүүгө жатуучу) - акционерлердин өздөрүндөгү акциялардын өлчөмүнө жараша акционердик коомдун тапкан таза пайдасынын жалпы суммасынын бир бөлүгүн ич ара бөлүштүрүү.

ДИВИЗИЯ (лат. - ажыратуу, бөлүү) - ар кандай мамлекеттерде кургактагы аскерлердин, аскердик-аба күчтөрүнүн жана аскердик-деңиз флотунун тактикалык бирикмеси. Дивизиянын мото аткычтар (мото, жөө аскер), артиллериялык, зениттик, танкалык (броня,танктык), авиациялык, аба десанттык ж.б. түрлөрү болот. Полктордон (бригада же бригадалык топтор), ошондой эле ар кандай аскер түрлөрүнүн атайын аскер полктору менен батальондорунан түзүлөт.

ДИЛЕР (англ. сатуучу, соодагер) - товарларды, баалуу кагаздарды, валюталарды сатып алуу жана сатуу бүтүмдөрүн жасаганда ортомчулук иштер-

ди жүзөгө ашыруучу юридикалык жана жеке жак. Брокерлерден айырмасы, алар адатта өздөрүнүн атынан жана жеке эсебинен иш жүргүзөт. Дилер брокердик фирмалардын, инвестициялык банктардын, камсыздандыруучу компаниялардын кызматкерлери болуп саналбайт. Алар атайын даярдыктардан, сыноолордон өтүп, лицензия алууга тийиш.

ДИНАСТИЯ – башкаруучулук атасынан баласына өтүп бийлеп келген монархтардын катары.

ДИПЛОМАТ (фр. баракча, документ) – чет мамлекет менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп туруу үчүн өкмөт тарабынан атайын жиберилген адам; башка адам менен мамиле кылууда эптүү, айлакер, чебер киши.

ДИПЛОМАТИЯЛЫК – эл аралык саясат жаатында өкмөттүн жүргүзгөн иши (амалдуулук, эптүүлүк);

ДИПЛОМАТИЯЛЫК ӨКҮЛЧҮЛҮК - мамлекеттин чет өлкөлөр менен катнаш органы. Аны элчи (посольстводо), посланник же ишке ишенимдүү киши (миссияда) башкарат. Д.ө.эки мамлекеттин ортосундагы дипл.катнаштар боюнча өз ара келишими менен уюштурулат. Д.ө-түн милдеттери : турган жеринде өз мамлекетинин, анын жарандарынын кызыкчылыгын коргоо, өзү турган мамлекеттин өз мамлекети менен жакшы мамиледе болуусун камсыз кылуу, ал элдин тарыхы, саясий турмушу жана болуп жаткан окуялар жөнүндө мыйзамдуу жол менен өз өкмөтүнө кабарлап туруу. Д.ө. дипл.катнаш үзүлгөндө токтолот.

ДИРЕКТИВА – жогорку органдар төмөндө турган органдарга, жетекчилер өзүнө баш ийгендерге бере турган буюрма, жетекчилик көрсөтмө.

ДИСКРИМИНАЦИЯ - укугун жоюу; укугун басуу; укук бербөө.

ДИССИДЕНТ – мамлекеттик динге, идеологияга макул эместер.

ДИСТРИБЮТОР - бөлүштүргүч.

ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯ – ажыратуу, тарамдоо, ажырымдоо, татаал нерсени жөнөкөй элементтерге ажыратуу.

ДОГМА – сын көз менен тажрыйбада сынабастан, жөн эле ишенип алган далилсиз жобо.

ДОКТРИНА – илим, философиялык же саясий теория, система.

ДОМИНИОН – Британия империясынын курамында туруп, англиянын королун өлкө башчысы катары тааныган мамлекет. Доминион статусун кээ бир мурда англиянын колониясы болгон өлкөлөр алып келишкен. 1947ж. Улуу Британиялык « Ынтымактык» түзүлгөндөн кийин деле, ага кошулган мурунку доминион өлкөлөр англиянын монархын өзүнүн өлкө башчысы катары тааныпкеле жатышат.

ДОНОР - 1) оору кишиге куйдуруу үчүн өзүнүн канын берүүчү адам; 2) каражат жактан жардам берүүчү тарап.

ДОТАЦИЯ – жетишпеген чыгымдарын жабуу же башка максаттар үчүн мекеме же уюмдарга берилүүчү мамлекеттик каражат.

ДУНГАНДАР - өздөрүн «лаохуэйхуэй» деп аташат. Хуэйцзу, хуэймин, хуэй - кытай тилинде «мусулман»дегенди туюнтат. Тунган, дунган - түрк тилдеринде «кытай адамы, кытай эли» дегенди түшүндүрөт. Кытай дунгандары Кыргызстандагы жана Казакстандагы дунгандар менен тектеш, бир калк. Бул дунгандар циндик кытайдын сүргүнүнөн улам баш паанек издеп келип калышкан. Негизинен КЭРдин Нинся-Хуэй автономиялуу районунда турушат. Ал жердеги калктын жалпы саны 8 млнго жакын. Дунгандар кытай тилинин түрдүү диалектилеринде сүйлөшөт, кытай иероглифин колдонушат. XX-к. 20ж. чейин Кытайдын бардык мусулман калктары «хуэй»деп аталышкан. Хуэйлер (дунгандар) .Дини - ислам. Этностук тарыхында кытайлар басымдуу орунга ээ.

ДҮЙНӨЛҮК БАНК - жалпыга маалым болгон дагы бир аты « Кайрадан түзүү жана өнүктүрүү эл аралык банкы». 1945ж. БУУ тарабынан түзүлгөн. Анын максаты өндүрүшкө жумшалган капиталдын көлөмүн көбөйтүү, ал үчүн чет элдик жеке инвестицияларды тартуу, зарыл болгон учурларда өзүнүн корунан насыя берүү аркылуу буга мүчө болгон өлкөлөрдүн экономикасынын өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү. Бул банктын штаб-квартирасы Вашингтон шаарында жайгашкан.

ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕР - дүйнөнүн түрдүү элдеринин арасында бир кыйла кеңири таралган үч дин - буддизм, христианчылык, ислам. Башка бардык диний ишенимдерден жана тайынуулардан айырмаланып дүйнөлүк диндерге төмөндөгү бергилер мүнөздүү : 1) негизги догматтык жоболорунун абстрактуулугунун жогору болушу; 2) негиз болуучу догматтарды түшүндүрүүнүн түрдүү варианттарынын мүмкүндүгү; 3) диндин аны тутунгандардын күндөлүк турмушу менен тыгыз байланышы, турмуш-тиричилик, адеп-ахлак маселелерине тийиштүү болушу; 4) таза, туура жүрүм-турум аркылуу жеке керт баштын амандыгына жетишем деп ойлогон динчилдер үчүн негизги догматикалык постулаттардын түшүнүктүү жана талашсыз болушу; 5) Кудай алдында бардык адамдардын формалдуу тең болушу, диний маселелерде сословиялык же улуттук артыкчылыктардын жоктугу. Буддизм б.з.ч.6-5 кк.жаралган, анын негиздөөчүсү деп индиялык принц Сиддхартха Гаутама эсептелет, Түштүк-Чыгыш жана Борбордук Азия өлкөлөрүндө таралган. Христианчылык ! к.башында Палестинада жаралган, ал эми !У к. Рим империясында үстөмдүк кылган динге айланган. Христиан динининнегиздери Библияда баяндалган. Ислам У!! к. Аравияда пайда болгон, анын негиздөөчүсү Мухаммед пайгамбар. Аны Аллах өз элчиси, пайгамбар кылып тандаган, исламдын ыйык китеби-Куран-и-Керим.

ДҮЙНӨЛҮК ЭКИ СОГУШ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР :

	Биринчи дүйнөлүк согуш (1914-1918)	Экинчи дүйнөлүк согуш (1939-1945)
Согуштун жалпы уланган күндөрү	1554	2194
Согушка катышкан өлкөлөрдүн саны	38	72
Бейтарап өлкөлөрдүн саны	17	6
Өзүнүн жеринде согуштук аракеттери жүргөн өлкөлөр	14	40
Согушка катышкан өлкөлөрдүн калкынын саны	1050 млн (дүйнө элинин 62%)	1700 млн (дүйнө элинин 80%)
Согушка чакырылган адамдардын саны	74млн.	110 млн.
Согушта курман болгондордун саны	10 млн.	60 млн

ДҮҢ КИРЕШЕ (Валовый доход) - ишкана, фирмалардын товарларды өндүрүү, сатуу жана кызмат көрсөтүүсүнүн жыйынтыгында алынган жалпы жылдык кирешесинин акчалай көрсөтүлүшү аркылуу эсептелет.

Е

ЕВРЕЙЛЕР- ЖӨӨТТӨР (өз аты иегудим, идн) - эл. Жалпы саны 13,62 млн адам (1992), анын 6 млн го жакыны АКШда, 4 млн Израилде, Россияда 551 миңи жашайт. Көпчүлүгү өзү мекендеген жердин тилинде сүйлөшөт. Бир бөлүгү иврит, идиш жана коңшу элдердин (испан, араб, перс ж.б.) этникалык модификацияланган тилдерде сүйлөшөт. Дини негизинен иудаизм. Жөөттөр диаспорасы ашкеназдар жана сефарддарга бөлүнөт.

ЕВРОПАЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК СОЮЗ, «ЖАЛПЫ РЫНОК» - курамына мыкты өнүккөн Европа өлкөлөрү (Франция, Германия, Италия, Белгия, Дания, Нидерландия, Люксембург, Улуу Британия, Ирландия, Греция, Испания, Португалия, Австрия, Швеция, Финляндия) кирген, Батыш өлкөлөрүн экономикалык жана саясий жактан интеграциялоо максатында, 1967ж. Европалык экономикалык топтун (Жалпы рынок), атом энергиясы боюнча Европалык топтун (Евпатом) жана көмүр жана болот өндүрүү боюнча Европалык биримдиктин кошулуусунан келип чыккан уюм. 1993ж. бул уюм Маастрихт келишиминин негизинде Европа Союзу болуп кайра түзүлгөн. Мунун башкы максаты төмөндөгүлөрдү камтыйт: уюмга катышкан өлкөлөрдүн ортосундагы соода-сатыкта бардык чектөөлөрдү бара-бара жок кылуу; үчүнчү бир өлкө менен соода-сатык жүргүзүүдө бажылык жалпы тарифтерди киргизүү;

транспорт жана айыл чарба тармагында жалпы саясатты иш жүзүнө ашыруу; валюталык союзду өркүндөтүү; салык системасын бир түргө келтирүү; экономикалык саясаттын макулдашылган башкы принциптерин карануу. Европалык экономикалык союздун жетекчи органдары (Европалык комиссия жана Министрлер Кеңеши) Брюсселде (Белгия) жайгашкан. «Жалпы рынок» Римде кол коюлган келишимге ылайык 1957 ж. түзүлгөн.

Евросоюзга мүчөлүккө өткөн өлкөлөрдүн ирээти :

1957 жылы - 6 өлкө - Бенилюкс өлкөлөрү (Бельгия, Нидерланды, Люксембург) жана Франция,Германия,Италия.

1973 жылы - 3 өлкө - Англия,Ирландия,Дания.

1981 жылы - 1 өлкө - Греция.

1986 жылы - 2 өлкө - Испания,Португалия.

1995 жылы - 3 өлкө - Финляндия,Австрия,Швеция.

2004 жылы - 10 өлкө - Венгрия, Польша, Чехия, Словакия, Словения, Латвия, Литва, Эстония, Мальта, Кипр.

2007 жылы - 2 өлкө - Болгария,Румыния.

Ж

ЖАВАХАРЛАЛ НЕРУ (1889-1964) - Индиянын көрүнүктүү саясий жана мамлекеттик ишмери, Индия Улуттук Конгресс (ИУК) партиясынын лидери. Аллахабад шаарында 14 ноябрда 1889ж. жарык дүйнөгө келген. Кашмирдик брахмандардын үй-бүлөсүнөн чыккан. Атасы Мотилал Неру адвокат, ИУК партиясынын реформачыл канатындагы белгилүү ишмер.

Жавахарлал 1905-12жж. Харроуда англиялык ак сөөктөрдүн мектебинен жана Кембриж университетинен билим алган, кесиби адвокат. 1912ж. ИУКтун мүчөсү, ал эми 1916жылдан Индиядагы улуттук-боштондук кыймылга жигердүү катыша баштайт. Партиянын башына Махатма Гандинин келиши (1919) менен Ж.Неру анын идеясын колдогон,эң жакын тагдырлашы болуп калган. 1921ж. антианглиялык үгүт иши үчүн биринчи жолу камалган, жалпысынан 10 жылдан ашык мезгилди абакта өткөргөн. Бир нече жолу (1929-1930,1936-1937,1946,1951-1954жж.) ИУК партиясынын төрагалыгына шайланган.1946ж. Индиянын Убактылуу өкмөтүнө вице-премьер болуп кирген (премьер-министрлик кызмат вице-королго таандык болгон).

1947ж. Индия көз карандысыздыгын өз колуна алгандан, көзү өткөнгө чейин Жавахарлал үзгүлтүксүз өлкөнүн премьер-министри жана тышкы иштер министри кызматтарын аркалап келген. Индиянын келечегин социализм менен байланыштырган, бирок Нерунун социализми «социалдык компромисстин» негизинде курулушу керек эле. Ж.Нерунун жетекчилиги астында Индиянын өкмөтү колониализмдин кесепеттеринен калган экономикалык жакырчылыкты жоюу багытында өтө маанилүү иш- чараларды жүзөгө ашырган. Өзү мерчемдөө (пландоо) комиссиясынын төрагасы болгондуктан Индиянын алгачкы 3 жолку беш жылдык пландарын иштеп чыгууга түздөн-түз катышкан.

Тышкы саясатта Ж.Неру согуштук блокторго кошулбоо жана ар башка коомдук түзүлүштө турган өлкөлөрдүн тынчтыкта жанаша жашоосун колдогон. Ушул багытта иштелип чыккан мамлекеттер аралык «панча шила» деген ат менен тынчтыкта жанаша жашоонун беш принцибин иштеп чыгууга жигердүү катышкан. Дүйнөлүк согуштук блокторго кошулбоо кыймылына негиз салган Азия жана Африка өлкөлөрүнүн Бандунг конференциясынын (1955 ж.) демилгечилеринен болгон. Советтер Со.зу менен жакшы мамиле карманган.1964 ж.27 майда Делиде 75 жаш курагында көз жумган.

ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШ - Азиянын батышы менен Африканын түн.-чыгышындагы территория : ЕАР, Судан, Израиль, Иордания, Сирия, Ливан, Турция, Ирак, Сауд Аравиясы, Йемен республикасы, Бириккен Араб Эмираттары, Катар, Оман, Бахрейн, Кипр мамлекеттери жайгашкан. Ж.Ч.чет өлкөлүк адабияттарда (көбүнчө англис тилиндеги) Иран жана Ооганистан менен кошо Ортоңку Чыгыш деп аталат.

ЖАШЫРУУН КЕЛИШИМДЕР - деген бул, өкмөттөр өз элинен жашырып түзгөн жана жарыяланбаган келишимдер. Октябрь революциясынан кийин 1917ж. кабыл алынган совет өкмөтүнүн биринчи Декретинде, «совет өкмөтү жашыруун дипломатияны жок кылат жана помещиктер менен капиталисттердин өкмөтү тарабынан 1917 жылдын февраль айынан 25 октябрына чейин кол коюлган жашыруун келишимдерди токтоосуз коомчулукка жарыя кылат»- деп айтылган. Ал гана турсун «орус помещиктери менен капиталисттеринин пайдасын жана артыкчылык укугун камсыз кылып, великоростордун басып алуучулук саясатын күчөткөн жана коргогон бул келишимдер өз күчүн жоготту»-деп жарыяланган.

1917ж. 10 ноябрынан «Правда» жана «Борбордук Аткаруу Комитетинин Известиясы» гезиттеринде жашыруун келишимдер жарыяланып турду. Ошол эле жылдын декабрынан 1918ж. февралына чейин Тышкы иштер Эл комиссариаты мурдагы Тышкы иштер Министрлигинин архивинен алынган Жашыруун документтердин жыйнагын басып чыгарган. Жашыруун документтердин жарыкка чыгарылышы Биринчи дүйнөлүк согушка катышкан жана бул согушту колдогондордун элге каршы жүргүзгөн империалисттик саясатынын бетин ачкан. Бардыгы болуп 100 дөн ашык келишимдер жана башка маанилүү документтер жарыяланган.

ЖУНГЛИ (фарсча жангел -токой) - бийик, катуу сабактуу дан өсүмдүктөрү кошо өскөн дарак жана бадалдуу токой. Лианалар менен чырмалышкан даректар жана жан өтө алгыс бадалдуу токойлор да Ж. деп аталат. Ж. Индиянын тропик же субтропиктик ным климаттуу жана саздуу жерлеринде, Ганг д-нын жээктеринде, Гималай тоолорунун этектеринде, Инди-Кытайда, Зонд а-нда бар. Анын мүнөздүү өсүмдүктөрү : сал, сиссу, акация, стеркулия, эң бийик өскөн бамбуктар; чөптөрдөн жапайы бал камыш жана пил камышы, эриантус ж.б.

З

ЗАГОВОР – башкарып турган бийликке каршы бир нече адамдын өз ара жашырын сөз бекитип аракеттенүүсү.

ЗАЁМ – мамлекет тарабынан чыгарылган, аны өз акчасына сатып алган адам ага сарпталган акчасын белгилүү мөөнөттөн кийин гана кайтарып ала турган баалуу кагаз.

ЗАЛОГ - күрөө.

ЗОРОАСТРИЗМ - байыркы коомдо жана орто кылымдын башында О.Азия, Иран, Ооганстан, Ж. жана О. Чыгыштагы бир катар өлкөдө, азыр Индиядагы перстер жана Ирандагы гебрлер арасында таралган дин. З-ди негиздөөчү деп эсептелген «пайгамбар» Зороастранын (ираңча Заратуштра) ысмы менен аталган. З. окуусу «Авеста» ыйык китебинде баяндалган. З-дин негизги белгиси - диний дуализм, карама-каршы коюлган эки башталма : ааламда эки кудай бар, бири мээримдүү Ахурамадза, экинчиси ырайымсыз Андхра-Майнью. Алар бири-бири менен дайыма күрөшөт. акыры мээримдүү кудай жеңип, бардык адамдарга бир тил таралып, мамлекетте жалпы башкаруу болот имиш дешет. З. Сасанилер тушунда мамл. динге айланган. Арабдар басып алгандан кийин 3-4-к-да З. Иранда жана ага коңшу өлкөлөрдө зор роль ойногон. Бирок кийин исламдын кеңири таралышынан улам З-ди жактоочулар Индияга ооп кеткен.

И

ИДЕАЛ – алга умтулуунун түпкү максаты, бир нерсенин эң жогорку болумдуу үлгүсү.

ИДЕОЛОГИЯ – тигил же бул топтун кызыкчылыгын көздөгөн саясий, укуктук, диний, адабий, философиялык ж.б. көз караштардын жыйындысы. Адамдардын турмуш чындыгына жана бири-бирине, социалдык маселелерге жана конфликтерге* болгон мамилелерин тастыктап же салмактап туруучу көз караштардын жана идеялардын системасы. Андан башка, идеологияда, жашап жаткан коомдук мамилелерди бышыктоого же өзгөртүүгө (өнүгүүгө) багытталган социалдык иш аракеттердин максаттары (программалары) дагы камтылат. Идеологиянын ичинде коомдогу таптардын, социалдык топтор жана катмарлардын абалы, алардын негизги жана башка кызыкчылыктары дагы чагылдырылат. Идеология : илимий жана илимге жат, чыныгы жана жалган, революциялык жана реакциялык, прогрессивдүү жана консервативдүү, либералдуу жана радикалдуу, интернационалдуу жана улутчул ж.б. болуп бөлүнөт. Идеология : саясий, укуктук, этикалык,* диний, эстетикалык жана философиялык көз караштарды туюндуруп турат. Коомдук илимдер өздөрү идеологиялык, көз караштык милдетти аткарышат.

ИДЕЯ - 1) негизги ой, заттар же кубулуштар жөнүндөгү жалпы түшүнүк; адамдын ой жүгүртүүсүнүн туундусу; 2) теориялык системанын негизин түзгөн, аныктоочу түшүнүк; 3) ой, пикир; 4) көркөм- адабий же илимий чыгармадагы негизги ой.

ИЕРОГЛИФ – 1) кандайдыр бир түшүнүк берүүчү фигуралуу белги; 2) кыйындык менен окулуучу жазма. Б.з.ч. !У к.колдонулган Египет жазуусунун образдуу сүрөт белгилери. Бардыгы болуп 5 миңге жакын ар түрдүү иероглиф белгилүү. Бирок ар бир доордо андай иероглифтердин 700-800 дөйү гана колдонулган. Иероглиф деп адатта байыркы жана азыркы кытай жазмасы, сүрөт түрүндөгү хетт жазмалары сыяктуу жазмалар аталат.

ИЕРУСАЛИМ - мусулмандар үчүн Мекке жана Мединадан кийинки үчүнчү ыйык шаар. Арабча аны Аль-Кудс (ыйык) шаар деп аташат. Расмий толук аталышы Аль-Кудс аш-Шариф («шариф»нурдуу, нуру төгүлгөн дегенди туюндурат).

Иерусалимдин орто бөлүгүндө төгөрөгү дубал менен курчалган «Эски шаар» орун алып, анын бир бурчунда арабдар аль-Харам аш-Шариф (нур төгүлгөн жана кол тийгис ыйык жай) деп аташкан Храмдар тоосу орун алган. Так ошол жерде уламыштарда айтылган Мухаммед пайгамбардын саякатына байланышкан, мусулмандар өтө ыйык туткан, эки мечит жайгашкан. Ислам дининде Аль-исра уа-ль мирадж (түнкү саякат жана асманга кайып болуп учуп кетүү) деген сүрөө негизги окуялардын топтомдорунун бирөө болуп эсептелет. Куранда, кудай бир жолу Мухаммед пайгамбарды түн ичинде айланасында береке төгүлгөн «алыскы бир мечитке»алып барып коёт. Мына ошол «алыстагы мечит» (аль-Масджид аль-Акса) мусулмандар ыйык тутуп сыйынган мечит болуп калган. Ал эми экинчи мечит Куббат-ас Сахра (асканын үстү, төбөсү) болсо Омардын мечити деп аталат. Уламыштарга караганда Мухаммед пайгамбар дал ушул аскага салынган мечиттен кудайга жолугуу үчүн асманга сапар тарткан. Уламышка ишенсек пайгамбардын артынан аска таш дагы асманга серпилип учууга камданган, бирок аны Жабраил периште токтотуп калган, анын алаканынын тагы азыр дагы аска ташта сакталуу.

Жогоруда айтылган аска орун алган Мориа тоосу иудейлердин дагы ыйык жайы болуп эсептелет. Иудейлик уламыштар боюнча так ошол ыйык тоодо Авраам (Ибрахим пайгамбар) уулу Исаакты (Исак же Исмаил) кудайдын амирине баш ийип курмандыкка чалгысы келген. Ошол жерде иудейлердин ыйык китеби Осуят (Завет, Ветхий Завет-атам замандагы осуят) сакталып турган, ошол эле жерде кийинчерээк Вавилондук баскынчылар кыйратып жок кылган Соломондун (Сулайман пайгамбар) храмы курулган. Андан дагы кызыгы, бир мезгилдерде римдиктер (Б.з.ч.!-к.) кыйратып салган Экинчи храмды курчап турган, бүгүн бир бөлүгү аман калган дубалдын Батыш жагы же Ыйлап сыйынуучу дубал дагы ошол жерден орун алган. Жер шарынын башка бөлүгүндө иудейлердин мындай ыйык жайы жок.

Акырында айта кете турган дагы бир маанилүү жагдай Иерусалим шаарында христиан динининэң ыйык эстеликтери сакталып турат. Алар : Ку-

дайдын (Иусус Христос) табыты жана кудайдын энесинин мүрзөсү коюлган чиркөө.

Мына ошентип, Иерусалим шаары жогоруда аталган үч диндин ыйык шаары болгондуктан,1947ж. Британиянын башкаруу мандаты аяктап, Палестинанын кийинки тагдырын чечип жаткан мезгилде БУУнун Генералдык Ассамблеясы бул шаарга өзгөчө статус -эл аралык көзөмөлдөгү шаар укугун ыйгарган. Тилеке каршы 1948-1949 жылдарда болуп өткөн биринчи араб-израил (Палестина) согушунда Иерусалим шаарын Израил менен Иордания бөлүп алышкан, болгондо дагы андагы Эски шаар арабдардын колунда калган. Эл аралык коомчулук мындай бөлүп алууну сынга алган жана аны тааныбай тургандыгын билдирген. 1967 жылдагы үчүнчү араб-израил согушунда Израил шаарды толук бойдон ээлеп алып, аны жөөттөрдүн мамлекетинин бөлүнгүс жана түбөлүктүү борбору деп жарыялаган. БУУ бул чечимди мыйзамсыз чечим деп эсептегенине карабастан, Израил ага баш ийбей келе жатат

Азыр (2001 ж.) Иерусалим шаарынын калкынын 633 миңин жөөттөр, ал эми 210 миң адамын палестиналык арабдар түзөт.

ИЗОЛЯЦИОНИЗМ – башкалардан бөлүнүп туруу, обочолонуу.

ИММИГРАЦИЯ (ЛАТ. кирип жашоо) - кандайдыр бир өлкөгө туруктуу жашоо максатында чет элдиктердин массалык түрдө көчүп келүүсү.

ИММУНИТЕТ (лат. кандайдыр бир нерседен бошонуу) - 1) организмдин инфекцияларды кабыл албоо (жугузуп албоо) жөндөмдүүлүгү; 2) чет элдик дипломатиялык өкүлдөрдүн аккредитация болгон өлкөдөгү өзгөчө укугу жана артыкчылыктары.

ИМПОРТ – чет өлкөдөн товарларды алып келүү.

ИНВЕНТАРЛАР - чарбанын, мекеменин, ишкананын, жеке адамдын буюмдары, мал-мүлктөрү.

ИНВЕСТИЦИЯЛАР - өндүрүштү, ишкердикти өнүктүрүү, пайданы же башка жыйынтыктуу натыйжаларды (мисалы, табигатты коргоо, социалдык ж.б.) алуу максатында бир өлкөнүн ичинде же бир нече өлкөнүн чегинде ар кандай тармактарга (ишканалар, программалар, айрым иш чаралар ж.б) каражаттарды (акчалай, материал түрүндө), интеллектуалдык байлыктарды узак мөөнөткө чегерүү.

Негизги инвестициялар төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт : **Финансылык** - баалуу кагаздардын салымдары, банктарга салынган капитал; **Чыныгы** - узак мөөнөттүк каражаттарды (капиталды) түздөн-түз өндүрүш каражаттарына жана керектелүүчү нерселерге салган каражат. Кийинки мезгилде интеллектуалдык инвестициялар кеңири таралып, алар патенттерди, лицензияларды, «ноу-хау» сатып алууну, адистерди даярдоону, илимий изилдөө жана тажрыйбалык - конструктордук иштерге кошкон салымдарды камтыйт.

ИНВЕСТОР – каражат салуучу адам,мамлекет.

ИНДЕКСАЦИЯ - инфляциянын деңгээлине жараша акча кирешелерине (эмгек акы, баалуу кагаздар, салымдар, ж.б.) түзөтүү киргизүү. Калкка сатылуучу товарлардын жана калкты тейлөө кызматынын баасынын өсүп кетишине байланыштуу калктын кирешелерине кайрадан эсептөө жүргүзүү - анын түпкү максаты болуп саналат.

ИНДИВИДУАЛИЗМ - 1) бир адамдын таламын, коомдун таламдарына каршы коючу көз караш; 2) коомдук кубулуштарды - элдин, массанын, таптардын аракетинин натыйжасы - деп эсептебестен. ал айрым адамдардын иш-аракетинин натыйжасы деп эсептөөчү түшүнүк.

ИНДИЯДАГЫ 1920-1930жж. УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛ - индия элинин британиялык колониалдык режимге каршы күрөшү. 1919ж. апрелинде Индия улуттук конгресс (ИУК) партиясынын жана мусулман уюмдарынын жетекчилери англичандарга каршы жалпы индиялык демонстрация уюштурушкан. Бийлик жүздөгөн адамдарды өлтүрүп, уруп-сабап, камакка алган. Бирок репрессия элдин кыжырдануусун күчөтүп, иш таштоо, демонстрациялардын жаңы толкунун жараткан. Бул кыймылдын башында Махатма Ганди турган. Ал британиялык колонизаторлорго каршы кыймылга катышуучуларды күч колдонбой күрөшүүгө чакырган. Тилеке каршы 1922ж. февралында индиялыктар менен англиялык полициялардын ортосунда кайрадан кагылышуулур болуп кеткен. Индиялыктардын алдында эки ача жолдун бирөөнү тандап алуу милдети турган : күч колдонбой күрөшүүдөн куралдуу көтөрүлүшкө өтүү же болбосо бул кампанияны токтотуу эле. Ганди , эгерде кан төгүүгө бара турган болсо, анда индия эли боштондукка чыгууга даяр эмес деп белгилеген. Ошентип англичандарга баш ийбөө кампаниясы токтотулган. Колонизаторлор камакка алууну улантып, Ганди өзү дагы түрмөгө түшкөн. Абактан чыккандан кийин Ганди индиялыктарды чет элдиктердин товарларын сатып алуудан баш тартып, өздөрү оронгон кездемени өздөрү токуп алууга үндөгөн. Бул акция колонизаторлорду чоң чыгымдарга дуушар кылмак. 1928ж. февралда өлкө боюнча жалпы иш таштоо жана демонстрациялар -хартал жарыяланган. Бул кыймыл айыл жерлерине дагы тарап, дыйкандар салык төлөөдөн баш тартышкан. Ганди өлкөнүн көз каранды эместигине жетишүүнү негизги багыт катары жарыялады. Колонизаторлор салыктын өлчөмүн азайтып, кездемелери өтпөй эбегейсиз чыгым тартышкан. Туз өндүрүүгө болгон англичандардын монополиясын токтотуу талабын аткаруудан бийлик баш тарткандан кийин, Ганди сатыяграхинин -бийликке баш ийбөөнүн жаңы кампаниясын жарыялаган. 1930ж. март-апрель айларында башында Ганди турган индиялыктардын болуп көрбөгөндөй чоң колоннасы 400 км жерди аралап өтүп, деңиз боюнда өздөрү туз өндүрүшкөн. Кийинки 1931ж. мартта кампания башталганда коюлган бардык талаптарды канааттандырган келишимге кол коюлган. Андан көп өтпөй, жергиликтүү бийлик органдарына шайлоолор өткөрүлүп,1936ж. Индиянын конституциясы кабыл алынган. Бирок, Индиянын толук көз карандысыздыгына жетишүү үчүн күрөш алдыда эле.

ИНДУСТРИАЛДЫК КООМ - ири, технологиясы өнүктүрүлгөн өнөр жайды (экономиканы алга жетелеп кете ала турган сектор катары), ошого ылайык-ташкан социалдык жана саясий тутумдарын түзүү аягына чыгарылган коом.

ИНДУСТРИЯЛАШТЫРУУ - өнөр жайдын өнүгүшү, ири машина техникасынын эл чарбасында колдонулушу; ири өнөр-жайды куруу жана өнүктүрүү, өзгөчө анын иштеп чыгаруу куралдарын жана каражаттарын жасап чыгаруучу тармактарын өнүктүрүү.

ИННОВАЦИЯ (фр. жаңылануу, өзгөрүү) - жаңылык киргизүү. Өнүгүүнүн мурдагы стадияларында болбогон, кийинки стадияларында пайда болуп, органикалык түрдө тутумга кирген этностун маданиятындагы жаңы кубулуштар. Маданий инновация ойлоп табуулар, жаңыдан киргизилген тартиптер формасында маданияттын өзүнүн ички өнүгүү процессинде же башка маданияттардын таасири менен болушу мүмкүн. Маданий инновациянын бир кыйла кеңири таралган түрү маданияттын өнүгүшүн стимулдаштырган башка маданият элементтерин өздөштүрүү болуп саналат. Маданий инновация 3 этаптан өтөт : 1) тандоо; 2) өзгөртүү; 3) интеграция. Бул этаптардан өткөндөн кийин маданияттагы жаңылык жаңы маданий чөйрөгө «кабыл алынат» жана салттуу элементке айланат.

ИНСТИТУЦИАЛДЫК - коомдук өз ара мамилелерди жөнгө салып туруучу уюмдар,түзүмдөр.

ИНТЕЛЛЕКТУАЛДУУ - акылга, кишинин ойлоо жөндөмдүүлүгүнө таандык.

ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ - кесиби акыл эмгеги болгон адамдардан турган коомдун социалдык катмары.

ИНТЕНСИВДҮҮ (лат.чымырканууу, күч менен, күч алуу, күч алдыруу) - М.:интенсивдүү эмгек -эң жогорку эмгек өндүрүмдүүлүктү берүү..

ИНТЕРВЕНЦИЯ - башка өлкөнүн жерин басып алуу, өз бийлигин орнотуу ж.б. максаттар менен башка экинчи бир өлкөнүн ички иштерине куралдуу күчтөрдү пайдаланып кийлигишүүсү.

ИНТРИГАН - чагымчыл.

ИНФЛЯЦИЯ (фр,лат. көөп чыгуу, көбөйүп чыгуу) - колдонуп жаткан кагаз акчалардын ыксыз көбөйүп, товардын абдан кымбаттап, акчанын баркынын кетиши. Жүгүртүүдө акчанын ашып кетиши бюджеттин жетишсиздигинен пайда болот. Бюджет кемчил учурда мамлекеттер тез өскөн чыгымын күндөлүк киреше менен толуктоого жетишпей калат да, кошумча акча чыгарууга аргасыз болот. Бул өзүнүн социалдык-экономикалык жактан терс таасир калтыруусу боюнча эң эле оор экономикалык көрүнүштөрдүн бири болуп саналат. Мунун түбү келип экономикалык кризиске кептейт да, чарба тармактарынын кан жүгүртүүсүн буулт. Карыз берүү пайдасыз боло баштайт. Себеби кредитор кайра өтө сатып алуу кудурети түшүп кеткен акча алып, көп жоготууга учурайт. Ири көпөстөр И. кесепетинен товар баасын

жогорулатуу, товарды чет мамлекетке сатуу, акча капиталын алтынга, кымбат баалуу буюмга ж.б. мамл. валютага айландыруу жолу менен кутулат. И-дан майда жана орто ишкана ээлеринин жакырдануусунан пайдаланып, ири буржуазиялар алардын ишканасын өтө арзан баада сатып алат. Демек, И. капиталдын топтолушуна жана борборлоштурулушуна түрткү берет.

ИНФРАСТРУКТУРА (лат. - төмөн, астында жана түзүлүш, жайгашуу) - тигил же бул өлкөнүн же аймактын тиричилик шарттарын камсыз кылып жана өндүрүштү тейлеп турган чарба комплекстеринин олуттуу бир тармагы. Экономиканын тармактарын өнүктүрүүдө инфраструктуранын маанилүү орду бар, анткени ишканалардын, мекемелердин, фермерлердин, жарандардын инфраструктурадан пайдалануусуна негизинен мамлекет кызмат кылып турат. Ага : автомагистралдар, көпүрөлөр, шаардык транспорт тутумдары, суу түтүктөрү жана канализация, аэропорттор, спорттук курулуштар, жашылдандыруу, калкты тейлөөчү ишканалар, байланыш, кампа чарбалары, ж.б.кирет. Айталык, фирмалар (компания, ишкана) үчүн мындай тейлөө иштерине байланышкан чарбачылыкты жүргүзүү өтө кымбатка турар эле, ошондуктан алар мамлекет же айрым бир адистешкен фирмалар тарабынан (суу менен камсыз кылуу, электр энергиясы, өндүрүш калдыктарын ташып чыгаруу, жүктөрдү ташуу, илимий изилдөө жана тажрыйбалык – конструктордук жумуштар финансалык- банктык тейлөөлөр) тейленип турат. Инфраструктура чөйрөсү мааниси, түпкү керектелиши жагынан **өндүрүштүк** жана **социалдык** (өндүрүштүк эмес) болуп эки топко бөлүнөт. **Өндүрүштүк** инфрастуктура транспортко тиешелүү курулуштарды, жасалгаларды (мисалы жолдор) жана өндүрүш чөйрөсүн тейлөө боюнча байланышты, кампа чарбачылыгын материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну, ошондой эле инженердик тармактардын тутуму, электрондук эсептөөчү борборлорду, башкаруунун автоматташтырылган тутумдарын, мунай куурларын ж.б. камтыйт; **социалдык** (өндүрүштүк эмес) инфраструктура болсо, саламаттыкты сактоо, билим берүү, турак-жай, коммуналдык чарба, калкты турмуш тиричилик жактан тейлөө, спорт, социалдык жактан камсыз кылуу ж.б. камтыйт. Инфраструктура экономика тармактарынын дурус өнүгүшүнө жана анын натыйжалуугун жогорулатууга, социалдык маселелердин туура чечилишине түздөн түз таасирин тийгизет.

ИПОТЕКА – *күрөө. Акчалай ссуда алуу максатында кыймылсыз мүлктү* (жерди, ишкананы, курулушту, имаратты, жер менен түздөн түз байланыштуу болгон башка обьектерди) күрөөгө коюу.

ИПОТЕКАЛЫК КРЕДИТ - ипотекалык, коммерциялык банктардын, камсыздандыруучу ж.б. кредиттик–финансылык мекемелердин кыймылсыз мүлктү (жерди, курулуштарды ж.б.) күрөөгө алып, кредит бериши. Айрым учурларда машиналарды жана жабдууларды күрөөгө алып, кредит берилиши мүмкүн.

ИРАН - ИРАК СОГУШУ 1980 - 1990 жж. - согуштун негизги себеби, эки тараптын тең мунайдын запасы көп Шатт-эль-Араб дарыясынын куймасына ээлик

кылуу аракети. Бул маселе боюнча тараптар 1975ж. келишим түзүшкөн, бирок 1979жылдагы революциядан кийин Иран, ирактык шейиттерди өзүнүн президенти Саддам Хусейнди тактан кулатууга үндөй баштаган. Буга жинденген Ирак, 1980ж. сентябрда Иранга кол салган. Хусейндин ою боюнча, революциядан чарчап, начарлаган ирандын аскери жеткиликтүү каршылык көрсөтө алмак эмес. Ошондуктан Ирандын мунай чыгарган негизги шаары Абадан камоого алынып, мунайды кайра иштетүүчү заводдор жана мунай өндүргөн ишканалары өрттөнгөн. Бул согушта Ирактын согуштук техникасы, ал эми Ирандын аскерлери сан жагынан жана каармандыгы боюнча үстөмдүккө жетишкен. Аятолла Хомейни өлкөдө жалпы мобилизациялоо жарыялап жиберип согушту узакка созууга жетишкен. Бирок Ирандын ресурстары азайып, эки тараптан 1 млндон ашык адам курман болгон. БУУнун жардамы менен гана 1988ж. согуш токтотулуп, тараптар 1975 жылдагы чек аралар жөнүндөгү келишим боюнча жашоого өтүшкөн.

ИСЛАМ - мусулманчылык- дүйнөлүк ири диндердин бири. Бул динди туткандардын саны 1,3 млрд.ашуун экендиги айтылат. Мусулмандар Жакынкы Чыгышта,Орто Чыгышта,Түштүк Азияда,Түндүк Африкада,Африкадагы араб жана башка өлкөлөрдө, Европа мамлекеттеринде, Индостан жарым аралында, Малайзияда жана Индонезияда жашашат. Мусулмандар Кытайда (уйгур,дунган ж.б.) да бар. Балкан өлкөлөрүндө,Чыгыш Европада жана Америкада да жолугат. Орто Азияда, Казакстан, Волга боюнда, Кавказда жашаган түрк элдери (чуваштардан башка), Дагестан менен Түндүк Кавказдагы калктар да исламды тутунушат. Исламды Хижазда (азыркы Сауди Аравиясы) Мухаммед пайгамбар негиздеген. Мусулмандар жамааты (умма) диний гана эмес, саясий да уюм болгон. Бул уюмга ислам динин талаптарын сөзсүз орундагандар баш кошкон. Умманын «ыйык» башчысы Мухаммед диний-философиялык окууну калк арасына тарагканда уруулук үрп-адатка басым жасабастан, өзү «Расул» (кудайдын жердеги өкүлү) катары таанышtырган. Ислам христиан дини менен иудаизмден да айрым идеяларды жана жоболорду кабыл алган. Исламды кабыл алышкан арабдар башка элдерге «ыйык согуш» (жихад) ачып, көптөгөн башка жерлерди басып алышып, мусулман империясын (Халифатты) негиздешип, башка калктарды ислам динине киргизишкен. Динге киргизүү көбүн эсе экономикалык ыкмалар менен ишке ашырылган. IX-X кылымдарда ислам философиясы теологияга (калам) жана диний укукка (шариятка) негизделген татаал диний системага айланган. Анын башкы принциптери ыйык китеп Куран-и-Керимде айтылган. Ыйык Куран-и Керим - жалпы мусулмандардын диний окуусунун негизги булагы. Бирок аны менен катар эле ,исламда Мухаммеддин осуят сөздөрүн жана кылган иштерин чагылдырган сунна да практикалык чоң ролго ээ болгон. Исламдын ички түзүлүшү Имандан (Исламдын чындыгына ишенүү) жана Динден (диний үрп-адат, адеп жөрөлгөлөрүнүн жыйындысы) турат. Имандын негизинде адам, Алладан башка кудайдын жоктугуна, Мухаммеддин пайгамбарлыгына, Курандын ыйыктыгына, кыяматтын жакындыгына ынанат. Динде шахадатты («Алладан башка кудай

жок,-Мухаммед анын элчиси») - деген келмени толук түшүнүп, жарыя айтуу, күндө беш ирет намаз окуу; рамазан айында орозо тутуу, милдеттүү түрдө салык (зекет) төлөө, өз ыктыяры менен кайыр-садака берүү; Мекеге ажыга баруу ж.б.диний милдеттер белгиленген. У!! к. ислам суннизм жана шиизм болуп эки агымга бөлүнсө, У!!! к. мистикалык суфизм агымы пайда болгон. Суверендүү Кыргызстанда ислам дини мамлекеттеги негизги дин экендиги таанылды. Бул жылдары жер-жерлерде жүздөгөн мечиттер, атайын сыйынуучу жайлар курулду. Медреселер,Ислам институту, университети ачылды. Муфтият өз алдынча бөлүнүп чыкты. Кыргызстан Мусулмандар диний Башкармалыгы, Казыяты негизделди. Учурда Кыргызстандын жаштары жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн атактуу диний ж.б.окуу жайларында өз билимдерин терендетишүүдө.

Исламдагы беш парз: 1) Бир алладан башка Кудай жок жана Мухаммед анын элчиси деп күбөлүк берүү («Ла илаха илла-аллах Мухаммадун расулу-аллах»); 2) Намаз окуу; 3) Зекет берүү; 4) Орозо кармоо; 5) Ажыга баруу (кимдин мүмкүнчүлүгү болсо).

ИСМАИЛИЛЕР - Араб халифатында 8 - кылымдын орто ченинде пайда болгон шейиттик секта. Ал шейиттердин 6 - имамы Жафардын тун уулу Исмаилдин ысмы менен аталган (ал мыйзамдуу 7 - имам деп эсептелген). И. неоплатонизм менен буддизмдин таасиринде диний-филос.окууну иштеп чыккан. И. жети пайгамбарды (Адам, Ибраим, Нух, Муса, Иса, Мухаммед жана Исмаил) «дүйнөлүк акылдын « туундулары, ал эми имамдар болсо «дүйнөлүк жандын» жердеги адам кейпин алган көрүнүштөрү деп эсептешкен. Алар буддизмден «жандын кубулуп көчүшү» жөнүндөгү идеяны кабыл алып, Мухаммед менен Аалынын жаны Исмаилилердин имамдарына көчкөн деген ишенимде болушкан. И-дин кожолору ислам тараган өлкөлөрдөгү эзилген дыйкандар жана кол өнөрчүлөр арасында үгүт жүргүзүп, аларды өз сектасына тартышкан. Алар элдин саясий-социалдык нааразылыгын пайдаланып, айрым өлкөлөрдө мамл. бийликке ээ болушкан. Секта фатимилер, карматтар, ассасиндер, низарилер, мустилилер деген агымдарга бөлүнгөн. Азыр И-дин көбүн низарилер түзөт. Низарилер Пакистан, Индия, Иран, Ирак, Сирия, Ооганстан, Кытай, Бирма, Египет менен Чыгыш Африканын бир катар өлкөсүндө бар. И-дин ишенимин туткандар Тажикстандын Тоолуу Бадахшан автономия облусунда да жолугат.

ИСТРЕБИТЕЛЬ - душмандын авиациясына каршы күрөш жүргүзүүгө багытталган тез учуучу учак.

ИУДАИЗМ - Яхве кудайына сыйынган монотеисттик дин. Б.з.ч. I миң жылдыкта Палестинада пайда болгон. Иудаизмдин негизги жоболору Талмуд менен Тородо берилет. Бул дин негизинен жөөттөрдүн (еврейлер) арасында тараган.

ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКТ (Валовый внутренний продукт) - бир жыл ичинде өндүрүлгөн продукциялардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркынын рыноктук баа менен эсептелгендеги жыйындысы.

ИЧКИ МОНГОЛИЯ - Кытайдын түндүк бөлүгүндөгү автономиялык район, ага Монголия менен чектешкен талаалар жана чөл аймактары кирет. Аянты - 1.183.000 чарчы км.., калкынын саны 21.457.000 адам, административдик борбору Хух-Хото шаары.

К

КААБА - Сауд Аравиясынын Мекке шаарындагы мечит; мусулмандардын ыйык храмы, ажылык кылып барчу эң негизги жайы. Мечиттин качан курулганы белгисиз. Айрым маалыматтарда храмдын Ибрайым (Авраам) пайгамбардын тушунда болгондугу эскерилет. Ислам пайда болгуча эле жергиликтүү араб уруулары ал храмга сыйынып келген. Жылдын жаз жана күз мезгилдеринде семит тилдүү уруулар (араб уруулары) өз ара касташууларын унутушуп , өз буттарына (идолдоруна -жасалма кудай) сыйынганы келишкени белгилүү. Бул мезгилде Каабанын айланасында соода ж.б.майрамдар өткөрүлгөн. Каабанын фундаменти мрамордон, дубалы боз таштан курулган. Каабанын күн чыгыш жагындагы дубалынын сыртында абада асылып турган «Кара таш» коюлган, короосунда Замзам суусу бар. Ал касиети бар суу катары эсептелет. Бүткүл дүйнөдөгү мусулмандар бул жалганда мүмкүнчүлүгү болсо Меккеге барып сыйынып, ажы болуп келүүлөрү парз. Ажылык учурунда бул жерге 3-4 миллиондой мусулмандар барып сыйынып кайтышат.

КАДРЛАР – 1) мекеме, ишканалардын, коомдук уюмдардын квалификациялуу кызматкерлеринин негизги (штаттык) курамы; 2) ишмердиктин, өндүрүштүн бул же тигил тармагынын кызматкерлеринин курамы.

КАЗАРМАЛЫК – тынчтык убакытта аскердик бөлүктөрдүн өздүк курамы жайгашкан атайын имарат.

КАМПАНИЯ - согуш убагындагы согуштук аракет; өтө маанилүү бир коомдук-саясий же чарбалык милдеттерди аткаруу чаралары.

КАННИБАЛИЗМ – адамдын этин жегендик.

"КАНСЫЗ СОГУШ" – бул согуштун расмий түрдө жарыяланышы – 5 март 1946ж. АКШнын Фултон шаарында, Британиянын консервативдик партиясынын башчысы, 1940-1945 жылдары премьер-министри болуп иштеген Уинстон Леонард Спенсер Черчиллдин – сүйлөгөн сөзү болуп эсептелет. Ал сөзүндө Черчилл "Чыгыш коммунизмине" каршы күрөшүү максатында Англия менен Американын аскердик союзун түзүүнү сунуштаган. Ошонун негизинде СССРге жана башка социалисттик өлкөлөргө каршы «кансыз согуш» саясатын жүзөгө ашыруу жаатында : "Трумендин доктринасы" жана "Маршаллдын планы" сыяктуу аракеттер көрүлгөн. Көпчүлүк тарыхчылар «кансыз согуштун» негизги себебин идеологиялык ажырымдан көрүшүп,

анын башталышын 1917ж. большевиктердин бийлике келишине байланыштырышат. «Кансыз согуштун» негизги бөлүктөрүнүн бири өзөктүү (ядролук) курал болуп калды. Андан башка « кансыз согуш» бир нече эл аралык кризистер жана локалдык согуштар менен коштолгон (1950-1953жж. Корея согушу, 1945-1954жж. Индокытай согушу, 1964-1975жж. Вьетнам согушу, арабдар менен Израилдин ортосундагы согуштар ж.б.). «Кансыз согуш» дүйнөлүк саясаттын биполярдуулугу, дүйнө өлкөлөрүнүн эки карама-каршы турган согуштук-саясий блокторго (Европада- НАТО, Варшава келишимине кирген өлкөлөр; Азия жана Тынч океан аймактарында-СЕАТО, СЕНТО) бөлүнүп калышы менен коштолгон. Андан дагы өкүнүчтүүсү «кансыз согуш»айыгышкан идеологиялык таймаш жана жарыша куралдануу менен жүргүзүлгөн. «Кансыз согуш» мурда болуп көрбөгөндөй куралдануунун үндөп, советтик экономиканы алсыраткан, акыр аягында коммунизмдин кризисине жана СССРдин кыйрашына алып келген. Ошону менен «кансыз согуш»аяктаган.

КАПИТАЛ - 1) пайда келтирүүчү байлык; өзүнүн өлчөмүн көбөйтүү үчүн пайдаланылуучу байлык; Капитал: акчалай капитал жана реалдуу капитал түрүндө кездешет; ишкананын деңгээлиндеги капитал - негизги капитал жана айлантылуучу капитал болуп бөлүнөт; 2) марксизмде капитал деген - бул жалданма жумушчу күчүн эзүүнүн эсебинен келип чыккан пайда.

КАПИТАЛ ЭКСПОРТУ - пайда алууну көбөйтүү, экономикалык жана саясий нугун бекемдөө жана үстөмдүк кылуу чөйрөсүн кеңейтүү максатында акча же товардык формада чет мамлекетке капитал чыгаруу.

КАПИТУЛЯЦИЯ – жеңилдим деп душманга багынып берүү.

КАРТОЧКА – азык же товар сатып алганга, кесип алма талону бар кагаз.

КАСТАЛАР (португ. уруу, укум-тукум, тек) - 1) кишилердин өз алдынча обочолонуп жашаган топтору. К-дын кесиби, укугу, коомдогу орду укумдан-тукумга өзгөрбөй өтүп турат. К.арасында бир кастадан экинчи кастага өтүү, кыз алышып-беришүү сыяктуу иштер болбойт. Ар бир каста өзүнүн адат-салтын, заң-мыйзамдарын, мурасталган укуктарын жана кесипчилигин бек кармоого тырышат.

К.эмгектин коомдук бөлүнүшүнөн улам чыккан. Алар байыркы жана о.кылымдардагы бир катар мамлекеттерде орун алып, асыресе Индияда катуу өөрчүгөн жана узакка сакталган. О. кылымдагы Индияда К. коомдун мурдагы варналарга бөлүнүшүн алмаштырып, феод.коомдун иерархиялык түзүлүшүнүн негизине айланган. Алардын коомдогу укугу феод. иерархиялык шатыдагы өздөрүнүн ээлеген ордуна жараша аныкталган. К. башында брахмандар жана кшатрийлер (раджпуттар) касталары, алардан соң соода-сүткорлор касталары, булардан кийин дыйкандар ж-а кол өнөрчүлөр касталары, эң акырында жарым кул жана жарым крепостнойлор касталары турган. Кийинкилери көп сандаган «ыйыктар» К-на кирген. Индиядагы мындай касталык түзүлүш о.кылымдарда эле өлкөнүн социалдык-экон. өнүгүшүнө

кайчы келип, капит.мамилелердин өнүгүшүнөн улам кол өнөрчүлүктү уюштуруунун формасы катарында К. өз маанисин жогото баштаган. Анткени менен К. 20-к-га чейин сакталып кала берген. Англ. колониячылар Индиядагы касталык түзүлүштү «бөлүп алып бийлей бер» деген саясатын жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланган. Индия Республикасынын 1950ж. күчүнө кирген конституциясы боюнча К-дын тең укуктуулугу таанылган. 2) «К» термини өтмө мааниде азыркы коомдогу обочолонуп жашаган топторду туюндуруу үчүн да (мис.,»дворяндар кастасы»,»офицерлер кастасы») колдонулат.

КАТОЛИЦИЗМ (гр. жалпы, ааламдык) - христиан дининдеги негизги агымдардын бири. Католик чиркөөсүнүн маалыматы боюнча К. динин туткандардын жалпы саны 614 млн : (Европада-250, Латын Америкасында-226, АКШда-55, Азияда-48 жана Африкада-32 млн). Италия, Испания, Португалия, Франция, Бельгия, Австрия, Латын Америка өлкөлөрүнүн көпчүлүк калкы К-ди тутат.

К. 3-5 к-да Рим империясынын батыш менен чыгыш бөлүгүндө пайда болуп, жалпы христиан дининен обочолонуп чыккан К.,көп кылымдар бою Батыш Европа өлкөлөрүндө үстөмдүк кылган. Феод. доордо католик чиркөөсүнүн ролу күчөгөн. Бурж.коомдун калыптануу мезгилинде К-ге катуу сокку урулган. Европалык бир нече өлкөдө 16-к-да жүргүзүлгөн реформанын (Реформация) натыйжасында К-ди протестантизм кысымга алган. К. христиан дининин негизги догмалары менен ырым-жырымын колдойт. Бирок, диний окуусунда, үрп-адатында жана уюмунда өзгөчөлүктөр бар. К-дин окуусунун булагы - Библия жана «ыйык жомок»(священное предание»). Троица Кудай ж-дөгү К-дин догмасында «ыйык дух» (православиедегидей) ата-кудайдан гана эмес , бала-кудайдан да башталат. К-де чиркөө кызматкерлери м-н карапайым динге ишенгендердин ортосуна чек коюлган (мис.,никелешпестик чиркөө кызматкерлерине гана тиешелүү). К.окуусу боюнча бейиш менен тозоктон башка өлгөн адамдын жанын күнөөдөн тазалоочу өзүнчө жай бар. К-дин дагы бир өзгөчөлүгү - эне-кудайга (мадоннага) сыйынуучулук (муну православие четке кагат). К-де кудайга сыйынуу өтө салтанаттуу, театрлашкан мүнөздө болуп, ыр аспаптык музыканын коштоосу менен өтөт, храмдар скульптура, картиналар менен кооздолот.

К-дин расмий филос. доктринасы - неотомизм, борбору - Ватикан. Католик чиркөөсү - уюмдашкан, бийликчил, белгилүү мансап шатысы бар мекемелердин системасы. К-дин диний окуусу боюнча Рим папасы - чиркөө башчысы, апостол Пётрдун мурасчысы, Христостун жердеги өкүлү. Папанын бийлиги Аалам соборлорунун бийлигинен жогору турат. Азыркы кездеги католик чиркөөсү - диний-саясий жана идеологиялык чоң уюм. Анын борбордук башкаруу органы - папага баш ийүүчү Рим куриясынын мекемелери. Чиркөөнү башкаруу жагынан папанын кеңешчиси жана жардамчысы - кардиналдар.

КВОТА (лат. канча) - үлүш, бөлүк, кандайдыр бир берилүүчү норма.

КИРЕШЕГЕ САЛЫК (Налог на доход) - ишкананын (анын филиалдарынын, бөлүмдөрүнүн, өкүлчүлүктөрүнүн ж.б.) кирешесинин бир бөлүгүн бюд-

жетке алуу формасы ; мында кирешеге салык кармоо ишкананын кимге баш ийгендигине жана менчик формаларына карабастан жүргүзүлө берет. Кирешеге салык аларга тиешелүү акциялардан, облигациялардан ж.б. алуу кагаздардан алынуучу кирешеден, биргелешкен орток ишканалардагы үлүштүк катышуудан, видеокөрсөтүүдөн, массалык концерттик оюн-тамаша иш чараларынан, акча утуштары ыйгарылуучу оюн автоматтарын көректөөдөн, байгелүү оюн аттракциондордон, лотерея өткөрүүлөрдөн түшкөн кирешелерден кармалат.

КАТАКЛИЗМ – табияттагы жана коомдук турмуштагы кыйратуучу чоң төңкөрүш.

КВАЛИФИКАЦИЯ – адамдын бир кесипке же жумушка жароо даражасы; кесип.

КЕМАЛЧЫЛАР РЕВОЛЮЦИЯСЫ - Туркиядагы антиимпериалисттик, улуттук революциянын адабияттарда кабыл алынган аты. К.р-нын чыгышына Турциянын биринчи дүйнөлүк согушта (1914-18) жеңилип, өз алдынчалыгынан айрылуу коркунучунун туулушу себеп болгон. К.р.негизинен Анатолияда чыккан. 1919 ж. башында өлкөнүн айрым райондорунда Антанта аскерлеринин басып кириши элдин стихиялуу кыймылын чыгарып, Греция Измирди басып алгандан кийин (1919 ж.15 май) ал кыймыл боштондук согушка айланган. К.р. Турциянын көз карандысыз улуттук мамлекетин сактап калуу максатын көздөгөн. Анын башында Мустафа Кемаль паша (Ататүрк) турган. 1919ж. Сиваста болгон Улуттук уюмдардын конгрессинде рев-нын жетекчи органы - Кемаль башкарган Өкүлчүлүк комитети түзүлүп, ал 1920 ж.23 апрелде Анкара шаарында Турциянын **улуттук Улуу чогулушун** чакырган да, өздөрүн өлкөдөгү бирден-бир мыйзамдуу бийлик деп жарыялаган. Улуттук Улуу чогулуштун партизан отряддарынын ордуна түзүлгөн регулярдуу армиясы 1922ж.Турциянын аймагын чет элдик баскынчылардан толук бошоткон. Акыры Лозанна конференциясында (1922-23) империалисттик державалар Турциянын көз карандысыздыгын тааныган. К.р-нын жүрүшү жана андан кийинки коомдук процесстер Турцияның буржуазиялык республикага айланышына алып келген.

КЕМБРИЖ УНИВЕРСИТЕТИ - Англиянын эң эски жана ири университеттеринин бири. Кембриж шаарында 1209ж. негизделген. Адегенде студенттер жашап окуган «коллеж» үй болгон. 13-к-да гуманитардык, укук, диний, мед. факультеттер калыптанган. 17-к-да К.у.өз доорунун алдыңкы илимий очогуна айланган. Ун-тте сабак Ф.Бекондун индукция методу боюнча берилген. Бул болсо гуманитардык илимдер менен катар табият илимдеринин да өнүгүшүн шарттаган. К.у-нде 1669-1702жж. И.Ньютон профессор болуп иштеген. 1837ж. бул ун-ттен Ч.Дарвин магистрлик даража алган. К.у. эски салттын белгилерин сактап, өз бетинче корпорация түрүндөгү коллеждерден турат. Ар бир коллежде 300-400 студент окуйт. Ун-тте 28 коллеж, 4 илимий борбор, 3 институт, 2 мектеп, 6 музей, обсерватория, ботаникалык

бак, китепкана бар, 11 миң студент окуп, миңден ашык окутуучу иштейт. К.у.канцлер башкарат. Окуу акысы кымбат.

КИЧИ АЗИЯ - Азиянын батышындагы жарым арал. Туркиянын көп аймагы ушул жарым аралда. Батыштан чыгышка 1000км аралыкта созулуп жатат, туурасы 400-600км. Жер Ортолук, Эгей, Мрамор, Кара деңиздери жана Босфор, Дарданелл кысыктары менен чектешет. К.А-да бөксө тоолор жана тоолор басымдуу, булардын баары биригип, Кичи Азия тайпак тоосун түзөт. Жээктеринде кууш ойдуңдар бар.

КЛАНДАР – уруучулук негизде биригүү, социалдык системанын бир бөлүгү; көпчүлүк Чыгыш өлкөлөрүндө өтө чоң таасирге ээ.

КЛИКА – жаман ой-максат менен бириккен адамдардын тобу.

КОАЛИЦИЯ – жалпы максатка жетүү үчүн түзүлгөн мамлекеттердин, партиялардын ж.б. союзу, бирикмеси.

КОЛЛАБОРЦИОНИСТ - мекенин саткан, экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында (1939 - 1945) фашисттер басып алган аймактарда баскынчы режимге кызмат кылган адам.

КОЛО ДООРУ - адамзат тарыхындагы коло металлургиясын өздөштүрүү процесси, колодон жасалган эмгек куралдары, курал-жарактары жана кооз буюмдардын тарашы менен байланышкан доор. Болжолдуу хронологиясы (мезгилдик убакыт чени) Б.з.ч. !У миң жылдыктын башталышынан - Б.з.ч.! миң жылдыктын башталышына чейинки мезгил. Коло доорунда көчмөн мал чарбачылык, сугарып жер иштетүү, ошондой эле мамлекеттүүлүктүн белгилери бар шаар тибиндеги цивилизация пайда болгон. Ошол доордо чоң-чоң этникалык бирикмелер түзүлүп, уруучулук жамаат бузулууга учураган.

КОЛОНИЯЛАР ЖАНА КОЛОНИЯЛЫК САЯСАТ - Капитализм доорундагы колониялар - саясий жана экон.өз алдынчалыгынан ажыратылган, атайын режимдин негизинде чет мамлекеттин (метрополиянын) бийлиги тарабынан башкарылуучу өлкөлөр же аймактар. Метрополия өлкөлөрү колон. саясат жүргүзүп, «бөтөн»өлкөлөр м-н жерлерге үстөмдүгүн таңуулайт. Колон. саясат-экон.жактан начар өнүккөн өлкөнү же элди согуш м-н каратып, саясий жана экон.кысымдын жардамы м-н кул жана күнкор кылуу, социалдык ж-а улуттук эзүүгө дуушар кылуу, талап-тоноо саясаты.

Колон.баскынчылык 15-17к-да Геогр.улуу ачылыштар ж-а капиталдын алгачкы топтолуу доорунда башталган. Башка жерлерди зордоп басып алуу жана талоо, анда эзүүнүн феод. ж-а кулчулук формаларын тамырлатуу колон. саясаттын башкы максаты болгон.17к-н 2-жарымында капит. өлкөлөрдүн ичинен колонияларды талоо, кул сатуу ж.б.боюнча Англия өзгөчө бөлүнүп турган. Испаниянын жана Португалиянын алгачкы колон. империялары Геогр.улуу ачылыштардын натыйжасында түзүлгөн. Испан баскынчылары (1492ж. Америка ачылгандан кийин) Борб.жана Түш.Американы колониялаган. Португалиялыктар Индияга деңиз жолун ачып (1498),

Африканын батыш ж-а чыгыш жээгинде таяныч пункттарын түзгөн, Индиянын батыш жээгине бекем орношкон. Түш.-Чыгыш Азиядагы Молукк араларды менен батыш жарым шарда Бразилияны басып алган.

Капитализмдин мануфактурадан ири фабрика-завод өнөр жайына өтүшүнө байланыштуу колон.саясат олуттуу өзгөрүүгө учураган.Талоо, алык-салык алуу м-н катар колонияларды адилетсиз соода аркылуу эзүү күчөгөн. Капитализм доорунун башында Улуу Британия колон.ири державага айланган. Ал 18-19 к-дагы күрөштүн натыйжасында Франциянын эсебинен аймагын кеңейткен, Нидерланддан, Испаниядан жана Португалиядан бир нече колония тартып алган, Индияны өз колониясына айланткан. Орус падышачылыгы Орто Азия менен Кавказдын райондорун колониясына айландырган. 19-20 к-да колонияларды басып алуу кеңири кулач жайган. 1876-1918жж. Улуу Британия 146,6 млн калктуу болгон 9 млн чарчы км жерди, Франция 49 млн калктуу 9,7 млн чарчы км, Германия 12,3 млн кишиси бар 2,9 млн чарчы км, АКШ 9,7 млн элдүү 0,3 млн чарчы км, Япония 19,2 млн калктуу 0,3 млн чарчы км жерди басып алган.

Империализм доорунда колониялардын мааниси өсүп, импер.мамлекеттер арасында аларга үстөмдүк кылуу үчүн күрөш күч алган, карама-каршылыктар ырбаган. Бул болсо согуштун чыгышына негизги себеп болгон. Мис.,капит.өлкөлөрдүн саясий жана экономикалык жактан өнүгүшү, колонияларды кайра бөлүштүрүү үчүн биринчи дүйнөлүк согуштун чыгышын шарттаган. Ал согушта Германия жеңилип, анын колонияларын Улуу Британия, Франция, Япония, Бельгия ж.б.өлкөлөр бөлүп алган.

Биринчи дүйнөлүк согуштун ж-а Россиядагы Октябрь ыңкылабынан кийин империализмдин колониалдык системасынын кризиси башталган. Кытай, Индия, Египет,Туркия, Ирак сыяктуу өлкөлөрдө бошт.күрөшү күч алган. Экинчи дүйн. согуштан кийин Азия м-н Европадагы бир катар өлкөлөрдүн капитализмдин системасынан чыгышы ж-а социализмдин дүйн. системасынын түзүлүшү империализмдин колон. системасын жоюу үчүн ыңгайлуу шарт түзгөн. 1943ж. Сирия ж-а Ливан суверинететтүү мамлекет болду. Мурунку колония жана жарым колония өлкөлөрдүн аймагында 1974ж. чейин 70 тен ашык көз карандысыз мамлекет түзүлгөн.

КОЛОНИАЛДЫК СИСТЕМАНЫН КЫЙРАШЫ:

Жылдар	көз карандысыздыгын алган өлкөлөрдүн саны
1940-1950	8
1951-1959	9
1960	18
1961-1970	31
1971-1980	25
1981-бери	7

КОММЕРЦИЯ – соода, соода иши; пайда табууга багытталган иш аракеттер.

КОММУНАЛИЗМ – Индияны индуизм өлкөсүнө айландыруу үчүн күрөшкөн саясий агым.

КОММУНАЛДЫК – шаардык чарбага таандык.

КОММУНИКАЦИЯ - катнаш,байланыш.

КОММЮНИКЕ – көбүнчө эл аралык мааниси бар маселе жөнүндөгү официалдуу билдирүү.

КОМПРОМИСС - бири бирине жол берүү аркылуу түзгөн келишим.

КОМСОМОЛ – Коммунисттик Жаштар Союзу.

КОНВЕРСИЯ – 1) жаңылап түзүү, өзгөртүү; 2) мамлекеттик заемдун шарттарын, проценттерин же мөөнөтүн узартуу.

КОНВЕРТАЦИЯЛОО - бардык категориядагы физикалык жана юридикалык тараптар, операциялардын бардык түрлөрү боюнча, башка улуттук валютага жана эл аралык төлөө каражаттарына эркин алмаштыра ала турган акча бирдиги.

КОНГРЕСС – 1) көбүнчө эл аралык съезд; 2) АКШнын жана кээ бир өлкөлөрдөгү парламенттин аталышы.

КОНДОМИНИУМ - биргелешип башкаруу, үстөмдүк; кандайдыр бир территорияны эки же андан көп өлкөлөр тарабынан биргелешип башкаруу.

КОНСЕРВАТИЗМ (сактап алуу) - коомдук аң-сезимдин салттуу баалуулуктарды, калыптанып калган багыттарды, туруктуулукту карманууусу, жаңы, тамыр жая элек өзгөрүүлөргө, реформалык долбоорлорго ишенбөөчүлүгү. Мындай көрүнүш жеке адамдарга, ошондой эле чоң-чоң коомдук топторго да мүнөздүү. Коомдук турмуштун салттык негиздерин коргоого багытталган, радикалдуу өзгөрүүлөрдү четке каккан саясий көз караштар дагы консерватизм деп аталат.

КОНСТИТУЦИЯ - мамлекеттин түзүлүшүн, шайлоо системасын, мамлекеттик бийликтин жана башкаруу органдарынын иштөө принциптерин, жарандардын негизги укуктары жана милдеттерин аныктап туруучу негизги мыйзам.

КОНСУЛ – башка мамлекеттин жергиликтуу бийлигинен оз мамлекетинин жана жарандарынын таламын жактоочу дипломатиялык кызматкер.

КОНТИНГЕНТ – кандайдыр бир коллективдин, мисалы, ; мекеменин, уюмдун, ишкананын, аскерлердин ж.б. адамдардын курамы.

КОНТР -татаал сөздөрдүн баш жагына айкашып,»каршы» деген маанини билдирүүчү бөлүк.

КОНТРАБАНДА (ит. каршы+өкмөт указы - чогулткандагы мааниси - өкмөт указына каршы дегенди туюнтат) - бажылык мыйзамдарды бузуу менен мамлекеттик чек ара аркылуу товарларды, валюталарды, бангилик заттарды ж.б. баалуулуктарды жашырын ташып өтүү; чек ара аркылуу мыйзамсыз алып келген товардын жыйындысы; жашырын иштелгендердик, тыюу салынгандардын, уурдалып ташылып келгендердин баарысы контрабанда катары эсептелет. Мындай товарларды бажыкана аркылуу алып өтүүгө аракет жасагандардын кармалган тиешелүү буюмдары конфискацияланып, жарандык же кылмыш иши козголушу мүмкүн.

КОНТРАКТ – өз ара милдеттенип, эки тараптын ортосунда түзүлгөн келишим.

КОНТРИБУЦИЯ (нем.,лат. көпчүлүктүн салымы, коом тарабынан каражат топтоо) – жеңген мамлекетке жеңилген мамлекет, тынчтык келишими боюнча согуштан кийин төлөп туруучу каражат.

КОНФЕРЕНЦИЯ - кандайдыр бир маселелерди талкуулоо үчүн мамлекеттик, илимий, коомдук, партиялык жана башка уюмдардын өкүлдөрүнүн жыйналышы, кеңешмеси.

КОНФЛИКТ – чыр – чатак, жаңжал, келише албастык, кагылышуу.

КОНФУЦИАНСТВО - Кытайда Б.з.ч. У!к. пайда болгон философиялык - диндик окуу. Анын негиздөөчүсү - Конфуций (Кун-цзы) өзүнүн окуусунун негизги идеяларын «Аңгемелер жана ой толгоолор» (Лунь юй) деген китебинде берген. Конфуцийдин окуусуна ылайык, улуулар кичүүлөргө, жогоркулар кол алдында тургандарга карата кең пейилдүүлүк көрсөтүп, кичүүлөр улууларга, төмөндө тургандар жогоркуларга кыңк этпестен, каяша айтпастан баш ийүүлөрү керек. Кытай даанышманы бардык адамдарды: одонолук (оройлук), бой көтөрүүчүлүк менен өз беделин төмөндөтпөөгө, ач көздүктү, коркоктук менен арамдыкты жек көрүүгө, өзүнө каалабаганды башка адамга дагы каалабоого, рухий байлыктын күчүнө ишенүүгө чакырган. Социалдык түзүлүштүн негизи катары конфуцианство, өзүн-өзү руханий жактан тарбиялоону, өркүндөтүүнү жана этикет эрежелерин сактоону (ли) эсептейт. Б.з.ч. !!к.-Б.з.ХХк. башталышына чейин конфуцианство Кытайдын расмий идеологиясы болуп келген.

КОНЦЕПЦИЯ – бир нерсенин негизги түшүнүгү: кубулуштар жөнүндөгү көз караштардын тутуму.

КОНЦЕРН - жалпы бир финансалык жетекчилик астында бир нече соода-өнөр жайлык ишканалардын монополиялык бирикмеси.

КОНЦЕССИЯ (лат. уруксат, чечүү, кайрылышуу, макул болуу) – жеке менчиктүү ишкерлерге, чет элдик фирмаларга же башка өнөр жай ишканаларынын юридикалык тарабына улуттук экономиканы өнүктүрүү же калыбына келтирүү, табигат байлыктарын өздөштүрүү максаттарында пайдалуу

кендерди казып алуу, ар кандай курулуштарды куруу укугу менен мамлекеттин жер аянтын берүү келишими, ушундай келишимдин негизинде түзүлгөн ишкана.

КООМДУК ДҮҢ ПРОДУКТ - белгилүү убакыт ичинде (мис.,бир жылда) коом түзгөн материалдык байлыктын наркы. Анын көлөмү коомдун экон.өнүгүү деңгээлин мүнөздөйт. Натуралай - зат түрүндө дүң продукт өндүрүш каражаттары менен керектөө буюмдарынан турат. Нарк боюнча К.д.п.өндүрүш каражаттарынан алынган нарк м-н кайра түзүлгөн наркты камтыйт. Анын биринчи бөлүгү калыбына келтирүү корунан (фондусунан), экинчиси-керектөө корунан ж-а улуттук кирешеден түзүлөт.

КООПЕРАЦИЯ - 1) өз мүчөлөрүнө чарба жүргүзүүдө, кол өнөрчүлүктө, майда өндүрүштө ортомчулук (даяр продукциясын сатууга, аны ташып жеткирүүгө) милдетин аткарып туруу максатында түзүлгөн өз ыктыярдуу шериктештик. Айыл чарбасында ортомчулук кылып өндүргөн продукциясын жана өндүрүш каражаттарын сатуу жана сатып алуу милдетин аткаруучу кооперация көбүрөөк өнүккөн. М.: керек-жарак кооперациясы; 2) кооперациялоо: продукциянын белгилүү бир түрүн өндүрүп чыгарууга адистешкен өлкөлөрдүн же өз алдынча иштеп жаткан ишканалардын ортосунда узак убакытка эсептелген жана туруктуу мүнөздө түзүлгөн байланыштардын түрү.

КОРАЛЛ – зоол, - деңизде жашоочу жаныбарлардын бир түрү; Шуру, маржан.

КОРЕЯ СОГУШУ 1950 -1953жж. - Корея Элдик Демократиялык Республикасы (КЭДР) менен Корея Республикасынын ортосундагы согуш КЭДРди СССР менен Кытай, ал эми экинчисин АКШ жана анын өнөктөштөрү колдогон. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Корея эки (советтик жана америкалык) оккупациялык аймакка бөлүнүп калган. Чет элдик аскерлер чыгарылып кеткенден кийин өлкөдө жалпы элдик шайлоолор өткөрүлмөк. Иш жүзүндө өлкөнүн түндүгүндө Ким Ир Сендин (СССРдин ишенген адамы), ал эми түштүктө болсо - американын адамы Ли Сын Мандын диктатурасы орнотулган. 1948ж. расмий түрдө Корея эки мамлекетке бөлүнүп калган. Ошондой шартта 1950ж. июнунда Түндүк Кореянын аскерлери түштүккө кол салган. 3 күн ичинде алар Түштүк Кореянын борбору Сеул шаарын ээлеп алып, андан ары чабуулун уланткан. Августа түштүктүктөрдүн колунда Пусан шаарынын айланасындагы кичинекей плацдарм гана калган. КЭДРдин кол салуусу БУ-Унун көпчүлүк мүчөлөрү тарабынан агрессия катары бааланып,1950 жылдын сентябрында БУУнун аскерлери түндүк кореялыктардын терең тылына Инчхонго (Чемулпо) түшүрүлгөн. Коммунисттер шашылыш чегинип, Сеул эле эмес, өздөрүнүн борбору Пхеньян шаарын дагы алдырып коюшкан. 1950ж. октябрында америкалык аскерлердин алдыңкы бөлүктөрү Кореянын түндүк чек арасына чейин жеткен. Ушундай шартта И.В.Сталин менен Мао Цзэдун коммунисттердин жеңилишине кайдыгер боло алышмак эмес.

Абалды оңдоо максатында КЭР өзүнүн «ыктыярдуу жарандарын» Кореяга жөнөтө тургандыгын жарыя кылган. «Ыктыярдуулардын» атын жамынган миллиондой кытай армиясы америкалык аскерлерди Кореянын территориясынын 38-чи параллелине чейин кууп чыккан. Кийинки 1951-1953жылдары Сеул менен Пхеньяндын ортосунда кырылышкан согуш жүрүп, эч кимиси жеңишке жетише алышкан эмес. Америкалык авиация Түндүк Кореяны, ал гана турсун Кытайды дагы бомбалоого алган. 1953 ж. июлда эки тарап согушту токтотуу боюнча келишимге келишип, бирок бүгүнкү күнгө чейин тынчтык келишимин түзүшө элек. 2000 жылдан бери карай Кореянын эки тарабынын мамилелери бир аз жумшаргандай абалга түшкөнсүдү.

КОРПОРАЦИЯ - кесиптештик таламдар негизинде(максаттарга жетүү үчүн) түзүлгөн союз,бирикме,коом.

КОРПУС - ири согуштук бирикме.

КОРРОЗИЯ - 1) суунун, абанын таасири астында тоо тектеринин кыйрашы, талкаланышы; 2) металлдардын химиялык себептерден бузулушу

КОРРУПЦИЯ – 1) парага, акчага сатылуучулук; коомдук жана саясий ишмерлерди, мамлекеттик атка минерлерди жана кызмат адамдарын пара берип сатып алуучулук жана алардын парага, акчага сатылып кетиши. 2) кызмат абалынан пайдаланып, өзүнүн жеке кызыкчылыгына баткан киши, бул ишке башкаларды да тартат.

КОШУМЧА НАРККА САЛЫК (Налог на добавленную стоимость НДС) - товарларды өндүрүү, жумуш жана тейлөөнүн бардык баскычында пайда болгон нарктын өсүшүнүн бир бөлүгүн бюджетке чегерүү формасы; товарлардын сатылышына жараша бюджетке которулат.

КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ШЕРИКТЕШТИГИ (КМШ) - 1991жылы 8-декабрда Белорус өкмөтүнүн Вискуля резиденциясында (Беловежская пуща) Россия, Белоруссия жана Украина өлкөлөрүнүн жетекчилери кол койгон келишимдин негизинде түзүлгөн. 1991жылдын 21 декабрында Алма-Ата шаарында 11 республиканын (Азербайжан, Армения, Белоруссия, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Өзбекстан, Россия, Тажикстан, Түркмөнстан, жана Украина) жетекчилери жогоруда аталган келишимге кошумча протоколго кол коюшуп, бардыгы «КМШ нын тең укуктуу түзүүчүлөрү» деп тааныышкан. КМШнын Уставы 1993жылы январда кабыл алынган. Адистердин айтуусунда тилекке каршы, бул устав декларациялык мүнөзгө ээ болуп калган, себеби анын жоболоруна ылайык КМШ тарабынан кабыл алынган документтерди милдеттүү түрдө аткаруу талап кылынбайт. 1991жылдагы Алма-Ата декларациясына ылайык шериктештикке кирген өлкөлөр аскерий – стратегиялык күчтөрдүн бирдиктүү командованиесин, өзөктүк (ядролук) куралдардын үстүнөн бирдиктүү көзөмөл жүргүзүүнү сактап калуу боюнча макулдашышкан. Андан башка жалпы экономикалык мейкиндикти калыптандыруу жана өнүктүрүү маселеси карал-

ган. 1993жылдын декабрында КМШ га Грузия мүчө болуп кошулган, ал эми 2008 жылы августагы Түштүк Осетия жаңжалында Орусия менен болгон согуштан кийин кайрадан анын мүчөлүгүнөн чыгып кеткен.1996 жылдын январында КМШ нын эмблемасы жана желеги боюнча жобо бекитилген. КМШ нын штаб-квартирасы Минск шаарында жайгашып, ага мүчө өлкөлөрдүн башчылары кезек менен төрагалык кылышат.

КӨМҮСКӨ ЭКОНОМИКА – экономика чөйрөсүндөгү байланыштардын өзгөчө түрү. Ага өндүрүш, өндүрүлгөн продукцияны бөлүштүрүү, жеке кызыкчылыкка ылайык өндүрүлгөн продуктыны өзүнө ыйгарып алуу жаатында мыйзамга каршы келген, ошондой эле мыйзам тыюу салган мамилелер кирет. Көмүскө экономика бар жерде адамдардын белгилүү бир катмары мыйзамсыз, адилетсиздик жол менен байыйт, башкалардын эсебинен пайда табат. Көмүскө экономиканын социалдык-экономикалык базасын – министрликтер менен мекемелердин өндүрүштү монополияга айландырып алышы, чийки зат менен материалдардын борбордон бөлүштүрүлүшү, керектөө рыногундагы товарлардын жетишсиздиги, бийликтин жана башкаруунун түрдүү чөйрөлөрүндөгү коррупция түзөт. Көмүскө экономиканы жоюунун шарттары: цивилизациялуу рынок мамилелеринин түзүлүшү жана иштеши, коомдук турмуштагы өзүн-өзү башкаруунун бекемделиши, тереңдеши жана кеңири жайылтылышы, эмгекчи адамдын кызыкчылыгын коргоо жана мүмкүнчүлүк түзүп берүү, эффективдүү социалдык көзөмөл жүргүзүп туруу болуп эсептелет.

КӨЧМӨНЧҮЛҮК (НОМАДИЗМ) - калктын жана малдын сезондуу жылып жүрүшү менен байланышкан, экстенсивдүү мал чарбачылыкка негизделген чарбанын жана турмуш-тиричиликтин формасы. Көчмөнчүлүк шартында мал чарбачылыгы көчмөндөрдү эт, сүт азыктары, үй, кийими даярдалуучу чийки заттар менен камсыз кылган. Негизинен, көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенген көчмөндөр аны аңчылык, отурукташпаган жөнөкөй дыйканчылык, кол өнөрчүлүк ж.б. менен толукташкан. Мал чарбачылыгы жападан жалгыз чарбалык иш болгон «таза» көчмөнчүлүк эч качан болгон эмес. Көчмөнчүлүк б.з.ч. !!-! -миң жылдыктын чегинде Евразия менен Түндүк Африканын кургак зоналарында пайда болуп, узак мезгилдер бою сакталып келет, ал турсун Евразиянын түндүгүнө чейин бугучулук формасында тараган. Азыркыга чейин көчмөнчүлүк Азия, Африканын 30 дан ашык өлкөлөрүндө (Судан, Египет, Сауд Аравия, Йемен, Иран, Ирак, Сирия, Иордания, Туркия, Ооганстан, Пакистан ж.б.) сакталып келет. Көчмөнчүлүк көчмөн, жарым көчмөн жана жарым отурукташкан формаларын камтыйт. Жарым көчмөндөргө бүт үй-бүлөсү менен туюк маршрут боюнча сезондуу көчүп жүргөн жана кыштоосунда туруктуу тамы бар чарбалар кирет. Жарым отурукташкан көчмөнчүлүккө жылына эки эле жолу көчкөн (кыштоодон жайлоого жана кайра) кыштоодо да, жайлоодо да туруктуу тамы бар чарбалар кирет. Байыркы мезгилде эле башталган көчмөндөрдүн отурукташуу процесси соңку мезгилдерде рыноктук мамилелердин улам күчөгөн

таасиринин астында бир кыйла ылдамдады жана дүйнөнүн көптөгөн райондорунда экстенсивдүү мал чарбачылыгы кризиске кабылып жок болду. Көчмөнчүлүктүн ордуна комплекстүү айыл-чарба шарттарында өнүгүп жаткан интенсивдүү отурукташкан мал чарбачылык пайда болду

КРЕДИТ – карызга берилген же берилүүчү акча; насыяга берилген же берилүүчү товар.

КРЕЙСЕР - тез жүрүүчү согуштук чоң кеме.

КРИМИНАЛ - уголовный кылмыш,кылмышкер.

КРЫМ КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1945), Ялта конференциясы – 2-дүйн. согушта (1939-45) 3 өнөктөш (союздаш) державалардын (СССР, АКШ, Улуу Британия) өкмөт башчыларынын (СССРден ЭКСтин пред-ли И.В.Сталин, АКШнын президенти Ф.Д.Рузвельт, Улуу Британиянын премьер-министри У.Черчилль), тышкы иштер министрлеринин ж.б.кеңешчилердин катышуусу менен өткөрүлгөн конф-я. 4-11 февралда Ялтада (Крым) өткөн. К.к-нда гитлердик Германияны толук талкалоо максатында үч өнөктөш державанын согуштук пландары макулдашылган ж-а согуш бүткөндөн кийин бекем тынчтыкты ж-а эл аралык коопсуздукту уюштурууда өнөктөштөрдүн макулдашкан саясатынын негизги принциптери белгиленген. К.к-нын катышуучулару Германиянын шарт койбой багынып берүүсүнүн шарттарын ишке ашыруу ж-а жалпы саясат жөнүндө келишишкен. Үч державанын куралдуу күчтөрү Германияда өзүнчө оккупациялык зонаны ээлейт деп макулдашышкан. Үч державанын башчылары герм.милитаризм м-н нацизмди жок кылууну ж-а Германия келечекте тынчтыкты бузууга жол бербегидей кепилдик түзүүнү билдиришкен. К.к.Германиядан согушта өнөктөш өлкөлөргө келтирген зыяны үчүн репарация алыш керек деп тапкан. Элдердин ортосундагы тынчтыкты сактоо максатында конференция Бириккен Улуттар Уюмун (ООН) түзүү жөнүндө чечимге келген. К.к.»Бошотулган Европа жөнүндө декларация» кабыл алып, Польшанын чек аралары тууралуу бир катар чечим чыгарган. Жалпы тынчтыкты камсыз кылуу максатында СССР К.к-нда Европада согуш бүтөөрү менен 2-3 айдан кийин белгилүү шартта Японияга каршы согушка кирүүгө макулдугун берген.

КСЕНОФОБИЯ – жат адамдарды, чет элдиктерди жек көрүү сезими.

КУРДДАР (өздөрүн курд, курманж деп аташат) - Алдыңкы Азиянын байыркы элдеринин бири. Этногенези жана тарыхы жетиштүү изилдене элек. Негизинен Иран, Туркия, Ирак ж-а Сирияда (Курдстан аймагында) жашайт. Болжол м-н 12-14млн. Курд тилинде сүйлөшөт, дини - мусулман, башка дин туткандары дагы бар. Негизги кесиби - дыйканчылык, чала көчмөн мал чарбачылык. 19 к-да К-дүн бир бөлүгү Россияга өткөн. Азыр алар Закавказье, О.Азия ж-а Казакстанда (90миң) жашайт.

КУРДСТАН (фарсча - курддар өлкөсү) - негизинен курддар жашаган Батыш Азиядагы тоолуу аймак. К-дын негизги бөлүгү Армян ж-а Иран тайпак

тоолорунда. Аныкталган чеги болбогондуктан К. деп көбүнчө этногр. маанide айтылат. К. жөнүндөгү алгачкы эскерүүлөр 12-к-га таандык. К-ды 1514ж. Осмон империясы менен Иран согуштун натыйжасында бөлүп алган. Биринчи дүйнөлүк согуштан (1914-18) ж-а Осмон империясы кулагандан кийин К-дын Осмон империясына тиешелүү жерлери Туркия, Ирак ж-а Сирия мамлекеттерине өткөн.

КЫТАЙ КЫРГЫЗДАРЫ - Чыгыш Түркстан (Батыш Кытай, Ички Азия) деп аталган аймакты, ага чектеш жерлерди кыргыздар эзелтеден мекендеп келишет. Учурда Чыгыш Түркстан аймагы түндүгүнөн Теңиртоо, түштүгүнөн Куэн-Лун, батышынан Алай тоолору, Ооганстан, Памир тоолору менен чектешет. Кошуна өлкөнүн кыргыздары -»кытай кыргыздары» же «кытайлык кыргыздар» деп аталат. Аталган кенен аймактарда кыргыздардын эл болуп калыптануусунун негизги, өзөккү этаптары жүргөн. Ал аймак азыр Кызыл-суу Кыргыз Автономиялуу облусу статусуна ээ. Эне тилде жарык көргөн гезит-журналдар, илимий басылмалар, китептер, мектептер ж.б. маданий-агартуу очоктору кытайлык калкынын муктаждыктарын камсыз кылып турат. Учурда Кытай Эл Республикасында 170 000 кыргыз болсо, алардын 150 000 Кызыл-суу Кыргыз Автономиялуу облусунда жашашат. Мындан сырткары Түндүк Шинжаңда (Синцзян -»Жаңы чек,ээлик») же Иле Казак облусунун Текес районунун Көк-Терек айылында 2 миңдей, Шаты айылында 2 миңдей, Жаман-Суу айылында 1,5 миңдей, Таш-Коргон Тажик Автономиялуу районунун Көк-Жарында, уйгурлардын Гума районунун Кең-Кыр айылдарында да кыргыздар бар. Кыргыздардын айрым бөлүктөрү Үрүмчү жана башка шаарларда, райондордо да жашашат.

КЫТАЙ-ЧЫГЫШ ТЕМИР ЖОЛУ (КЧТЖ) - 1896ж.13 июнда Москвада кытайдын өкүлү Ли Хунчжан, россиянын тышкы иштер министри князь А.Б.Лобанов-Ростовский жана каржы министри С.Ю.Виттелер менен Кытай - Чыгыш темир жолун куруу боюнча жашыруун келишимге кол койгон. Андан башка,эгерде кытай тарап россияга өзүнүн аскер-деңиз базасын бере турган болсо, Японияга каршы аларга өнөктөш болууга макулдугун берген. 1898ж. 15 мартта Пекинде Ли Хунчжан менен орус элчиси А.И.Павлов кол койгон конвенция боюнча Люйшун (Порт-Артур) портун 25 жылдык мөөнөт менен Россияга ижарага берүү жана ал шаарга чейин дагы КЧТЖ ун куруу жөнүндө макулдашылган.

КЫТАЙДАГЫ «МАДАНИЙ РЕВОЛЮЦИЯ» - 1966-1976 жылдары Кытай жарандарын коммунизм духунда кайра тарбиялоо багытында Мао Цзэдун тарабынан жүргүзүлгөн болуп көрбөгөндөй чоң компания. 1950-жылдардын аяк ченинде Мао Цзэдун өнүгүүнүн советтик моделинен баш тартып, кытайды тез арада алдыңкы өлкөлөрдүн катарына жеткирүүчү «үч желек» курсун сунуштаган. Тилеке каршы бул аракет өлкөнү туңгуюкка алып барып, кризиске такаган. Мунун күнөөкөрлөрүн Мао революциялык духту кармана албаган партиялык жана мамлекеттик жетекчилерден көргөн. Ошондой адамдардан тазаланууунун жолу катары маданий революция сунушталган. Бул

иш-чараны турмушка ашыруу үчүн Мао миллиондогон жаштарды, болгондо дагы жарым сабаттуу студенттерди жана окуучуларды пайдаланууну чечти. Эң биринчилерден болуп Пекин университетинин студенттерин өздөрүнүн жетекчилерине каршы чабуулга аттандырган. Студенттерден турган «хунвэйбиндер» деп аталган «кызыл гвардиячылыр» жана «цзаофандар» деп аталышкан жаш жумушчулардар куралган «жаш бунтарлар» түзүлө баштаган. 1966ж. август айында Мао Цзэдун «штабдарга от чачуу» деген ураан таштап, жаштарды «капиталисттик жолго «түшүп кеткен партиялык жана мамлекеттик ишмерлерге каршы тукурган. Андай адамдар өздөрүнүн кетирген катачылыктарын моюнга алышып, андан кийин гана кара эмгек менен кайра тарбиялоочу жайларга айдалышы керек болгон. Топтошкон хунвэйбиндер мамлекеттик-партиялык мекемелерди талкалап, аткаминерлер менен интеллигенттерди ур токмокко алып, шылдыңдашып, көкүрөгүнө кордогон сөздөр жазылган плакаттарды илип коюшуп көчөмө-көчө кыдыртышкан, көпчүлүк учурларда өлтүрүп да коюшкан. Бир эле Пекин шаарында 2 миңге жакын адам өлтүрүлгөндүгү маалым. Маданий революциянын каарына тушуккандардын арасында КЭРдин төрагасы Лю Шаоци жана Кытай Коммунисттик партиясынын Генералдык секретары Дэн Сяопин дагы бар эле. Аталган он жыл ичинде репрессияланган дардын саны 100 миллиондон кем болгон жок. Пролетардык маданиятка жатпайт деген шылтоо менен байыркы храмдар жана музейлер талкаланган. Бардык кытай жарандары атайын кызыл китепчеде жазылган Маонун эмгектеринен үзүндүлөрдү биргелешип окууга мажбурланышкан. Ошентип, Мао Цзэдундун кадыры өстүрүлгөн. Армия хунвейбиндерге жолтоо болгон эмес, алардын аракеттерине нааразы болгон аскерий жетекчилер камалган, ал эми коргоо министри Линь Бао, Маону колдогон. Маданий революция учурунда кытайдын Батыш өлкөлөрү жана СССР менен болгон мамилелери курчуган. Бүткүл мамлекеттер кытайга каршы деген шылтоо менен элчиликтер талкаланган. Бийлик хунвейбиндер менен цзаофандардан куралган «революциялык комитеттерге» өткөн. Чоң муштум жаштарды тыйган эч ким жоктугунан, алар эми, өз ара куралдуу кагылышуулурга чейин барышкан. 1960-жылдардын аяк ченинде эң жөнөкөй эле тартипти калыбына келтирүү максатында Мао анча-мынча реабилитациялоо жүргүзүп, армиянын көзөмөлүн орноткон, ал эми хунвейбиндерди болсо айыл жерлериндеги коммуналарга «кайра тарбиялоого» жөнөттүргөн. Тартипти орнотуу милдети өкмөт башчысы - Чжоу Эньлайга жүктөлгөн. 1976ж. Мао көз жумгандан кийин маданий революция өз жашоосун токтоткон. Анын жүрүшүндө Мао Цзэдун өз каршылаштарынан арылып, лидердик абалын чыңдаган. Экинчи жагынан маданий революция анын идеяларынын кадырын кетирип. кытайда реформалар зарыл экендигин айгинелеген.

КЫТАЙДАГЫ 1925-1928 жж. УЛУТТУК-БОШТОНДУК РЕВОЛЮЦИЯ - кытай элинин өлкөнү бириктирүү жана боштондукка чыгаруу үчүн болгон күрөшү. 1915жылдан баштап, Кытай чет мамлекеттерден көз каранды генералдардын (дубандар) башкаруусунда турган, бытыранды өз алдынча

провинцияларга бөлүнүп калган болучу. 1925ж. май айында Шанхай шаарында, улутчул студенттердин демонстрациясы чет элдик өкүлчүлүктөр жайгашкан жабык кварталды көздөй багыт алган. Аларды полиция ок атуу менен каршы алып, андан кийин иш таштоо менен митингдер өлкөдөгү ири шаарларды өз кучагына алган. Күндөн-күнгө Сунь Ятсен түзгөн Гоминьдан партиясынын кадыры өскөн. 1926ж. июлунда Гоминьдан сепаратисттик генералдарды баш ийдирүү максатында «Түндүк жортуулун» жарыя салган. Гоминьдан баштаган - Элдик-революциялык армияга (ЭРА) СССР чоң жардам көрсөткөн. Карапайым калктын колдоосу менен 1926-1927жж. ЭРА дубандардан өлкөнүн борбордук райондорун бошоткон. СССРден Кытайга аскерий кеңешчилер, курал-жаракталр, акча каражаттары жөнөтүлүп турган. Ошого карабастан 1927ж. апрелинде ЭРАнын командири Чан Кайши толук бийликти өз колуна алып, армияны жана Гоминьданды коммунисттерден тазалаган, репрессиялаган. 1928ж. июнда гоминьдандыктар Пекин шаарына киришкен. Ошентип Түндүк жортуулу ийгиликтүү аяктап, өлкө бириктирилип, революция өз максатына жеткен.

КЭМП-ДЕВИД КЕЛИШИМИ - тынчтык орнотуу боюнча түзүлгөн Израил менен Египеттин ортосундагы келишим. 1979ж. мартта кол коюлган бул келишимдин шартына ылайык, Израил 10 жыл ичинде Синайдан өз аскерин чыгарып кетет, ал эми Египет болсо, башка араб мамлекеттери менен мамилеси кандай болгондугуна карабастан Израил менен тынчтыкты сактайт, андан башка жөөттөрдүн мамлекетине мунай берип турат жана аны менен толук кандуу дипломатиялык мамилелерди орнотот. Бул келишимдин түзүлүшү араб өлкөлөрү үчүн артынан урулган канжардай болуп, алардын кээ бирлери Египет менен болгон дипломатиялык мамилелерин үзүүгө да барышкан. Андан башка Египет мунай-экспорттоочу араб өлкөлөрүнүн уюмунан чыгарылып, анын араб мамлекеттеринин Лигасындагы мүчөлүгү дагы токтотулган.

Л

ЛАМАИЗМ - б у д д и з м агымдарынын бири, Тибетте, КЭРдин айрым автоном. райондорунда, Монголияда жана Непал менен Индиянын кээ бир жерлеринде тараган. Ламаизмди жолдоочулар Бурят, Калмак жана Тува АССРлеринде дагы кездешет. Л-дин калыптануу процесси буддизм Индиядан Тибетке тарап, анда алгачкы бирдиктүү мамлекет пайда болгон учурга (7-9 к.) туура келет. 8-к. аягында буддизм Тибетте үстөмдүк кылуучу динге айланып, кечилдер жана монастырдык жер ээлөөчүлүк пайда болгон. Бул процесс 10-к. 2-жарымында аяктаган. Л-де Кадампа, Сакьяпа, Каджупа, Кармапа, Гелугба сыяктуу секталар пайда болгон. Жалпы буддизмдин махаянисттик агымына мүнөздүү белгилерден башка Л-дин өзгөчөлүгү бар: турмуштан аша кечүү, кыялга батуу, магия жана көп кудайга ишенүү. Л-ге

ырым-жырымдарды күчтөнтүү жана окуучуну окутуучуга - ламага толук баш ийдирүү мүнөздүү. Л-ге бодхисатваларга насаатчы катары гана эмес, турмуш-тиричиликке колдоо көрсөтүүчү кудурет катарында да өзгөчө маани берилет.

ЛЕНД-ЛИЗ (карызга берүү, ижарага берүү) - 1941-1945жылдарда АК-Шнын антигитлердик коалицияга* кирген өнөктөш өлкөлөргө берген карыздары же ижарага берген курал жарактар, ок дарылар, стратегиялык чийки зат, азык- түлүктөр.

ЛИБЕРАЛДАШТЫРУУ - бошондотуу.

ЛИБЕРАЛИЗМ (лат.эркин) - 1) парламенттик түзүлүштү, эркин ишкердикти, инсандын жарандык, саясий укугун жана эркиндигин жактагандарды өзүнө бириктирген идеологиялык жана коомдук-саясий агым. Либерализм биринчи орунга жеке инсандын кызыкчылыгын коет жана кандай гана коллектив болбосун анын кызыкчылыгы жеке адамдын кызыкчылыгынан жогору боло албайт деп эсептейт. Бул агым индивидуализм*, жарандык коом жана укуктук мамлекет менен тыгыз байланышкан; 2) көңүлчөөктүк, жумшактык, принципсиздик, душманына, алардын идеологиясына, жат көрүнүштөргө жумшак мамиле карануу; өтө эле кечиримдүүлүк.

ЛИНКОР (линейный корабль) - согуштук кеменин бир түрү.

ЛИЦЕНЗИЯ – 1) белгилүү бир товар же асыл нерселерди сыртка чыгаруу же киргизүү үчүн, мамлекет бийлигинин берген уруксаты. 2) жогорку уруксатты күбөлөндүргөн документ.

ЛОЗАННА ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИ (1923) - Лозанна конференциясында (1922-23) түзүлгөн. Ага бир тараптан Улуу Британия, Франция, Италия, Япония, Греция, Румыния, Югославия жана экинчи тараптан Туркия 1923-ж. 24 июлда кол койгон. Бул келишим боюнча Осмон империясынын кулагандыгы укуктук жактан ырасталып, Туркиянын аймагы анын азыркы чек аралары менен гана чектелип калган. Туркия менен Ирактын Мосул боюнча талашы - Туркия жана Улуу Британия тарабынан өз ара жөнгө салынбаса, Улуттар Лигасынын кароосуна берилээри чечилген. Бул келишимге ылайык Туркиядагы Эл аралык финансы контролу жоюлган; Туркия Оттоман (Осмон империясынын тышкы карызы) карыздарынын айрым бөлүгүн төлөөгө макул болгон. Лозанна тынчтык келишими Кемалчылардын революциясынын натыйжасында пайда болгон көз карандысыз түрк мамлекетин таанып, С е в р т ы н ч т ы к к е л и ш и м и н (1920) жокко чыгарган.

ЛОМБАРД (күрөөкана) – кыймылдуу мүлктү күрөөгө койдуруп, ссудаларды берүү менен иш алып баруучу кредиттик мекеме.

ЛЮЙШУНЬ, П о р т -А р т у р - Кытайдын Ляонин провинциясындагы шаар жана ири порт. Сары деңиздин жээгинде. Далянь шаары менен кошулуп, Люйда административдик районун түзөт. Кеме оңдоочу жана тамак - аш

өнөр жай тармактары бар. Орус мамлекети Л-ду 1898ж. Кытайдан 25 жылга ижарага алган. 1904-1945жж. шаар, япон баскынчыларынын карамагында болгон. 1945ж. 23 августта шаарды советтик армия бошотот. Ошол эле жылы кытай-совет макулдашуусу боюнча СССР менен Кытай Л-ду аскер-деңиз базасы катары 30 жыл биргелешип пайдалануу боюнча макулдашышкан. Кытайда элдик революция жеңгенден кийин (1949) кытай-совет макулдашуулары боюнча !1950,1952) Л. аскер-деңиз базасын СССР менен КЭР чогуу пайдаланышкан. 1955ж. СССР аскер күчтөрүн Л-дан алып чыгып кетип, андагы аскер курулуштарын КЭРге акысыз өткөрүп берген.

ЛЮМПЕН-ПРОЛЕТАРИАТ - социалдык статусу жок, көпчүлүк учурда кыштактан шаарга келип туруп калган адам.

М

МААЛЫМАТ (информация) СИСТЕМАСЫ - электрондук маалыматтарды чагылдыруунун, иштеп чыгуунун, берүүнүн жана сактоонун автоматташтырылган системасы. Маалымат системасына электрондук маалыматтарды кагазга түшүрүп басуу милдети дагы кирет.

МАКАО (АОМЫНЬ) - Кытайдын түштүк-чыгышындагы жарым арал, Сицзян дарыясынын батыш жагында, Гонконгдун бет мандайындагы Тайпа жана Колоане аралдары менен бирдикте Португалиянын ээлиги болуп келген. Аянты - 17 чарчы км., калкынын саны 395 400 адам, расмий тилдери португал жана кантон диалектисиндеги кытай тили, административдик борбору - Макао. Бул жерге 1497ж. саякатчы Васко да Гама келип кеткен. Ыраакы чыгыштагы зң алгачкы европалыктар туруктуу жашаган бул аймак, португалиялыктар тарабынан 1557ж. негизделген. 300 жыл пайдаланган-дыгы үчүн Кытайга жер акысын төлөп бергенден кийин 1849ж. бул жарым арал Португалиянын «эркин порту»- деп жарыяланган, бирок гаванды чогунду менен ылайка чайкагандыгына байланыштуу, анан да анын каршы жагындагы Гонконгдун күн санап дүркүрөп өсө башташы Макаонун соода борбору катары маанисин түшүрүп жиберген. Бул аралга Португалиянын «мөөнөтсүз кожоюндук кылуу укугун» 1887ж. манчжур өкмөтү тааныганы менен, КЭР өкмөтү бийлике келгенден кийин Макао маселесин көтөрүп, сүйлөшүүлөрдүн аркасында 1987ж. Португалия Кытайга бул жарым аралды 1999ж. өткөрүп берүүгө макул болгон. Бул жерде туризм, кумар оюндары жана балык кармоо өнүккөн, андан тышкары дагы текстил, электроника жана фейерверктер үчүн петарда чыгаруу жакшы жолго коюлган. Макао Кытайга өткөнгө чейин португалиялык губернатор тарабынан башкарылып турган. Азыр КЭРдин аймагына бириктирилген.

МАКРОЭКОНОМИКА (гр. чоң жана экономика) - бир өлкөнүн аймагын толук камтыган экономика, а мүмкүн бүткүл дүйнөлүк экономика. Ошондой

эле чарбаны, бизнести ж.б. ири масштабдуу экономикалык кубулуштарды жана процесстерди иликтөөчү экономика илимдеринин олуттуу бөлүгү. Макроэкономиканын объектиси - улуттук байлык, улуттук дүң жана ички дүң продукту, улуттук киреше, жалпы мамлекеттик жана жеке менчиктүү инвестициялары, жүгүртүлүүдөгү акчалардын жалпы саны сыяктуу жыйнакталган жалпылоочу көрсөткүчтөр болуп саналат. Ошону менен бирге макроэкономика өлкө боюнча орточо экономикалык көрсөткүчтөрдү, тагыраак айтканда орточо киреше, орточо эмгек акы, ишке чегеримдүүлүк, инфляция деңгээли, жумушсуздук, жумуш менен камсыз болуунун деңгээли, эмгек өндүрүмдүүлүгү сыяктуу көрсөткүчтөрдү изилдейт.

МАМЛЕКЕТТИН ЮРИСДИКЦИЯСЫ (сот иштерин жүргүзүү,сот жүргүзүү) - мамлекеттик органдардын фактылар боюнча укуктук баа берүү, юридикалык талаш маселелерди чечип берүү, санкция берүү, кандайдыр бир укук маселеси боюнча чечим кабыл алуу бийлиги, укугу. М.ю. термини өзүнүн жогоруда көрсөтүлгөн укуктары күчкө ээ болгон аймактардагы компетенциясын, соттун текшерүүсүн жүргүзүү, көзөмөлдөө, коргоо укуктарын туюндуруу үчүн дагы пайдаланылат. Өзүнүн территориясында (эл аралык келишимдер боюнча башкача укуктук нормалар киргизилип калган аймактардан башка) мамлекет өзүнүн юрисдикциясын толук деңгээлде жүргүзө алат. Өзүнүн территориясынын сыртында жайгашкан кээ бир райондордо мамлекеттик юрисдикция убактылуу же чектелген максатта жүргүзүлөт.

МАНДАТТЫК ТЕРРИТОРИЯЛАР (аймактар) - мандаттын негизинде Биринчи дүйнөлүк согушта жеңген өлкөлөргө Улуттар Лигасы тарабынан өткөрүлүп берилген Германиянын мурунку колониялары жана Туркиянын кээ бир эзелик жерлери. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин мандат системасы БУУнун опека* системасы менен алмаштырылган.

МАНЖУРЛАР (өздөрүн м а н ь ч ж у н я л м а дешет; кытайча - маньчжу, жэнь, ци жэнь) - эл. Түндүк-Кытайдын жергиликтүү калкы. Негизинен Түштүк Манжурияда жашайт. Жалпы саны 3 млн. Хэйлунцзян провинцияларынын кыштактарында жашагандар манжур тилинде, КЭРдин кээ бир районундагылары кытайча сүйлөйт. Дини негизинен будда жана даос. М. 17-кылымдын башынан бир элге биригишкен. Негизги кесиби - дыйканчылык, тоолуу райондорунда токой чарбачылыгы өнүккөн. Манжурлардын бир бөлүгү өнөр жайларда иштейт.

МАНИФЕСТ – жогорку бийликтин элге карата кат жүзүндө салтанаттуу үндөөсү.

МАНЬЧЖОУ-ГО (кыт.»манчжурия мамлекети») - Япония тарабынан Маньчжурияда түзүлгөн марионеткалык мамлекет. 1932-1945жылдары жашап турган. Башына манжурлар династиясынын акыркы өкүлү Пу И коюлган. Аны япон генералы Ёсиока такай жандап жүргөн, бардык маселелерди өзү чечип, керек болсо Пу Инин сүйлөй турган сөздөрүн дагы өзү жазгандыгы маалым. Маньчжоу-Годо баары япондуктарча калыптанып, керек болсо

мамлекеттик тил катары япон тили пайдаланылган. Ошондуктан Маньчжоу-Гонун орден, медалдары дагы японча жазылган. Анын территориясын япондуктар башка өлкөлөргө кол салуу үчүн плацдарм катары пайдаланышкан. Япон милитаристери М.-Годо Квантун армиясынын санын 12 миңден 780 миңге, М.-Гонун армиясын 170 миң адамга жеткирип, 1939ж. СССР менен Монголияга каршы Халхин-Гол дарыясынын жанында согуштук аракетке чейин барган. 1945ж. СССР Маньчжуриядагы япондуктардын Квантун армиясын талкалап, император Пу Ини колго түшүргөн. Ошентип Маньчжоу-Го мамлекети жоюлган, анын территориясы Кытайга кайтарылып берилген.

МАО ЦЗЕДУН (1893-1976) - 26 декабрда 1893ж. Хунань провинциясынын Шаошань кыштагында дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Адегенде менчик мектептен окуп, 1910ж. экинчи баскычтагы Дуншань башталгыч мектебинен окуган. Кийинки жылы провинция борбору Чанша шаарындагы орто мектепте окуусун уланткан. 1911ж. феодалдык монархияны кулаткан революциядан кийин, жарым жыл «Жаңы армияда» кызмат өтөгөн. 1913-18жж. Хунандагы төртүнчү провинциалдык педагогикалык училищеден билим алган. Болжол менен «4-майдагы кыймыл» (1919ж.) мезгилинде Мао Цзедун биринчи жолу марксизм идеялары менен таанышып, анын тарапкери болуп калган. 1919ж. «Синцзян обозрениеси» деген журнал чыгарып, 1920ж. Чанша шаарында коммунисттик топ түзгөн. Кытай Компартиясынын (ККП) негиздөөчүлөрүнүн бири катарында 1921ж. анын !-съездине катышкан. Партиянын чукул чакырылган кеңешмесинде Саясий бюронун мүчөлүгүнө кандидиат болуп шайланып, Борбордук Комитет (БК) тарабынан Хунань провинциясына жөнөтүлгөн. Ал жерде «күзгү түшүм көтөрүлүшүн» жетектеп, көтөрүлүшчүлөрдү Цзинганшань тоолуу аймагына эзрчитип барып, агрардык революция жасаган. Ошол аймак айыл жериндеги биринчи революциялык база болуп калган.1928ж. Мао жетектеген көтөрүлүшчүлөр Чжу Дэнин отряддары менен биригип, Кытайдын жумушчу-дыйкандардан турган Кызыл аскеринин 4-корпусу түзүлгөн. Мао Цзедун анда ККП нын өкүлү жана комиссары, ал эми Чжу Дэ командири болгон. 1929ж. Мао менен Чжу Дэ аскерлери Цзинганшандан түштүктөгү Цзянси жана батыштагы Фуцзянь провинцияларына барышып, жаңы революциялык базаларды түзүшөт. Кытайдын шартын эске алып, коммунисттер адегенде гоминдандык бийликтин таасири аз айыл жерлерин колго алып, анан шаарларга чабуул жасоо тактикасын тандашкан. 1930ж. Кызыл аскердин 1-чи фронту түзүлүп, Мао Цзедун анда ККПнын фронттук комитетинин катчысы жана саясий комиссары кызматын аткарган. Кийинки жылы Жуйцзинде (түштүк-чыгыш Цзянси) Кытай совет республикасынын Борбордук убактылуу өкмөтү түзүлгөндө, ал анын төрагасынын кызматын ээлеген. 1933ж. ККП БК Саясий бюросунун мүчөлүгүнө шайланган. 1934ж. Кызыл аскердин 1-фронту жана ККП БК «Улуу жортуулга» аттанышат. 1935ж. январда Цзуньи шаарында (Гуйчжоу пров.) ККП БК Саясий бюросунун кеңейтилген кеңешмеси болуп, анда БК индеги солчул авантюристтик жетекчилик четтетилип, башында Мао турган жаңы жетекчилик дайындалган. Бул окуя Мао Цзедундун триумфу эле.

Ошол жылдын аягында анын төрагалыгы астында Борбордук революциялык аскердик комитет түзүлгөн.

1937ж. Япониялык баскынчыларга каршы согуш башталганда Мао башында турган ККП БК гоминдан менен бирдиктүү фронт түзгөнгө барып, бирок көз каранды эместик жана демилгелүүлүк принциптерин карманган. Душмандын тылында партизандык кыймылды күчөтүп, антияпондук ири базаларды түзүү багытын улантышкан. 1943ж. Мао Цзедун ККП БК Саясий бюросунун төрагасы, 1945ж. ККП У!! съездинде ошол орунга кайра шайланып, бул кызматты өзү өлгөнгө чейин колунан чыгарган эмес. Япондуктарга каршы согуш аяктагандан кийин Гоминдан менен ККП нын ортосунда жарандык согуш кайра тутанган.

1 октябрь 1949ж. Мао Цзедун Тяньаньмэнь аянтында Кытай Эл Республикасынын (КЭР) түзүлгөндүгүн жарыялаган. 1949ж. декабрынан 1950ж. февралына чейин Мао СССРде болуп, Кытайлык-советтик достук,өнөктөштүк жана өз ара жардамдашуу жөнүндөгү келишимге кол коюп олжолуу кайткан. 1954ж. Бүткүл кытайлык эл өкүлдөрүнүн жыйыны (БЭӨЖ) чакырылып, анда КЭРдин Конституциясы кабыл алынып, КЭРдин төрагалыгына Мао Цзедун шайланган (1959 ж. чейин). 1958-60жж. анын демилгеси менен «улуу секирик» жана «элдик коммуналар» кампаниясы өткөрүлүп, өлкөгө чоң зыян келтирилген. Ошондой катачылык «маданий революция»учурунда дагы кайталанып, Мао Цзедундун өмүр жолундагы кара так болуп калган. Өмүрүнүн акыркы жылдарында кетирген өтө олутту катачылыктарына карабастан, ал, кытай элинин жүрөгүндө ККП, КЭРдин негиз салуучусу, кытай революциясынын жетекчиси катары жашап келет.

Мао Цзедун үч жолу үйлөнгөн :биринчи жолу Ян Кайхуэйге (1930ж. гоминдандыктардын колунан өлгөн), экинчи жолу Хэ Цзычжэнге, үчүнчүсү Цзян Цин. Анын эки уул, эки кызы болгон.

МАРИОНЕТКА (ит. Мария: орто кылымдардагы куурчак театрындагы бойго жеткен Мариянын элесин берген куурчактын аты) – 1) өзү көзгө көрүнбөй бирок жип же зым аркылуу актёр тарабынан кыймылга келип турган театрдагы куурчак; 2) өз эркы менен аракет кылбастан, бирөөнүн союлун согуп, камчысын чабуучу адам,өкмөт же мамлекет. Так теке.

МАРИОНЕТКАЛЫК МАМЛЕКЕТ - башкалардын колунда тил алгыч курал болгон, жеңил башкарылып жана толук көзөмөл астында турган мамлекет.

МАРОНИТТЕР - сириялык тамыры бар христиандык сектанын мүчөлөрү, көбүнчө Ливанда жашашат. Өздөрүнүн айтымында бул секта Иоанн Златоуст (407-ж. өлгөн) менен достук мамиледе болгон ыйык Марон тарабынан негизделген, бирок алардын жаралган тарыхы 7- кылымдан мурунку мезгилге туура келбейт. 1181-жылдан баштап мароништер Римдик католик чиркөөсү менен союздаш болуп келишет.

«МАРШАЛЛДЫН ПЛАНЫ» - бул экинчи дүйнөлүк согуштан кийин АКШнын экономикалык жардамынын негизинде иштелип чыккан жана жүзөгө ашырылып келген Европаны «калыбына келтирүү жана өнүктүрүү» программа-

сы. Расмий түрдө АКШнын мамлекеттик катчысы Ж.К. Маршалл тарабынан 5 июнда 1947 ж. жарыяланган. Иш жүзүндө Батыш Европада капитализмдин ордун бекемдөөгө багытталган. Ошол пландын алкагында АКШ 3 апрель 1948 ж. «чет өлкөлөргө жардам берүү жөнүндө мыйзам» кабыл алган.

Анын шартына ылайык жардам алуучу өлкөлөр - өнөр жайды улутташтыруудан баш тартып, жеке ишкердикке толук эркиндик берүүлөрү, америкалык товарларды өз өлкөсүнө ташып киргизүүдөн алынуучу бажы төлөмдөрүн төмөндөтүүлөрү, социалисттик өлкөлөр менен соода жүргүзүүнү чектөөлөрү зарыл эле. «Маршалдын планы» согуштан кийинки Европанын саясий жана экономикалык жиктелишине, ошондой эле Башында АКШ турган Батыш өлкөлөрүнүн согуштук-саясий НАТО* блогунун (1946ж.), ага жооп иретинде 1955ж. СССР баштаган социалисттик өлкөлөрдүн Варшава келишиминин* түзүлүүсүнө алып келген.

МАУНТБЕТТЕНДИН ПЛАНЫ - Индияны эки мамлекетке бөлүү жана аларга доминион укугун берүү жөнүндөгү, Улуу Британия өкмөтүнүн 1947ж. 3 июндагы декларациясы. Аны Индиянын вице-королу Л.Маунтбеттен түзгөн. М. п-на ылайык Индия индустардын Хиндустан, мусулмандардын Пакистан мамлекетине бөлүнүп, бул эки мамлекет 1947ж. 15 августта доминион болуп жарыяланган. М. п-нын Улуу Британиянын королу Индиянын көз карандысыздыгынын мыйзамы катары бекиткен.

«МАХАБХАРАТА» (санскритче -»Улуу Бхарата жөнүндө жомок») - инди элдеринин эпосу.Индиянын түндүгү менен түндүк-батышындагы элдер арасында оозеки айтылган жомоктор менен уламыштардын негизинде жаралган. Анын башаты Б.з.ч. 2 миң жылдыктын 2-чи жарымына таандык. Азыркы абалындагы формасы Б.з. 1-миң жылдыгынын орто ченинде түзүлгөн. «М» эпосунун борбордук сюжетин Хастинапура (азыркы Дели) шаарын бийлөөнү ниет кылган күчтүү эки уруунун жана алардын талапташтарынын ортосундагы согуш окуялары эзелейт. Ал окуялар эпопеянын айтылуу автору Вьяс ж. б.каармандардын атынан баяндалат.»М» да, башка эпостор сыяктуу фольклордук мүнөздөгү бир нече киринди окуяны камтыган 18 китептен турат. Анын ичинен кийинчерээк пайда болгон «Бхагавадгита» философиялык поэмасы 18-к-дын акырында англис,немец тилдерине которулуп, Европа элдерине тараган. «М-нын» үч китеби англисчеден орусчага которулган.

МЕМОРАНДУМ (лат.эске тутчу нерсе) - кандайдыр бир маселенин чындыгы баяндалган жана абалга укуктук анализ берилген же башка жактын далилдерине кошулбастыгы көрсөтүлгөн дипломатиялык документ. Ал нотага тиркелет же өзүнчө да жиберилет.

МЕНЕДЖЕР (англ. башкаруу) - жеке ишкананын күнүмдүк ишине жетекчилик кылып турган, жалданып иштеген, кесиптик даярдыгы бар кызматкер.

МЕНТАЛИТЕТ – 1) улуттук мүнөз, касиет, жөндөм; 2) акылдын, ойдун, таламдардын багыттуулугу жана ошолорго байланышкан (негизделген) тур-

муштук позиция, субъектин жекече жана социалдык көз карандысыздыгын айгинелеген жүрүм-турум модели.

МЭР – шаардык өзүн–өзү башкаруу кызматынын башчысы.

МЕТРОПОЛИЯ (гр.эне жана шаар) – колониянын үстүнөн ээлик жүргүзгөн мамлекет.

МИКРОНЕЗИЯ - Океаниядагы майда аралдар тобу. Тынч океандын батыш бөлүгүндө, экватордун түндүгүндө. М-га Мариана аралдары, Каролин аралдары, Маршалл аралдары, Гильберт аралдары, Ошен аралы, Науру ж.б.аралдар (бардыгы 1500 арал) кирет. Аянты 2622 чарчы км, калкы 250 миңден ашыгыраак, көпчүлүгү микронезиялыктар. Алардын көп бөлүгү - коралл атоллдору, калганы жанар тоо атылыштарынан пайда болгон. Эң ири аралы - Гуам (АКШнын карамагында), аянты 533,5 чарчы км, калкы 110 миң. Негизги кесиби-балыкчылык жана багбанчылык (кокос пальмасы).

МИКРОЭКОНОМИКА - чакан экономика (бир ишкананын же тармактын деңгээлиндеги экономика.

МИЛИТАРИЗМ – куралдануунy күчөтүү жана согушка даярдануу, аскер адамдарынын саясий үстөмдүгү.

МИЛЯ - жол узундугунун өлчөөсү; бул ар өлкөдө ар түрдүү болот: деңиз милясы (1852метр), кургактагы миля (1609метр).

МИССИОНЕР - башка диндеги калктын арасында өзүнүн динине үгүттөө үчүн чиркөө тарабынан жиберилген киши.

МИСТИКА - чындыкка карама-каршы (чындыкка төп келбеген) сырдуу нерсе.

МОБИЛИЗАЦИЯ – 1) мамлекеттин куралдуу күчүн тынчтык абалдан согуш абалына өткөрүү; 2) элди же эл чарбасынын белгилүү бир тармагын кандайдыр бир тапшырмаларды аткарууга (орундоого) тартуу.

МОДЕЛЬ – бир нерсенин үлгүсү, түрү, кеби.

МОДЕРНИЗАЦИЯ – 1) бир нерсеге азыркы замандын таламына жараша жаңы түр, бүгүнкү күндүн кебетесин берүү, узак мөөнөткө эсептелген комплекстүү реформалар аркылуу, индустрияга чейинки коомдон индустриалдык коомго революциялык жол менен өтүү концепциясы*. Ошондой өзгөрүүнүн негизинде коомдун социалдык институттарында жана адамдардын жашоо мүнөзүндө өтө олуттуу өзгөрүүлөр болуп өтөт. Модернизация деген бул же тигил өлкөнүн - капитализмдин маданияты, технологиясы жана илимий жетишкендиктери менен таанышуусу. Модернизациянын органикалык жана органикалык эмес деген эки түрү болот . **Органикалык** модернизация өлкөнүн өз өнүгүүсүнүн жыйынтыгы болуп, андан мурунку эволюциялар* тарабынан даярдалат (Англия, АКШ). **Органикалык эмес** модернизация – деген бул чет элдик жабдууларды жана патенттерди са-

тып алуу, башка элдик технологияларды пайдалануу, чет элдик адистерди чакырып келүү, өздөрүнүн жаштарын чет өлкөлөрдө окутуу, маалыматтык инвестицияларды алуу жолу менен өнүккөн өлкөлөрдү кууп жетүү аракети. Эгерде органикалык модернизация маданияттан, коомдук аң-сезимдин өзгөрүүсүнөн башталса, органикалык эмес модернизация биринчи кезекте экономикалык жана саясий өзгөрүүлөргө байланыштуу болот; 2) Модернизация - индустриалдык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү,анын өзүн-өзү өркүндөтүүгө жөндөмдүүлүгү.

МОГОЛДОР - Ооганстандын түндүк бөлүгүндө жашаган эл, саны 20 миң адам (1992). Жергиликтүү эл менен жуурулушуп кеткен, Х!!! кылымдагы монгол баскынчыларынын урпактары. Тили монгол тобуна кирет. Дини мусулман-сүннөттөр.

МОҢГОЛДОР (халка - моңголдору) - Монголиянын негизги калкы, саны боюнча 1,64 млн адам (1992). Моңгол тилинде сүйлөшөт. Кытайда дагы моңголдор бар (кытай моңголдору 5,24 млн адам). Дини буддизм.

МОНОПОЛИЯ – өндүрүшкө, соодага же бир нерсени пайдалануу (эксплуатация кылуу) жалгыз, жеке укук. •

МОНОТЕИЗМ - бир гана кудайга сыйынуу.

МОНАРХИЯ – падышачылык, жогорку бийлик бир кишинин, монархтын, падышанын гана колунда топтолгон мамлекеттик башкаруунун бир формасы.

МОНИТОРИНГ – айлана чөйрөдө адамдардын иш аракети менен пайда болгон өзгөрүүлөрдү, түрдүү оош-кыйыштарды аныктоо үчүн байкоо жана изилдөө жүргүзүлүүчү иштердин комплекси. Мониторингдин жыйынтыгын билгичтик менен пайдалануу ишкердикти өнүктүрүүгө үзүрлүү таасирин тийгизет.

«МОНТЕГЮ-ЧЕЛМСФОРД РЕФОРМАСЫ» - Индияны башкаруу жөнүндө мыйзам - Индияда улуттук-боштондук кыймыл күчөп турганда англиялык парламент 1919ж. кабыл алган мыйзам. Индиянын маселеси боюнча министр Э.Монтегю жана Индиянын вице-королу Ф.Челмсфорддун докладында (1918) жарыяланган. Анда генерал-губернаторго караштуу эки палаталуу мыйзам чыгаруучу орган- Мамлекеттик кеңеш жана Мыйзам чыгаруучу чогулуш түзүлөөрү белгиленип, генерал-губернатордун вето коюу укугу сакталган. Ири провинцияларда орнотулган диархия (кош бийлик) чынында жаңы түзүлгөн органдардын натыйжалуу иштешине тоскоол болгон; колониалдык эзүүнүн маңызын өзгөртпөй, эл катмарларынын нааразылыгын чыгарган. «М.-Ч. р.» 1935-жылга чейин колдонулган.

МОРАЛДЫК – (мораль , нравственность) – нравалык жүрүм–турум, адеп, жүрүм–турум эрежелери, этика.

МОРАТОРИЙ (нем.,лат. акырындаткан, кармап калган) - өкмөт тарабынан кандайдыр бир аракеттерди, кандайдыр бир милдеттерди аткарууну

кийинкиге жылдыруу же убактылуу токтотуп коюу (белгилүү мөөнөткө же кандайдыр бир чукул кырдаал аяктаганга чейин жарыяланат).

МОСКВА КЕҢЕШМЕЛЕРИ (1941,1943,1945) - СССР, АКШ ж-а Улуу Британия өкүлдөрүнүн экинчи дүйнөлүк согушту жүргүзүүнүн, согуштан кийинки тынчтыкты жөнгө салуунун кээ бир маселелери боюнча өткөрүлгөн.

Биринчи кеңешмеде (1941, 29 сент.-1 окт.) АКШ м-н Улуу Британия 1941ж. 1 окт.- 1942-ж. 30 июнь аралыгында СССРге ай сайын 400 учак, 500 танк ж.б. курал-жарак, материал жиберүүгө, ал эми СССР болсо берки эки өлкөнүн согуш өндүрүшү үчүн чийки зат берип турууга милдеттенген.

Экинчи кеңешмеде (1943, 19-30 окт.) согуш мөөнөтүн кыскартуу чаралары ж-дөгү маселе каралып, эң маанилүү үч документ («Жалпы коопсуздук ж-дөгү маселе б-ча төрт мамлекеттин деклорациясы»,»Италия ж-дөгү декларация» ж-а «Австрия ж-дөгү декларация») кабыл алынган.

Үчүнчү кеңешмеде (1945, 16-26 дек.). Европа ж-а Ы.Чыгышта согуштан кийин тынчтык орнотуу маселелери каралган. Италия, Румыния, Болгария, Венгрия ж-а Финландия м-н тынчтык келишимин түзүү шарты макулдашылган. Ы.Чыгыш комиссиясынын ж-а Япония үчүн Союздук советти ж-а Убактылуу Корей демократиялык өкмөтүн түзүү чечилген. Совет өкмөтү м-н дипломатиялык мамиле түзгөн Румыния ж-а Болгария мамлекеттерин АКШ, Улуу Британия тааныган.

МОСАДДЫК МОХАММЕД (22.05.1882 - 05.03.1967) - ирандын коомдук жана саясий ишмери. Ак сөөктөрдүн үй-бүлөсүнөн чыккан. Либералдык-демократиялык багыттагы ирандын коомдук-саясий уюму - Улуттук фронттун (УФ) башчысы болгон. Межилисте УФ Ирандын мунай өнөр жайын улутташтыруу программасын жактаган. 1951ж. Мосаддык өлкөнүн премьер-министри болуп калган. Анын өкмөтү казып алуучу жана кайра иштетүүчү өнөр жайды улутташтыруу саясатын улантып, Иран менен СССРдин байланыштарын чыңдаган. Бул саясат АКШ, Улуу Британия ж.б.жакпай, алар Иранды блокадага алышкан. 1953ж. сентябрда аскердик төңкөрүш аркылуу Мосаддыктын өкмөтү кулатылып, өзү камакка алынган. Түрмөдөн бошотулгандан кийин дагы шахтын полициясынын көзөмөлүндө калган. Бирок Ирандын мунай байлыктары акырындап мамлекеттин колуна өткөн.

МУСУЛМАНДАР ЛИГАСЫ - Пакистандын саясий партиясы. Британ Индиясынын мусулман коомдук уюмдарынын жетекчилеринин Дакка шаарындагы конференциясында 1906ж. түзүлгөн. М.л. Индиянын доминион укугун алышы үчүн бирге күрөшүү жөнүндө 1916ж. Индия улуттук конгресси менен макулдашкан. 1940ж. көз карандысыз мусулман мамлекетин куруу талабын коюп, Пакистан мамлекети үчүн күрөшкө жетекчилик кылган. Ал мамлекет түзүлгөндө (1947) М.л-нын жетекчилери бир аз жылдары борбордо да, жерлерде да бийлик башында турган, бирок 1954-56 жылдары бийликтен ажыраган. 1962ж. сентябрь-октябрда партия өкмөттү жактаган жана оппозицияда турган эки фракцияга ажырап, өлкөдөгү саясий кризис убагында (1969) М.л-нын позициясы начарлаган. М.л-нын көз карандысыз Бангла-

дештин түзүлүшүнө активдүү каршы чыккандыгына байланыштуу, 1971ж. декабрда Бангладеш Эл Республикасында анын иштешине тыюу салынган. Өкмөттү жактагандардын жетекчиси А.Каюм Хан 1972ж. З.А.Бхуттонун жарандык өкмөтүнө кирген. Ошол жылы октябрда Ф.К.Чоудхури жана М.М.Даултана жетектеген фракциялар биригип кеткен.

Н

НАКОПЛЕНИЕ - жыйноо, чогултуу, топтоо.

НАСЕР ГАМАЛЬ АБДЕЛЬ (15.01.1918 - 28.09.1970) - Египеттин президенти (1956- 1970). 1938ж. аскер академиясын бүтүргөн. 1948-1949жж. араб - израил согушуна катышкан. Куралдуу күчтөрдүн ичинде, король Фарукту кулатып, өлкөнү англиялыктардын эзүүсүнөн куткарууну максат кылып койгон «Эркин офицерлер» деп аталган жашыруун уюм түзгөн. 1952ж. король бийликтен кетирилип, Насер президент болгондон кийин, англичандардын колунда болуп келген Суэц каналын улутташтырууну жарыялап, Израил менен согушууга камына баштаган. Ага жооп кылып Израил Синай жарым аралын басып алган, ал эми Англия менен Франция өз аскерлерин Суэц каналынын аймагына түшүрүшкөн. Ушундай кырдаалда СССР Египетти колдоого алып, БУУнун аракети менен согуш токтотулган жана баскынчылар аскерлерин Египеттен чыгарып кетүүгө аргасыз болушкан. СССРдин жардамы менен Египетте көптөгөн өнөр жай ишканалары курулган, алардын ичинен Нил дарыясында курулган эң чоң Асуан плотинасын бөлүп көрсөтүүгө болот. Насер арабдарды бир мамлекетке бириктирүү аракетин көргөн. Алсак,1958-1961жылдары Бириккен Араб Республикасына Египет менен Сирияны бириктирген. 1967ж. Израил менен болгон согушта жеңилгендиги үчүн жоопкерчиликти өзүнө алып отставкага кеткенде, египеттиктер көчөгө толкуп чыгып аны кайрадан бийликке отургузушкандыгы анын кадырынын жогору экендигин көрсөтүп турат.

НАТУРАЛДЫК ЧАРБА - азык–түлүктү сатуу, алмашуу үчүн эмес, өздөрүнүн керектөөсү үчүн өндүрүүчү чарба.

НЕАНТРОПТОР - адам кейпин кийген Homo Sapens. Б.з.ч. 35-14 миң жылдарда пайда болгон.

НЕОЛИТ (жаңы таш доору) - Б.з.ч. У!!!-!!! миң жылдыктар, табигат берген даяр нерселерди керектөөчү чарбадан (жыйноочулук, аңчылык), өз колу менен өндүрүүчү чарбага (дыйканчылык, мал чарбачылык) өткөн мезгил. Неолит доорунда таштан жасалган буюмдар өркүндөтүлгөн (жылмаланган, көзөлгөн), чопо идиштери пайда болуп, жип ийрүү жана кездеме токуу башталган. Дөңгөлөк пайда болгон.

НИГИЛИЗМ (лат.,эч нерсе) - коомдук турмуштун нормаларын, морал принциптерин, маданият мурастарын танууну, жерүү, өгөйлөө.

НИНСЯ - ХУЭЙ АВТОНОМДУУ РАЙОНУ – Ички Монголиянын түштүк-чыгышындагы борпоң сары топуракту бөксө тоолордо, Кытайдын түндүгүндө жайгашкан; аянты 170 000 чарчы км., калкы 4 655 000 адам (1990), негизинен кытай (хань), хуэй (дунган) жана монголдор, административдик борбору – Иньчуань шаары. Кошуна провинциялардан түндүк жана түштүгүнөн тоолор менен бөлүнгөн бул аймак, Хуанхэ дарыясынын суусу менен сугарылат. Райондун кызыктуу жерлери - Сюйме тоосундагы үңкүр, Цысы императрицасынын күмбөзү, Хуанхэ дарыясынын батыш жээгиндеги 100 дөн ашуун пагоддор*- (Будда дининдегилердин сыйына турган үйү). Буудай, күрүч, тамеки, мөмө жемиштер өстүрүлөт, көмүр өндүрүү, кой чарбачылыгы өнүктүрүлгөн. Райондо 1862-71жж. дунгандардын улуттук-боштондук көтөрүлүшү болгон.

НОМИНАЛДУУ – курулай гана, аты бар заты жок, кагаз жүзүндө гана.

НОРМА – коомдо салт болуп белгиленген тартип.

НОТА - бир өкмөттүн башка бир өкмөткө жазган дипломатиялык каты.

НОУ-ХАУ – 1) документ түрүндө катталган жана мыйзам түрүндө корголгон техникалык билим, тажрыйба, өндүрүш сырлары; аларды башка жакка берүү шарттары лицензиялык* макулдашууларды ж.б. келишимдерди түзүп жатканда такталат. 2) коммерциялык баалуулукка ээ болгон техникалык, коммерциялык, башкаруучулук, финансалык ж.б. мүнөздөгү практикалык тажрыйба жана техникалык билимдер; 3) бир нерседен жаңылык тапкандагы жашыруун сыр.

НЮРНБЕРГ ПРОЦЕССИ - Германиялык фашизмдин башкы согуш кылмышкерлер тобун соттоо. Нюрнберг шаарында 1945ж. 20 ноябрдан 1946ж.1 октябрга чейин эл аралык аскер трибуналы өткөргөн. Сотто Германиялык фашизмдин 24 негизги аскер ишмери суралган. Процессте гитлерчилердин тынч турмушка жана адамзатка кас кылмыштары ашкереленген. Нюрнберг процессинде Геринг, Риббентроп, Кейтель, Кальтенбруннер, Розенберг, Франк, Фрик, Штрейхер, Заукель, Йодль, Зейс-Инкварт жана Борманды (сыртынан) дарга асууга, 7 кылмышкерди ар түрдүү мөөнөт менен түрмөгө (10 жылдан тартып өмүр бою) камоого өкүм чыгарган. Ошондой эле трибунал Улутчул социал партиясын, гестапо, ашкере улутчул партиянын жетекчилерин да күнөөлөгөн. СССРдин башкы айыптоочусу Р.А.Руденко чечкиндүү каршылык көрсөтсө да болбой, 3 кылмышкер (Шахт, Фриче, Папен) акталган. Нюрнберг процесси - согуш кылмышкерлерин соттогон тарыхтагы биринчи эл аралык процесс. Трибуналдын уставында көрсөтүлгөн эл аралык укуктун принциптери БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 1946ж. 11 декабрдагы резолюциясы менен ырасталган.

О

ОБЪЕКТ – 1) өзүбүздөн тышкаркы, айлана-чөйрөдөгү нерсе, реалдуу материалдык дүйнө; 2) нерсе, буюм; 3) ишкана, мекеме, курулуш.

ОБЩИНА – бир аймактын калкынын өзүн-өзү башкаруу уюму.

ОБЪЕКТИВДҮҮ - адамдын акыл–оюна, эркине баш ийбеген кубулуш,шарт.

ОЙРОТ ХАНДЫГЫ -17-18 кылымдарда Жунгариядагы (Түндүк-Батыш Кытай аймагынын бир бөлүгүндөгү) ойроттордун феодалдык мамлекети. Кара-Хулай менен анын уулу Батур-хунтайжинин ойрот княздыктарын бириктиришинин натыйжасында 1635 ж.түзүлгөн. О.х. Батур-хунтайжинин убагында (1635-1660жж.) күчтөнүп, Россия менен тынчтыкта соода кылуу саясатын жүргүзгөн. О х-н Галдан Бошокту-хан (1671-1697), Цэван-Рабдан (1697-1727), Галдан-Цэрэн (1727-1745), Цэван-Доржи (1746-1749) жана Лама-Доржен (1749-1753) бийлеген. О.х. кыргыз, казак, өзбек ж.б.элдерге каршы жүргүзгөн согуштарда начарлап, акыры Кытай-манжур мамлекетинин үч жолку (1755,1756,1757) кол салуусунан талкаланып, 1758 ж. жоюлган.

Ойрот феодалдары хандыкка бириккенче эле өздөрүнө коңшулаш кыргыз, казак, өзбек ж.б.элдерди багындыруу үчүн тынымсыз казатка чыгып турган. 1835ж. Жунгар хандыгы түзүлгөн соң ойроттордун баскынчы саясаты күчөп, уюшкан мүнөздө боло баштайт .Жунгар ханы Батур-хунтайжи 1635ж. Жети-Сууда жана казак талааларында жашаган кыргыз, казактарга жапырып кирип, казак ханы Эсимдин Түркстан шаарындагы ордосун алууга паракеттенген. Буга Эсимдин уулу Жангыр султан (Янгир султан) кыргыз, казактардан куралган кошуун менен каршылык көрсөткөн, бирок салгылашта жеңилген. Батур-хунтайжи 1643-44 ж. экинчи жолу 50 миң адам менен казат баштап, Жангыр султандын ээлигине жетпей, адегенде кыргыздардын, андан соң казак, өзбектердин соккусунан артка чегинген. 1652ж. Батур-хунтайжи кыргыз, казактарга каршы жаңы согуш ачкан. Согушта хандын колун баштаган Очорту-Цецен-хан (тайжи) кыргыздарды чоң жоготууга учураткан. Ойроттордун кыргыз, казактарга каршы 1655ж. баштаган казаты ойрондолуп, ойрот кол башчысы Ончон кыргыздарга колго түшкөн. Батур-хунтайжи өлгөндөн соң бийликке келген Галдан-Бошокту-хан Жунгар хандыгынын ордосун Иле дарыясынын жээгине көчүрүп, ал жерден кыргыз, казактарга каршы жаңы казатка аттанган. 1678ж. Чыгыш Түркстанды басып алган ; 1683,1684,1685ж. Ферганага жасаган казатында Сайрам шаарын (азыркы Чымкент) караткан. Галдан-Бошокту-хандын асыранды уулу Цеван-Рабдан атасынын кыргыз, казактарга каршы баскынчылык саясатын уланткан.

Тарыхий маалыматтарга караганда 18-к.аягында кыргыздардын ойротторго каршы күрөшү уюшкан мүнөздө боло баштаган, алар Цеван-Рабдандын ордосуна сейин чабуул коюп турушкан. Ошондуктан Цеван-Рабдан өзү кыргыз-казактар менен чек арасына көп аскер кармоого аргасыз болгон. Цеван-Рабдандын асыранды уулу Галдан-Цэрэндин жетеги менен 1732ж. Тянь-Шандан тоолуу аймактарындагы, Кетмен -Төбөдөгү кыргыздарга казат

жасаса да, аларды карата алган эмес. Ойроттор 1745-48ж. Батыш Түркстан менен Хожентти бийлеп турган Абдулкеримге каршы согуш ачкан. Баскынчыларга каршы Абдулкерим баштаган күрөшкө кыргыздар да активдүү катышкан. 1748ж. жазында Галдан-Цэрэн өлгөн соң бийликке келген Цэван-Доржи Абдулкеримге каршы 8 миң адамдан турган аскерин зайсан (князь) Давацтын башчылыгы менен жөнөткөн. Салгылашта Абдулкерим кыргыздардын жардамы менен ойротторго сокку урган. 1749ж. зайсан Доржи кыргыздарды багынтуу үчүн 10 миң кол менен жортуул баштап, салгылашта кыргыздардан толук талкаланган. Цеван-Доржи өлтүрүлгөн соң бийликке келген анын иниси, Лама-Доржен 1749 ж.кыргыздарга каршы 10 миң кол менен аттанган. Бирок ал кыргыздардан талкаланып, чегинүүгө аргасыз болгон. Ошентип ойроттордун эки кылымга созулган баскынчыл согушунда кыргыз эли көз карандысыздыгын алдырган эмес. Кыргыз элинин ойротторго каршы согушу «Курманбек», «Эр Табылды», «Жаныш-Байыш» ж.б.элдик чыгармаларында кеңири баяндалат.

ОКЕАНИЯ -Тынч океандын борбордук жана батыш бөлүгүндөгү аралдар тобу (10 миңче). Аянты 1,26 млн чарчы км. Түндүк жарым шардагы субтропик менен Түштүк жарым шардагы мелүүн алкактардын ортосунда жайгашкан. Эң ири аралдары-Жаңы Гвинея жана Жаңы Зеландия О-нын 80% ын түзөт. Жер шарындагы кургактыкты дүйнө бөлүктөрүнө ажыратканда О. Австралия менен биригет. Калкы 9 млн. Жергиликтүү эли - папуастар, меланезиялыктар, микронезиялыктар жана полинезиялыктар.

ОККУПАЦИЯ – башка бир мамлекеттин жерин аскер күчү менен басып алуу.

ОПЕКА – жашы жетпеген, оорулуу же ошол өңдүү жарандардын жеке укуктарына жана мүлктөрүнө мамлекет тарабынан көзөмөл жүргүзүлүүсү.

ОППОЗИЦИЯ – каршы аракет, кандайдыр бир партиянын же парламенттин, коомдун ичинде анын көпчүлүгүнө каршылык көрсөтүү саясатын жүргүзгөн топ.

ОРТОДОКСАЛДЫК – белгилүү бир көз карашта бекем турган.

ОФФШОРДУК КОМПАНИЯ - белгиленген тартипте катталган чет элдик компания (анын ээлери жана кирешесинин булактары чет мамлекетке тиешелүү болот). Ал түшкөн пайдадан алынуучу салыктан бошотулуп, адатта шарттуу түрдө уставдык фондусу бар. Офис, байланыш каражаттары, кызмат орундарынын болушу милдетүү түрдө эмес, жоопкерчиликтүүлүгү чектелген коом катарында түзүлөт.

П

ПАРИЖ ТЫНЧТЫК КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1919 -1920) - Биринчи дүйнөлүк согушта (1914 -1918) жеңген державалар менен жеңилген өлкөлөр орто-

сундагы тынчтык келишимдердин долбоорун иштеп чыккан эл аралык конференция. Тыныгуулар менен 1919 -жылдын 18 январынан 1920 -жылдын 21 январына чейин Парижде өткөн. Ага Улуу Британия, Франция, АКШ, Италия, Япония ж.б. мамлекеттер катышып, АКШ, Улуу Британия, Франция өлкөлөрүнүн үстөмдүгү астында өткөн. Германия жана анын өнөктөштөрү алар менен түзүлүүчү келишимдин долбоору иштелип чыккандан кийин гана конференцияга катыша баштаган. Советтик Россия конференцияга чакырылган эмес. П.т.к. Германия, Австрия, Болгария, Венгрия, Турция менен түзүлүүчү келишимдерди даярдап, Улуттар лигасын түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. П.т.к.даярдаган келишимдер Вашингтон конференциясы (1921-22) кабыл алган келишимдер менен бирге империализмдин Версаль-Вашингтон системасынын негизин түзгөн. П.т.к.башкы катышуучулары Россиядагы Совет бийлигин жоюу планын талкуулаган.

ПОЛЕАНТРОПТОР - неандерталец*.

ПАКТ - көпчүлүк учурда зор саясий мааниге ээ болгон эл аралык келишим.

ПАЛЕСТИНАЛЫК АРАБДАР (палестиналыктар) - Палестинанын түпкү калкы. Жалпы саны 5,5млн адам (1992): анын 826 миңи Израилде, 973 миңи Иордан дарыясынын батыш жээгинде, 645 миңи Газа секторунда, 2,23 млн Иорданияда, калгандары ар башка өлкөлөрдө качкын макамы менен жашашат. Араб тилинде сүйлөшөт. Дини негизинен мусулман-сүннөттөр.

ПАЛЕСТИНАНЫ БОШТОНДУККА ЧЫГАРУУ УЮМУ (ПБЧУ) - Палестиналык арабдардын эң чоң саясий уюму. 1964ж. араб элдеринин лидерлеринин кеңешмесинде «өз жерлеринен адилетсиз куулуп кеткен 2 млндой палестиналык арабдардын кызыкчылыгын коргоо «максатында түзүлгөн. Ал өзүнө Палестиналык каршылык көрсөтүү кыймылынын көпчүлүк уюмдарын жана көптөгөн палестиналык коомдук уюмдарды бириктирген. ПБЧУ дагы жетекчилик Палестинанын Улуттук Кеңеши тарабынан ишке ашырылган. 1968 ж.баштап бул уюмга түрдүү партизандык кыймылдардын өкүлдөрү дагы кирген. Алгачкы жылдары ПБЧУ өзүнүн максаты катары Израил мамлекетин жоюу, Көчүп келген жөөттөрдүн көпчүлүгүн Палестинадан кууп чыгуу жана өздөрүнүн «демократиялык жана жарандык мамлекетин»түзүү милдеттерин койгон. ПБЧУ га кирген негизги уюмдар: Палестинаны боштондука чыгаруунун улуттук кыймылы, Палестинаны боштондукка чыгаруунун элдик фронту, аль-Сайка («Элдик-боштондук согушунун» авангарды), Элдик күрөштүн фронту, Палестинаны боштондукка чыгаруунун демократиялык фронту. 1969ж.уюмдун башына Я.Арафат келген. 1972ж. ПБЧУга жакын эсептелген топтордун бирөө Мюнхендеги олимпиада мезгилинде израилдик спортсмендерге карата террористтик аракет жасаган. 1974ж. ПБЧУ Палестиналык араб элинин бирден-бир мыйзаидуу өкүлү катары араб өлкөлөрү жана БУУ тарабынан таанылган. 1987ж. декабрда Палестинада Я.Арафаттын демилгеси менен «интифада»- арабдардын «куралсыз көтөрүлүшү», Израилдик товарларга бойкот жаоыялоо, израилдик конуштарга кол салуу, демонстрация уюштуруу ж.б. башталган. 1988 ж.ПБЧУ Из-

раил мамлекетинин жашоого болгон укугун таанып, ага каршы террористтик аракеттерден баш тарткан. 1988ж.ноябрда ПБЧУ «Палестина мамлекетинин» түзүлгөнүн жарыялаган, 1989ж. 2 апрелде Палестинанын Улуттук Кеңеши Я.Арафатты палестина мамлекетинин президенттигине шайлаган, 1993ж. Израил менен Палестина автономиясын түзүү жөнүндөгү келишимге кол койгон. Тилеке каршы, 2000ж.палестиналыктар менен Израилдин ортосундагы карама-каршылык кайрадан тутанган. 2004 жылдан тарта ПБЧУнун аткаруу комитетинин төрагасы Махмуд Аббас.

ПАРАСЕЛЬ АРАЛДАРЫ - Кытайдын Хайнань аралынын түштүк-чыгышындагы Түштүк-Кытай деңизиндеги риф жана 130 чакан түшүм бербеген коралл аралдарынан турган топ. Парасель аралдары мунай кенине жакын жайгашкан, ошого байланыштуу Кытай менен Вьетнамдын ортосундагы талаш аймак болуп эсептелет.

ПАТЕНТ - 1) Ойлоп табуучуга өзүнүн ойлоп тапкан ачылышын пайдалануу укугун берүүчү күбөлүк; 2) соода же өндүрүш иши менен шугулдануунга укук берүүчү документ.

ПАЦИФИЗМ (лат.бейпилкеч, тынчтыкчыл) - согуштун моралга жат мүнөзүн айыптоо, аны болтурбоонун башкы каражаты дегендердин кыймылы. Пацифисттер согуштун бардык түрүн, атүгүл бөштондук үчүн согушту да айыптайт. Алар согушту чыгарган социалдык-экономикалык жана саясий шарттарды четтетпей туруп эле ишендирүү, тынч өтүнүч жолу менен согуш чыгарбай коюуга болот дешет. Алгачкы П. уюмдары Наполеон согуштарынын кийин Улуу Британия менен АКШда пайда болгон. Көптөгөн пацифисттер, айрым пацифисттик уюмдар Тынчтыкты жактоочулар кыймылына кошулушкан.

ПЕРЕМИРИЕ – убактылуу тынчтык, убактылуу элдешүү, жарашуу (согушуп жаткан эки жактын тең макулдашуусу боюнча согуш аракеттерин убактылуу токтотуу).

ПЕРЛ-ХАРБОР - XX кылымдын 1-чи жарымындагы америкалык флоттун Тынч океанындагы эң ири базасы. Гавай аралдарында жайгашкан. 7 декабрда 1941 ж. курамында 6 авианосец, 2 линкор, 3 крейсер, 11 эсминец жана 3 суу астында жүрүүчү кемелери болгон япон флотунун тобу Перл-Харбордо жайгашкан америкалык флотко жашыруун жакындап келген. Авианосецтерден көтөрүлгөн япондук авиация америкалык флотко бомба таштап, торпедо менен аткылашкан. Океанга чыгууга даяр турган 8 линкордун баары, 8 крейсердин 6 су сууга чөктүрүлгөн. 272 учак өрттөлгөн. 2402 америкалык аскер өлтүрүлгөн. Японуктар 29 учагынан ажыраган. Ушул окуянын артынан АКШ Японияга жана Германияга согуш жарыялаган.

ПЕРМАНЕНТТИК - үзгүлтүксүз, токтоосуз.

ПЕРСИ КЫСЫГЫНДАГЫ СОГУШ (1991ж.) - Иракка каршы болгон НАТОго кирген жана аларга өнөктөштүгүн билдирген араб өлкөлөрүнүн согушу.

1990ж. Ирактын диктатору С.Хусейн коңшу мунайга бай Кувейт мамлекетин басып алган. Бул акция менен эл аралык укуктарды көз көрүнөө бузгандыгын бетке тутуп, БУУ бардык өлкөлөрдүн Ирак менен соода жүргүзүүсүнө санкция салган. Ошол эле мезгилде Перси булуңуна Батыш өлкөлөрүнүн чоң деңиздик эскадрасы келген. ал эми коңшу Сауд Аравиясынын аймагына НАТОнун күчтүү аскер топтому жайгаштырылган. 1991ж. февраль айында «чөлдөгү бороон» деген аталыштагы аскердик операция башталган. Булуңда жайгашкан АКШнын жана анын өнөктөштөрүнүн авиациясы Ирактын, Кувейттеги ирактын аскерлерин бомбалоого алган, танкалары киргизилген. Хусейндин аскерлери аларга туруштук бербей ирактын түпкүрүнө качкан. Бирок алар Кувейттен качып бара жаткан учурда жүздөгөн мунай скважиналарын өрттөп, экологиялык алаамат салышкан. Ирактын өзүндө Хусейндин бийлигине каршы күрттүрдүн жана шейит мусулмандардын көтөрүлүшү башталган. Ушундай шартта С.Хусейн БУУнун талаптарына баш ийип, өлкөдөгү химиялык куралдарын жана кыргын салууга жөндөмдүү согуш куралдарын чыгаруу технологияларын жоюга макулдугун берген. Бирок Иракка каршы киргизилген санкциялар алынып салынган эмес.

ПЕТАРДА - жасалма снаряд.

ПЕТИЦИЯ - жогорку бийликке жазылган көпчүлүктүн өтүнүчү,суроосу.

ПЕХЛЕВИ РЕЗА (16.03.1878-1944) - Ирандын шахы (1925-1941), Пехлеви династиясынын негиздөөчүсү. Офицер, казактар бригадасынын командири. Аскерлери менен 1921ж. февралында Тегеранга кирип аскерий төңкөрүш жасагандан кийин, ал жаңы өкмөттө согуш министри жана армиянын командачысы болуп калган. Реза Пехлевинин демилгеси менен өлкөдө реформалар башталган. Армия кайрадан түзүлгөн, анын талабы боюнча өлкөдөн 1921ж. советтик, 1923ж. англиялык аскерлер чыгарылган. 1923ж. октябрда Реза премьер-министрлик кызматты эзлеп, өзүнүн диктатурасын орноткон. 1925ж. Кажарлар династиясынын акыркы өкүлүн тактан түшүрүп, 12 декабрда өзүн Ирандын шахы деп жарыялаган. Жаңы шах феодалдык хандардын сепараттык аракеттерин аёсуз басып, өлкөнү борбордоштуруу жана маданий жактан модернизациялоо багытындагы реформаларды ишке ашыра баштаган. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарындагы анын Германияга жан тарткан саясаты даана билингенден кийин, 1941ж. СССР менен Улуу Британия Иранды биргелешип басып алуу жана шахты бийликтен кулатуу чечимине келишкен. Реза Пехлеви 3 жылдан кийин Түштүк Африка республикасында каза болгон.

ПЕХЛЕВИ МОХАММЕД РЕЗА (26.10.1919 - 27.07.1980) - Ирандын 1941-1979 жж.шахиншахы («падышалардын падышасы»,шах). Реза-шах Пехлевинин уулу. Бийликке.советтик жана англиялык аскерлер Иранга киргизилгенден кийин атасы бийликтен өз ыктыяры менен четтетилгенде келген. Жаңы шахтын бийлиги чет элдик концессионерлердин (баарынан мурда Англо-иран мунай компаниясынын) укуктарын жана артыкчылыктарын таа-

ный тургандыгын тастыктаган. 1953ж. шахтын бийлиги бардык саясий партиялардын жана саясий уюмдардын ишмердигине тыюу салган, жарандык укуктар жок кылынып, аскердик абал киргизилген. 1950 - жж. орто ченинде катарында он миңдеген адамдар кызмат кылган, оппозицияга каршы репрессиялары менен элдин эсинде калган- жашыруун полиция -коопсуздук жана информация уюму (САВАК) түзүлгөн. 1955ж. Багдад пактысына (1959 жылдан СЕНТО) кирген. 1959ж. Ирандын аймагында американын аскердик базасы пайда болгон. 1962ж. Пехлеви өлкөнү модернизациялоого багытталган «Шахтын жана элдин Ак революциясы» деген реформасын баштаган. Америкага жан тарткан шахтын саясаты элдин кеңири катмарынын, өзгөчө диний адамдардын кыжырдануусун жараткан. Өлкөдө курчуган социалдык-саясий кризистен улам 1978-1979 жылдары революция болуп, монарх өлкөдөн качып кетүүгө аргасыз болгон. Египеттен баш коргоо тапкан Мохаммед 1980 ж.каза болгон.

ПИТЕКАНТРОП (гр.маймыл+адам) - эң алгачкы адамдар тобу - архантроптордун өкүлү. Анын сөөгүн голландиялык окумуштуу Э.Дюбуа 1890-92-ж.Ява ааралынан тапкан. П. кадимкидей жакшы баса билиши, мээсинин чоңдугу (орточосу 900 куб см) жана татаалдыгы менен айырмаланган. Ал мындан 500 -700 миң жыл, жаңы маалыматтар боюнча 1,2 млн жыл мурда жашаган.

ПЛАСТИКАЛЫК - бир формага келтирилгенде ошол бойдон туруп калмай масса.

ПЛАЦДАРМ - согуштук операцияны даярдап жана аны жайылтуу үчүн пайдалануучу аймак, кимдир бирөөлөргө каршы согуштук аракеттер башталуучу территория; дарыянын же дениздин душмандар ээлеп турган жээгинен ээлеп алган тилке, ал андан аркы аскердик чабуул үчүн зарыл болот.

ПЛЕБЕЙ (лат. карапайым калк) - 1) алгачкы мезгилдерде саясий укуктардан пайдаланбаган Байыркы Римдеги эркин (б.а.кулга айданбаган) адамдарынын төмөнкү катмарынын өкүлү. 2) Орто кылымдардагы Батыш Европадагы шаарлардын жакыр жашаган катмары.

ПЛЕБИСЦИТ (лат.элдин чечими) - кандайдыр бир өтө маанилүү маселелерди чечүү максатында өткөрүлгөн жалпы элдик добуш берүү; референдум.

ПОДПОЛЬЕ – өкмөттөн жашырын иштелүүчү иш.

ПОДРАЗДЕЛЕНИЕ – бөлүк, бөлүм; бөлүмдүн курамындагы согуштук бөлүкчө.

ПОДРЯД – жерди үй бүлөгө ижарага берүү.

ПОЛИМЕТАЛЛ – бир нече металлдын кошундусу.

ПОЛИТЕИЗМ (поли+гр.кудай) - көп кудайга сыйынуу. П. коом таптарга жиктеле баштаган тушта чыккан. П-де керемет дүйнө (сверхестественный мир)

өз ысмы, өз кейип-кешпири, табиятта жана коомдо өзү башкарган аймагы жана азбы-көппү бийлиги бар кудайлардын иерархиясы катары көрсөтүлөт. П-дин түшүнүктөрү жана ритуалдары м о н о т е и з м д е да кездешет. П. байыркы Египетке, Грецияга, Римге, ошондой эле азыркы Индияга, Японияга мүнөздүү.

ПОРТ – кемелер же учактар туруучу жай.

ПОСОБИЕ - жардам.

ПОСТИНДУСТРИАЛДЫК КООМ –1) бул индустриалдык коомдон кийинки мезгилдеги коомдун өнүгүү баскычы ; ага: кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн өркундөшү, жашоонун бардык чөйрөсүндө техниканын жетишкендиктеринин жана жалпы компьютерлештирүүнүн жайылышы, алга сүрөөчү милдеттин: ишкерлерден окумуштууларга, корпорациялардан университеттерге өтүшү; мындай коомдун бул же тигил өлчөмдөгү белгилери өнүккөн өлкөлөрдө кездешет; 2) америкалык социолог Д. Белл (1919 ж.төрөлгөн) тарабынан сунушталып, коомдук өнүгүүдөгү кээ бир өнүккөн өлкөлөрдүн индустриалдык этаптан «кийинки» этапка өтүүсүн мүнөздөгөн аталгы. Постиндустриалдык коомдо негизги чечүүчү орун илимге өтөт, теориялык билим жаңы нерселерди турмушка киргизүүнүн булагы болуп калат. Жаңы «интеллектуалдуу» (акылдуу) техника, компьютерлештирүү жана маалымат системасы кеңири өнүктүрүлөт. Корпорациялардын ордун университеттер, бизнесмендердин ордун окумуштуулар менен адистер басат. Кызмат көрсөтүүнүн экономикасы пайда болот. Социалдык чөйрөдө болсо карама-каршылыктар менен теңсиздик сакталат.

ПОТЕНЦИЯ – бир кыймыл аракетке келүү үчүн жарамдуулук, жөндөмдүүлүк, мүмкүндүк жана жетишээрлик күчкө ээ болуу.

ПОТСДАМ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ (1945) - Улуу Британия, АКШ жана Кытай өкмөттөрүнүн атынан 26 июнда Потсдамда жарыяланган. Анда экинчи дүйнөлүк согушта фаш. блоктун бир катышуучусу - Япониянын кыңк этпей багынышы талап кылынган. Декларацияда Япониядагы милитаристтердин бийлигин жана таасирин жоюу, япон аймагын убактылуу багынтуу. АКШ, Улуу Британия жана Кытай өкмөттөрүнүн Каир конференциясында (1943) кабыл алынган Декларациясын орундатуу, Хонсю, Хоккайдо, Кюсю, Сикоку а-дарына, о.эле чакан аралдарда Япониянын бийлигин чектөө, өлкөдө демокр.салтты чыңдоого каршылык көрсөтпөө, япон экономикасын тынч турмушка өткөрүү ж.б.каралган. Япон өкмөтү П. д-нын талаптарын четке каккан (1945,28 июль). Бирок П д-на СССР кошулуп (1945, 8 авг.),Японияга каршы согуш ачканда (9 авг.), япон өкмөтү 1945ж. 14 августта П.д-нын шарттарын кабыл алганы тууралуу билдирген.

ПОТСДАМ КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1945), Берлин конференциясы - СССР, АКШ жана Англия өкмөт башчыларынын 1945-жылдын 17 июлунан 2 августуна чейин Потсдамда өткөргөн конференциясы. П. к-нын ишине тыш-

кы иштер министрлери, аскер кеңешчилери жана эксперттер катышкан. П. к-нын негизги маселеси Германияны демилитаризация кылуу (милитаризмден куткаруу), денацификация кылуу (нацизмден арылтуу) жана демократиялаштыруу болгон.

П.к-нын катышуучулары Германияга карата саясаттын негизги багыттары ж-дө макулдашууга жетишкен. Крым конф-нын чечимине ылайык Потсдам кеңешмеси Германияны толук куралсыздандыруу, куралдуу күчтөрү менен согуштук өнөр жайларын жоюу, бардык фаш.уюмдарын таркатуу чараларын белгилеген. Германия агрессиясынан жапа чеккен өлкөлөргө алар тарткан зыяндын жарым-жартылайын төлөө б-ча атайын келишимге кол коюлган. П. к-нда багынган Германияга убактысынча бийликти СССР, АКШ, Улуу Британия жана Франциянын куралдуу күчтөрүнүн башкы командачылары жүргүзөрү макулдашылган. Конф-да Полшанын жаңы чек арасы белгиленип, Сов.Союзуна Кёнигсберг ш. (1946-жылдан Калининград) жана ага чектеш райондор берилген. Анда Германия жана анын мурдагы өнөктөштөрү менен тынчтык келишим даярдоо үчүн Тышкы иштер министрлеринин кеңеши түзүлгөн. СССР, АКШ жана Улуу Британия Германиянын бардык флотторун тең бөлүп алууга, суу асты менен жүрүүчү кемелерди чөктүрүп жиберүүгө макулдашкан. Согуштун башкы кылмышкерлерин эл аралык аскер трибуналына берүү чечилген. П. к. жалпысынан согуштан кийинки абалды жөнгө салууга багытталган чечимдерди кабыл алган. Бирок батыш державалар анын чечимдеринен көп өтпөй баш тартышкан.

ПРАГМАТИЗМ – чындыктын объективдүү мыйзамдарын таануучу, турмуш чындыгына тике кароочу, туура салмактап таразалоочу аракет.

ПРЕМЬЕР-МИНИСТР - (фр. биринчи министр) - өкмөт башчысы.

ПРЕФЕКТ (лат. башчы) - Байыркы Римде - бир катар административдик, соттук жана согуштук кызматтар; Францияда-провинциядагы эң жогорку өкмөттүк чиновник; кээ бир өлкөлөрдө -шаардык полициянын начальниги.

ПРЕФЕКТУРА -1)кызматтык имарат, бөлмө, префекттин концеляриясы; 2) кээ бир өлкөлөрдөгү административдик-территориялык бөлүкчөнү башкаруучу орган, Мис.:Францияда-департамент; 3) Японияның негизги административдик-территориялык бөлүкчөсү.

ПРИОРИТЕТ – биринчилик, алдыңкы орунда турган асылзаттык.

ПРОВИНЦИЯ -1) Байыркы Римде жеңип, багындырып алган өлкө; 2) кээ бир мамлекеттерде областтык, административдик бөлүкчө; 3) Падышачылык Россияда - алыскы губерниянын бөлүгү; 4) маданий борбордон алыс жер.

ПРОЛЕТАРИАТ – индустриалдык коомдо көбүнчө кол эмгеги менен эмгектенген жалданма жумушчуларды өзүнө камтыган социалдык топ. Пролетариаттын жашоосунун булагы, бул анын өндүрүш каражатынын ээсине өз күчүн сатуусу болуп эсептелет; марксизмдеги жана башка социалисттик

жараяндардагы пролетариат түшүнүгү бул – коомдун жетектөөчү күчү катары аныкталган жумушчу табы: XX кылымдын 2-жарымынан баштап өнүккөн өлкөлөрдө илимий- техникалык прогресстин жана калкка кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн кеңири жайыла башташы менен сан жагынан кыскарып анын аткарган ишинин мүнөзү, жашоо деңгээли жана маданий өнүгүүсү боюнча башка социалдык топтордон айырмачылыгы жоюлуп бара жатат.

ПРОПАГАНДА (лат. жайылтууга тийиштүү) – 1) кандайдыр бир идеяларды, окууларды, билимди жайылтуу жана тереңдетип түшүндүрүү; кеңири массага саясий мүнөздөгү идеялык жактан таасир этүү; 2) жетишкендиктерди, жакшы жактарды мактоо, жайылтуу.

ПРОТЕКТОРАТ (лат. колдоочу, коргоочу) - бир мамлекеттин экинчи мамлекеттен болгон көз карандылыгынын формасы. Анда көз каранды мамлекет өзүнүн ички саясатында гана өз алдынча чечкени менен, анын тышкы саясатын, коргонуу маселесин ж.б. метрополия өз билгениндей жүргүзөт. Жалпылап айтканда протекторат колониализмдин бир түрү.

ПРОТЕКЦИОНИЗМ (фр.,лат.канатына калкалоо) – 1) өзүнүн өнөр жайларын колдоо максатында тыштан ташылып келүүчү товарларга кымбат пошлина салуу саясаты; 2) мамлекеттин экономикалык саясаты. Бул саясат боюнча мамлекет өзүнүн өндүрүш мекемелеринин товарларын чет элдик ат салышуулардан (конкуренттерден) ар түрдүү жолдор менен коргойт. 3) өзүнүн тууган-уругун, тааныштарын жактап, аларга ар түрдүү жардам берүү.

ПРОТЕСТАНТИЗМ (салтанаттуу билдирүү, күбөлөндүрүү) - католицизмге каршы пайда болгон түрдүү диний окуулардын (лютеранство, кальвинизм ж.б.) жалпы аталышы.

ПРОТО (грек.биринчи) - татаал сөздөрдүн бир нерсенин биринчи жаралганын, уютку экенин, өнүгүштүн адепки этабын (мис., протоплазма, протогосударство, прототип), жогорку даражасын (көбүнчө чиркөө наамдарында) туюндуруучу бөлүгү.

ПРОФАНАЦИЯ – булгоо, кадырын түшүрүү. [<лат. profonatio осквернение святыни] – көпчүлүк тарабынан кабылданган нерселердин, баалуулуктардын (идеялар, окуулар, искусство чыгармалары ж.б.) маңызын бурмалоо, айбанчылык менен жаманатты кылуу, булгоо.

ПРОФИЛЬ - бир өнөрдү, кесипти үйрөнүү үчүн зарыл болгон билимдин жана тажрыйбалардын көлөмү.

ПУБЛИЦИСТИКА – коомдук – саясий мамилелер боюнча макалалар, чыгармалар

ПУШТУНДАР -1) Афганистандан тышкары (негизинен Пакистандын Афга чектеш жеринде) жашоочу афгандардын этностук аты. Жалпы саны 10 млндон ашыгыраак. Көбү п у ш т у тилинин түндүк чыгыш, азыраагы түш.-батыш диалектисинде сүйлөшөт. Дини боюнча мусулман сунниттер. П-да

урууларга бөлүнүү сакталган. Негизги бийлик дин кызматкерлери менен уруу башчыларында. Негизги кесиби -дыйканчылык жана мал чарбачылык. П-дын 20-к-га чейинки тарыхы афгандардын тарыхы менен байланыштуу. Жери 1899ж. Англиянын колониясы болгон Индияга бириктирилген. 1947ж. Индияны бөлүүдө П. жашаган райондор Пакистандын курамына калган. Пакистандын 1973ж. Конституциясы боюнча П.жашаган түндүк-батыш провинция кеңири автономия алган. 2) Афгандардын өзүн-өзү аташы.

Р

РАББАНИ БУРХАНУДДИН (1941ж. туулган) - ооганстандык саясий ишмер. 1992-2001 жж.Ооган Ислам мамлекетинин президенти. Улуту-тажик. Ооганстандан жана Египеттен диний билим алган. Египетте окуп жүргөндө «Боордош-мусулмандар» аттуу экстремисттик уюмдун таасирине кабылган. 1968ж. Ооганстанга келгенден кийин Кабул университетинин теология боюнча профессору болуп калган. Студенттер арасында ислам фундаментализми багытынды үгүт жүргүзгөн. «Мусулман жаштары» аттуу уюмдун түзүлүшүнө катышкан. 1975ж. бийликти басып алуу аракети ийгиликсиз аяктагандан кийин Пакистанга качып кеткен. 1976ж. адегенде Иранда, андан кийин Пакистанда согушкерлерди даярдай баштаган Ооганстандын Исламдык коому деген уюмду түзгөн. Советтик аскерлерге жана анын өнөктөштөрүнө каршы согуштун жетекчилеринин бири болгон. Ага Ахмед Шах Масуддун жоокерлери дагы баш ийген. Нажибулланын бийлиги кулатылгандан кийин Раббани бардык куралдуу түзүмдөрдү канаатандырган ыңгайлуу адам катары өлкөнүн президенти болуп тандалган. Анткени, тажик катары өлкөнүн түндүгүндө өз киши болсо, пуштундар үчүн дагы башка ылайыктуу адам жок эле. 1996ж. сентябрда Кабулду талиптер басып алганда Раббани түндүккө чегинген. Формалдуу түрдө башка өлкөлөр тааныган Ооганстандын президенти бойдон калганы менен иш жүзүндө анын бийлиги мамлекеттин территориясынын ондон бирине гана таркаган. Талиптер талкалангандан кийин талаа командирлеринин жана жергиликтүү лидерлердин көпчүлүгү Раббани жетекчилик кылган «Түндүк альянсына» баш ийгилери келбей, бийликтин мурдагы король Захир-шахтын жакындарына өтүшүн каалашкан. 2001ж. декабрда Раббани бийликти эмиграцияда жүргөн, Захир-шахтын колдоосуна арзыган Х.Карзайга өткөрүп берген.

РАДИКАЛ (лат.- баштан аяк) - аябаган чечкиндүү аракет, көз караш; Радикалдуу -чечкиндүү аракетти жактаган.

«РАМАЯНА»- байыркы инди элинин санскрит тилиндеги эпикалык поэмасы. Болжол менен Б.з.ч. 4-к-да Чыгыш Индияда пайда болуп, б.з. 2-чи к-нда азыркы турпатына келтирилген. Поэманын негизиндеги тарыхый окуялар - арийлердин Түштүк Индияга алгачкы оошу, жергиликтүү уруулар менен болгон кагылыштар жатат деп болжолдонот. Поэмада баш каарман Рамандын эрдиктерин сүрөттөө менен өнүктүрүлөт; мифтер менен уламыштар-

дын фантастикалык мотивдери поэма жаралган доордогу реалдуу белгилер менен жуурулушуп, инди элинин коомдук жана маданий турмушунун гүлдөгөн мезгили чагылдырылат. Поэма көркөмдүгү жагынан инди адабиятында көрүнүктүү орунда турат. Ал чыгыш өлкөлөрүнүн көп адабий чыгармаларына негиз болгон.

РАСИЗМ - адам расасы - дене жана психикасы боюнча бирдей эмес жана ал айырма тарыхка, адам коомунун маданиятына түрдүүчө таасир этет деген реакциячыл көз караштардын жыйындысы. Р-дин бардык түрүндө адамдар теги: асыл жана төмөнкү расаларга бөлүнөт. Биринчиси үстөмдүк кылууга, ал эми экинчиси эзилүүгө тийиш деген реакциячыл пикир мүнөздүү. Расалардын табигый теңсиздиги жөнүндө түшүнүк кул ээлик коомдо эле пайда болуп, кул ээлери менен кулдардын социалдык «айырмачылыктарын» аныктоого кызмат кылган. Ушуга окшогон «жалган теориялар» тарыхта көп болгон. Р.азыркы мезгилде кээ бир өлкөлөрдө расалык дискриминация, сегрегация, геноцид, сионизмди актоо үчүн колдонулууда. ЮНЕСКО тарабынан Москвада (1964), Парижде (1967) чакырылган эксперт-адистердин кеңешмеси Р-дин бардык түрүн айыптаган.

РАТИФИКАЦИЯ (лат. бекитилген+иштеймин) - өз өкүлү түзгөн эл аралык келишимди мамлекеттик бийликтин жогорку органынын бекитүүсү. Адатта маанилүү эл аралык келишимдер Р-ланат. Ошондой эле Р-лоо зарылдыгы келишимдин өзүндө көрсөтүлсө да Р-ланат.

РАЦИОНАЛИЗАЦИЯ - өндүрүш процессин жакшыртуу, кыскартуу, арзандатуу, мыкты уюштуруу боюнча чара.

РАЦИОНАЛДУУ – акылга, максатка негизделген, туура.

РЕАЛИСТТЕР – бир нерсени ишке ашырууда чындыктын анык шарттарын эсепке ала билгендер.

РЕЖИМ – саясий түзүлүш, башкаруунун түрү, мамлекеттик тартип.

РЕЗЕРВ – кереги тийгенде пайдалануу үчүн камдалып коюлган нерсе.

РЕЗИДЕНЦИЯ – өкмөт же өкмөт башчысы туруучу жай.

РЕЗОЛЮЦИЯ – бир маселени чечүү жөнүндө кабыл алынган чечим.

РЕВИЗИОНИЗМ – жумушчу кыймылында марксизмге каршы агым: бул агым марксизмдин негизги жоболорун кайрадан карап чыгып, марксизмди танып, аны революциялык эмес, илимий эмес «теориялар» менен алмаштырып, марксизмди жок кылууга аракет кылган окуу; агым.

РЕКОНСТРУКЦИЯ - бир нерсенин жаңы принцип боюнча түп тамырынан бери кайрадан куруу, кайрадан жабдуу.

РЕКОНСТРУКЦИЯЛООНУН ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЕВРОПАЛЫК БАНКЫ - Борбордук жана Чыгыш Европанын узак мөөнөттүү насыя берүү бо-

юнча аймактык, мамлекеттер аралык банкы, 1990ж. түзүлгөн. Жайгашкан жери Лондон. Анын мүчөлөрү болуп 50 өлкө, анын ичинде КМШ мамлекеттери, ошондой эле Европалык инвестиция банкы жана Европа биримдиги дагы бар. Банктын максаты - рынок экономикасына өтүүдө Борбордук жана Чыгыш Европа, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнө насыялык жана финансылык көмөк көрсөтүү болуп эсептелет.

РЕНТАБЕЛДҮҮ - кирешелүү, пайдалуу, чыгымдарын актаган, экономикалык жактан максатка ылайыктуу.

РЕПАРАЦИЯ (фр.,нем.,лат.ордуна коюу) - согушта жеңилген тараптын, жеңген тарапка келтирилген чыгымын толук же кандайдыр бир бөлүгүн акчалай же буюм түрүндө төлөп берүүсү.

РЕПАТРИАЦИЯ (лат. мекенине кайтып келүү) - атуулдук укуктарын калыбына келтирүү менен эмигранттардын мекенине кайтып келиши, согуштун кеспетинен мекенинен сыртта калган согуш туткундарынын жана жөнөкөй атуулдардын мекенине кайтарылышы.

РЕПРЕССИЯ – жазалоо, кысымга алуу, жаза чарасы, жаза берүү.

РЕСКРИПТ - өзүнүн алкышын айтып, сыйлык берүү ж.б. жөнүндөгү өлкө башчысынын букарага жазган каты.

РЕСТАВРАЦИЯ - кулатылган эски саясий түзүлүштү калыбына келтирүү.

РЕСУРС – запас, кирешенин булагы; каражат.

РЕФЕРЕНДУМ - мамлекеттик мааниси бар өтө олуттуу маселени чечүү максатында өткөрүлүүчү жалпы элдик сурамжылоо, добуш берүү.

РЕФОРМА (лат. кайра жаратам) - коомдук турмуштун тигил же бул жагындагы социалдык структуранын негизин жоё албаган өзгөрүү, кайра куруу. Жалпы жонунан Р.ар кандай мазмундагы жаңылыктарды киргизүүнү билдирет. Саясат теориясында жана практикасында аздыр-көптүр прогрессчил өзгөрүү, алдыга жылуу Р. деп аталат.

РОБОТ - өзүнүн кыймылы менен адам сыяктанып иштеген автомат.

РУДНИК – кен чыга турган жер (пайдалуу кендерди казып алуу үчүн жасалган, жер астындагы курулуштар тутуму).

РЫНОК – товар алмаштырылуучу чөйрө; дүйнө деңгээлиндеги (дүйнөлүк, тышкы рынок), бир өлкөнүн деңгээлиндеги (улуттук, ички рынок) же анын кандайдыр бир районунун деңгээлиндеги (жергиликтүү рынок) - товарларга, кызмат көрсөтүүгө, каржылык ресурстарына, баалуу кагаздарга, алтынга, асыл таштарга, искусство чыгармаларына, инвестицияларга, эмгекке ж.б. болгон сунуш жана талаптар. Соода кылуу үчүн атайын бөлүнгөн жер дагы рынок (базар) - деп аталат.

РЫНОК ЭКОНОМИКАСЫ - деген бул жеке менчиктин жана акча-товар мамилелеринин негизинде өнүгүүчү социалдык-экономикалык система. Рынок экономикасы эркин ишкердик жана өз каалаганын тандап алуу эркиндигинин принциптерине таянып өнүгөт. Ресурстарды бөлүштүрүү, өндүрүш, товарларды жана кызмат көрсөтүүнү алмашуу жана пайдалануу сунуш менен талапка жараша болот. Рынок экономикасы: эмнени өндүрүп чыгаруу керектигин, пайда алып келүүчү товарлар менен кызмат көрсөтүүнүн, өндүрүшкө керектүү факторлордун (жер, эмгек, капитал, «ноу-хау» ж.б.) рыноктогу ата-андаштыгы болуп турган шартта канча жана кантип өндүрүп чыгаруу керектигин көрсөтүп берүүчү универсалдык* экономикалык механизм. Рынок-тор, баалар, атаандаштык системасы - рынок экономикасын багыттап жана уюштуруп туруучу механизм*, анын өзүн-өзү жөнгө салып туруусун дагы камсыз кылып турат. Ошол эле учурда өнүккөн өлкөлөрдүн экономикалык системасында белгилүү бир деңгээлде мамлекеттин кийлигишүүсү дагы болуп келет (рынок экономикасынын иштөөсүнө зарыл болгон жалпы шарттарды камсыз кылып берүү, социалдык жактан коргоону ишке ашыруу ж.б.).

С

СААДАБАД ПАКТЫСЫ - 1937ж. 8 июлда Тегеранда Саадабад ак сарайында Ооганстан, Иран, Ирак жана Туркия өлкөлөрүнүн өкүлдөрү тарабынан кол коюлган. Бул Жакынкы Чыгыш Антантасы 5 жылдык мөөнөт менен түзүлүп, анын шартына ылайын ошол мөөнөт ичинде кол койгон тараптардан эч ким денонсация кылбаса автоматтык түрдө кийинки беш жылга узартыла бермек. Бул П. түзүлүшүнө Жакынкы жана Ортоңку Чыгышта өзүнүн тасирин бекемдөөгө кызыккан Улуу Британия зор салымын кошкон. С.п. катышуучулары бири-биринин ички иштерине кийлигишпөө, жалпы чек араларынын кол тийбестигин урматтоо; бири-бирине карата агрессиядан баш тартуу милдеттерин алышкан. Андан башка, тараптар алардын кызыкчылыгына айкалышкан эл аралык конфликттер пайда болгон шартта консультацияларды өткөрүү; өз аймагында башка өнөктөштөрүнө душмандык аракеттерге баруучу куралдуу топтордун же отряддардын түзүлүшүнө жол бербөө боюнча макулдашышкан. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде 1939-45жж. П.катышуучулары ар түрдүү позицияны карманышкандыктан бул П.таркап кеткен.

САБОТАЖ – иштемиш болуп, чындыгында жакшылап иштебей, ишти үзгүлтүккө учуратуу.

САДАТ АНВАР (25.12.1918 - 06.10.1981) - 1970-1981жж. Египеттин президенти. Жакыр жашаган мамлекеттик кызматкердин көп балалуу үйбүлөсүндө төрөлгөн. 1938ж. аскердик академияны бүтүргөн. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде офицерлердин козголоңуна катышып, Германияга жан тарткандыгы үчүн англичандар тарабынан камалган. Г.А.Насер

жетектеген жашыруун саясий «Эркин офицерлер»уюмунун мүчөсү болгон. 1952ж. Насер менен чогуу король Фарукту бийликтен кулатканга катышкан. Өкмөттө ар түрдүү кызматтарды аркалаган. 1964-1968 жана 1969-1970жж. -Египеттин вице-президенти болуп иштеген. Өзү президент болуп келгенден кийин Садат өлкөнүн ички жана тышкы саясатында бурулуш жасап, Г.А.Насердин адамдарын бийликтен четтеткен, улуттук капиталга көп киреше алып келүүчү туризмди өнүктүргөн. СССР менен болгон тыгыз байланыштарды үзүп, советтик аскердик кеңешчилерди өлкөдөн чыгарып жиберген. 1978ж. Кэмп-Дэвид тынчтык келишимин даярдап, ага кол койгон. Андан кийин Израил менен дагы тынчтык келишимине кол койгон. Аскердик парад болуп жаткан учурда мусулман экстремиси тарабынан өлтүрүлгөн.

САЛЬДО – эсепти жыйынтыктаганда кириш менен чыгыштын ортосундагы калдык.

САМУРАЙЛАР (япончо с а м у р а у - кызмат кылуу) - кеңири мааниде феод. Япониядагы ак сөөк феод. катмары. С. бөтөнчө катмар катары феод. Япониядагы Минамото тукумунан чыккан башкаруучулар турган мезгилде (1192-1333) бөлүнө баштап, Токугава сёгундары башкарган кезде (1603-1867) даана калыптанган. С. жүрүм-турумунун кодекси эмгекчилерди жек көрүүгө үндөгөн. С-дын ички ыдыроо процесси 18-к-дын ортосунан кыйла күчөп, М э й д з и и с и н убагында социалдык катмар катары жоюлган, бирок артыкчылык абалынан ажыраган эмес. С.өкүлдөрүнөн чиновник кадрлардын катары толукталып, армия менен флоттун офицерлери негизинен С. болгон. С-дын «эрдигин», салттарын, согушту даңазалоо япон реакциясынын идеол. арсеналынын составдуу бөлүгүнө айланып, расизмди жана милитаризмди пропагандалоодо колдонулуп келген.

САН-ФРАНЦИССКО ТЫНЧТЫК КОНФЕРЕНЦИЯСЫ - 1951ж. 4-8 сентябрда болуп, америкалыктар менен англичандар даярдаган долбоордун негизинде Япония менен сепараттык тынчтык келишимине кол коюлган. Бул келишимдин долбоорун даярдоого СССР катыштырылган эмес.

Бул К.ны чакыруучулардын демилгечилери дагы АКШ менен Улуу Британия болуп, анын ишине 51 мамлекет, алардан башка Түштүк Вьетнамдын марионеткалык өкмөтү да катыштырылган. Кытай Эл Республикасы (КЭР), Корей Элдик Демократиялык Республикасы (КЭДР), Монгол Элдик Республикасы (МЭР), жана Вьетнам Демократиялык Республикасы (ВДР) К.га чакырылган эмес. Индия менен Бирма өз өкүлдөрүн жөнөтүүдөн баш тартышкан. К. ишине катышкан өлкөлөрдүн көпчүлүгү Япония менен согуш абалында символикалык түрдө гана болушкан.

СССРдин өкүлү келишимдин долбооруна төмөндөгүдөй түзөтүүлөрдү жана кошумчаларды сунуштаган: территория маселелерин эл аралык келишимдердин негизинде жөнгө салуу (Япония - Кытайдын Маньчжурияга, Тайванга, Пескадор аралдарына (Пэнхуледео) ж.б.майда аралдардын тобуна болгон эгемендик укугун; СССРдин Түштүк Сахалин жана Курил аралдарына болгон эгемендик укугун таануусу; Япониянын өзүнүн 1945ж. 7

декабрына чейин ээлеп турган жерлерине эгемендик укугун тааныу); Японияның куралдуу күчтөрүн жана согуштук куралдарды чыгаруучу өндүрүшүн чектөө; Японияның кандайдыр бир аскердик союздарга кошулушуна жол бербөө; Японияның территориясынан бардык чет элдик аскерлерди чыгарып кетүү; согушта келтирген чыгымдарды Япония тарабынан согушкан өлкөлөргө төлөп берүүсү; К. ишине КЭРди ж.б.Япония менен согушкан азиялык өлкөлөрдү катыштыруу.Тилекке каршы бул сунуштар кабыл алынбастан келишимге кол коюу аземи 8 сентябрда болуп өттү. СССР, Польша жана Чехословакия өкүлдөрү кол коюудан баш тартышты.

САН-ФРАНЦИССКО ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИ - 1951ж. 8 сентябрь. Бул келишим япон элинин өз өлкөсүндөгү толук эгемендүү укугун тааныган өлкөлөр менен Японияның ортосундагы согуштук абалды жойгон. Бирок келишимге кол койбой калган СССР, Кытай, Бирма, Индия ж.б.менен Японияның ортосунда согуштук абал сакталып калган.

Келишимге ылайык Япония Кореянын көз карандысыздыгын тааныган, Курил, Түштүк Сахалин, Тайвань, Пэнхуледао, Спратли жана Парасел аралдарына болгон бардык дооматтарынан жана укугунан баш тарткан. Бирок бул аралдардын СССРге жана Кытайга кайтарылып берилиши жөнүндө эч нерсе жазылган эмес. Ал эми Японияга тиешелүү болуп келген Рюкю, Бонин, Розарио, Волкано, Парес Вела, Маркус жана Дайто аралдары америкалыктардын башкаруусуна өткөрүлгөн. К. боюнча америкалыктардын оккупациялык аскерлери Японияда белгисиз мөөнөткө чейин калтырылат, япондуктардын куралдуу күчтөрүн кыскартуу каралган эмес, репарацияны төлөө жөнүндө сөз болгону менен анын өлчөмү көрсөтүлбөй калтырылган. АКШ, Япония менен тынчтык келишимине кол коюу менен бирге эле эки тараптуу «коопсуздук келишимин» дагы түзгөн. Ага ылайык АКШ - Японияда жана ага жакын аймактарда белгисиз мөөнөткө өз аскерлерин кармоо укугун алган. 1952ж. 28 февралда АКШ Япония менен дагы бир келишимине - «административдик келишимге» кол койгон. Бул келишимде америкалык оккупациялык режимди жоюу, япондуктардын толук эгемендүүлүк укугун калыбына келтирүү каралган. 1952ж. 28 апрелинде Сан-Францисско тынчтык келишими, «коопсуздук келишими» жана «административдик келишимдери» күчүнө кирди деп тааныу менен АКШ, Япония үчүн түзүлгөн Ыраакы Чыгыш комиссиясын жана Союздук Кеңешти өзүнүн бир тараптуу чечими менен таркатып жиберген.

САНКЦИЯ – эл аралык укукта: келишимдерди бузгандарга колдонулуучу жазалоо чараларынын тутуму.

САНСКРИТ - байыркы индустардын адабий тили.

САТЕЛЛИТ (лат. жандап жүрүүчү,бир ишти чогуу жасашкан тарап) - 1) башка адамдын айтканын аткарган күнкор адам, бир ишти чогуу жасашкан адам. 2) расмий түрдө эгемендүү мамлекет, бирок иш жүзүндө кубаттуу мамлекетке баш ийген өлкө. 3) байыркы римдеги өзүнүн кожоюнун кайтарган жалданма сакчы.

СЕВР ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИ (1920) - Версаль-Вашингтон системасынын келишимдеринин бири. Биринчи дүйнөлүк согушта жеңген өнөктөш державалар (Улуу Британия, Франция, Италия, Япония ж.б.) менен Туркиянын ортосунда 10 августта Парижге жакын Севр шаарында түзүлгөн. Келишим боюнча Туркия бардык ээлигинен ажырап, аймагы 4 эсеге азайган. Кара деңиз кысыктарынын зонасы толук куралсыздандырылып, эл аралык «Кысыктар комиссиясынын» карамагына өткөн. Капитуляция режими калыбына келтирилип, чындыгында Туркия өз алдынчалыгынан ажыраган. Түрк армиясы Англия - Греция интервенциясын жеңгенден соң (1922) С.т.к. Лозанна тынчтык келишими (1923) менен алмаштырылган.

СЕГРЕГАЦИЯ (лат. бөлүнүү) - расизм орун алган өлкөлөрдө калктын расалык топторго бөлүнүшүн зордук менен кармап туруу. С. кемсинтүү, корсунтуу менен коштолот. Ал и с т и т у т т у к (мектеп, университет, оорукана, ж.б.турмуштун бардык чөйрөлөрүндө расаларга бөлүнөт) жана а й м а к т ы к (атайын райондор) деп бөлүнөт. Аймактык С. - Түштүк Африка Республикасында апартеид саясаты бар кезиндеги ажырагыс көрүнүш болгон.

СЕПАРАТИЗМ (лат. бөлөмүн, ажыратам) - 1) өзүнчө бөлүнүүгө аракеттенүү; 2) көп улуттуу мамлекеттерде аз сандуу улуттардын мамлекеттен бөлүнүп, өзүнчө мамлекет же Автономия болууга умтулушу. С-дин улуттук-боштондук кыймылдан айырмасы - массалык кыймыл болбостон, белгилүү чөйрөнүн кызыкчылыгын чагылдыргандыгында.

СЕПАРАТТЫК КЕЛИШИМ (лат. өзүнчө, бөлөк) - согуш абалында турган өлкө менен, коалицияга же өнөктөштүккө кирген өлкөлөрдүн бирөө же бир нечеси, коалиция мүчөлөрүнүн же өнөктөштөрдүн макулдугусуз түзгөн тынчтык келишими же согушту убактылуу токтотуу келишими.

СЕЙРЕК КЕЗДЕШҮҮЧҮ ЭЛЕМЕНТТЕР - мезгилдик системасынын III – тобуна кирген 17 химиялык элементтерден турган тобу, алар: скандий, иттрий, лантан жана лантаноиддер – церий, празеодим, неодим, прометий, самарий, европий, гадолиний, тербий, дистрозий, гольмий, эрбий, тулий, иттербий, лютеций.; Булар жалпысынан металлдар. Сейрек кездешүүчү элементтер бири – бирине жакын химиялык мүнөзгө ээ болушат, алар табигатта сейрек чачыранды түрүндө кездешет. Анын ичинен дагы жуп атомдук номерлүү элементтер, так атомдук номерлүүлөргө салыштырмалуу көбүрөөк кездешет. Бул элементтер кеч, кыйынчылык менен эрип, сууда эрибеген оксиддер.

СЕНСАЦИЯ – көпчүлүктү дүүлүктүргөн, сестенткен укмуштуу окуя.

СЕТТЛЬМЕНТ (англ. - кыштак) – 1) XIX-XX к. 1-жар. Кытайдын чет элдиктер үчүн "ачык" деп жарыяланган шаарларында, кытай бийликтери тарабынан чет элдиктерге жашоого, соода жүргүзүү жана башка коммерциялык ишкердиги үчүн бөлүнүп берилген тилкелердеги кварталдар. Сеттльменттер экстерриториалдык, өзүн-өзү башкаруу укуктарына ээ болуп, өздөрүнүн

куралдуу күчтөрү тарабынан кайтарылып турган. Сеттльменттин аймагында жашагандардын көпчүлүгүн кытайлыктар түзгөндүгүнө карабастан, бул жерде кытай бийлигинин мыйзамдары иштеген эмес; 2) ири метрополия мамлекеттери тарабынан, өз жарандарынын жашоосу үчүн, көз каранды өлкөлөрдүн шаарларында түзүлгөн өзгөчө район. Ал районго жергиликтүү бийликтин мыйзамдары күчкө ээ боло албайт, алардын өздөрүнүн башкаруу органдары болот (б.а. экстерриториалдык* укукка ээ болушат).

СЁГУН - 1192-1867 жылдарда Японияда императордук династия өз бийлигинен ажыратылган учурдагы аскердик-феодалдык башкаруучулардын титулу. Сёгунат мезгилинде административдик бийликти аскер сословиелери жүргүзүп, мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийлик, административдик жана аскер органдары бири биринен ажыраган эмес.

СИМБИОЗ (грек. чогуу жашоо) – биол. эки организмдин биригип, бири – бирине жабышып алып, бири – бирине пайда келтирип жашоосу. М.:козу карын менен балыр бири-бирине жабышып жашап эңилчек түрүндө кезигишет, андан башка адамдын ичегисиндеги микроорганизмдердин нормалдуу флораны пайда кылып турушун дагы мисалга тартсак болот.

СИМВОЛИКА - символ - бир абстракттык түшүнүктү, ойду билдирүүчү нерсе; аракет же образ. М.: көгүчкөн -тынчтыктын символу.

СИНАНТРОП (соңку лат. Кытай+адам) - эң байыркы казылып алынган адамдардын өкүлү. 20-к-дын 20-жылдары Кытайдагы Чжоукоудянь темир жол станциясынын жанындагы Коцетанг үңкүрүнөн (Пекинден 45 км түш.-батышта) 60 тан ашык синантроптун баш сөөгү, жаактын, тиштердин жана сөөктөрдүн калдыктары табылган. С. питекантропко окшош,. бирок баш сөөгү чоң (1040 куб см), маңдайы бийик жана дөң. С. 400 миң жыл мурда жашаган, оттон пайдаланган.

СИНЬХАЙ РЕВОЛЮЦИЯСЫ - 1911ж. Цинь (манжурлардын) династиясын жана монархиясын кулаткан Кытайдагы революция. XX к.баш ченинде бийликтеги монархия Кытайды өтө оор социалдык-саясий кризиске батырып койгон. Кытайдын мекенчил жарандары болсо өлкөнү модернизациялоону талап кылып жатышкан. Императордук бийлик бардык оппозициялык күчтөрдү куугунтуктап жаткандыгына карабастан башында Сунь Ятсен турган Тунмынхуэй (Коомдордун бириккен өнөктөштүгү) уюму, 1911ж. октябрында Ухан шаарында көтөрүлүш чыгарган. Болуп өткөн мезгилинин аталышына жараша бул көтөрүлүш дагы Синьхай революциясы делип калды. Көтөрүлүшчүлөр тарабына аскердик бөлүктөр дагы биринен сала бири өтүп жатты. Өлкөнүн түштүгү революционерлердин колуна өтүп, алар, борбору Нанкин болгон Кытай республикасын жарыялашкан. Убактылуу президент болуп Сунь Ятсен шайланган. Ал эми өлкөнүн түндүгү императордун премьер-министри Юань Шикайдын колунда калып, ал конституциялык монархиянын жарыяланышына жетишкен. 1912ж. февралында Юань Шикай тестиер император Пу И ни бийликтен кетирип, өлкөнү республика

деп жарыялаган. Империя жок кылынып, Кытайдын биримдигин калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк жаралды. Ушул улуу максатка жетүү үчүн Сунь Ятсен бийликти өз ыктыяры менен Юань Шикайга бошотуп берген. Бирок Сунь Ятсен түзгөн Улуттук партия (Гоминьдан) парламенттик шайлоолордо жеңип чыккан. Партиянын лидери өкмөттү башкарыш керек эле, бирок гоминдандын өкүлү Юань Шикайдын буйругу менен өлтүрүлгөн. Буга наараазы болушкан гоминдандыктар 1913ж. жаңы президентке каршы көтөрүлүш чыгарышкан. Алар жеңилип калгандан кийин Сунь Ятсен эмиграцияга кетүүгө мажбур болгон, ал эми Юань Шикай болсо монархияны калыбына келтирүүгө аракет көрө баштаган. 1915ж. провинциялардын аскерий жетекчилери дагы ага каршы көтөрүлүш чыгарышкан. Ошол мезгилдерде Юань Шикай каза болуп, Кытайда тыныгуулары менен чогуу эсептегенде 30 жылдан ашыгыраака созулган жарандык согуш башталган.

СИНЬЦЗЯН - УЙГУР АВТОНОМИЯ РАЙОНУ, С и н ь ц з я н Кытайдын түн-батышында. Казакстан, Кыргызстан,Тажикстан, Ооганстан, Индия, Монгол Эл Республикасы менен чектешет. Аянты 1600 миң чарчы км. Калкы 15 млңго жакын. Негизинен уйгур, казак, кыргыз, монгол ж.б.жашайт. Борбору Үрүмчү шаары. Жеринин көбүн Жунгар ж-а Кашкар түздүктөрү ээлейт. Аларды Чыгыш Тянь-Шань, Монгол Алтайы, Саур, Тарбагатай, Куньлунь, Кара-корум тоолору курчап жатат. Дарыялары :Тарим, Иле, Иртыш; көлү-Лобнор.

Экономикасынын негизин а.ч. түзөт. Айиагынын 2% иштетилет. Негизги айыл чарба өсүмдүктөрү : буудай, жүгөрү, шалы, пахта, жүзүм. Багбанчылык жана бакчачылык өнүккөн. Кой, эчки, уй, төө, жылкы багылат. Жеринен мунай (нефть), көмүр жана сейрек асыл металлдар, слюда ж.б.казып алынат. Мунай казып алуу боюнча өлкөдөгү ири район. Металлургия, машина куруу, химия, курулуш материалдар, текстил жана булгаары ө.ж. ишканалары бар. Кол өнөрчүлүк өнүккөн. Негизги транспорту-темир жол.

Т а р ы х ы. Б.з.ч. 1-миң жылдыкта Синьцзян аймагында мал багуу ж-а аң уулоо м-н кесип кылган көчмөн уруулар, этносу ар түрдүү, отурукташкан уруулар; иран-түрк ж-а монгол тилдеринде сүйлөгөн элдер жашаган. Б.з.ч. 2-3 к-да бул жерлер гунндарга караган. Кытайлык Хань династиясынын (Б.з.ч. 206-б.з.220) гунндарга каршы баскынчыл согуштарынан кийин убактысынча Хань династиясына баш ийген. 3-6 к-да алгач сяньбилерге, кийин жужандарга, 6-к-дын 2-чи жарымынан түрк кагандыгына, 7- к-да Тан империясына баш ийген. Түш. бөлүгүн 7-к-дын 70-жылдарында Тибет басып алган. Бул мезгилде Чыгыш Түркстан менен Жунгар жеринде феод. мамилелер үстөмдүк кыла баштаган. 9-к-дын ортосунда Орхон, Селенга дарыяларынын алабынан көчүп келген уйгурлар 10-к-да өзүлөрүнүн Турфан мамлекетин курган. Анда 13-15 к-да монголдор бийлик кылган. Темур империясы кулаган соң (15-к) мында бир нече мамлекет жашап турган. 18-к-дын 50-жылдарынын акырында С-да Цинь империясы үстөмдүк кылган. 18-19 к-да С-да кытай-манжур эзүүсүнө каршы көтөрүлүш болуп, натыйжада Якуб-бек м-н дунган шаарларынын союзу башкарган уйгур мамлекети түзүлгөн.

Көтөрүлүштөрдү баскандан кийин Чыгыш Түркстан м-н Жунгар жери Цинь империясынын провинциясы -Синьцзян болуп аталган.

1912-ж. Синьхай рев-ясы (1911-13) мезгилинде С-да Цин үстөмдүгү кулатылган. Бирок пекиндик Юань Ши-кайдын колдоосу менен Ян Цзэнциндин согуштук диктатурасы орногон. 1931ж. С-да бошт.көтөрүлүштөр башталып,1933ж. Үрүмчүдө Шэн Ши-цай баштаган прогрессчил бийлик орногон.Ошол кыймылдын натыйжасында 1945-ж.сентябрда Иле, тарбагатай,Алтай округдарынан Гоминдан өкмөтү кулаган. 1946ж. январда Үрүмчүдө С-дагы жашаган бардык элдин, социалдык катмарлардын өкүлдөрү катышкан коалициялык өкмөт түзүлгөн. 1949ж. Кытайда элдик рев-я жеңери менен гоминдандыктар тынчтык жол менен баш ийип беришкен. 1955ж. бул аймак КЭРдин провинциясы - Синьцзян-Уйгур автономия району болуп кайра түзүлгөн.

СИНОНИМ - маани жагынан бир, айтылыш жагынан эки башка сөздөр.

СИНТЕЗ – предметти бүтүн жана биримдик түрүндө алып, анын бардык бөлүктөрүнүн өз ара байланышын изилдөө ыкмасы; Хим. өтө эле жөнөкөй заттардан татаал кошунду жасоо

СИНТЕТИКАЛЫК - синтез аркылуу алынган, синтезди колдонууга негизделген, жыйынтыкталган, бириктирилген, жалпыланган.

СИНТОИЗМ - Японияда жаралган байыркы дин. Алгачкы коомдогу адамдардын табигат менен ата-бабаларга сыйынуусунун негизинде келип чыккан. Акырындык менен синтоизм императордук династияга сыйынууга айланып кеткен. 1868-1945жж. Япониянын мамлекеттик дини болгон.

СИОНИЗМ (Иерусалим шаарындагы Сион дөңсөөсүнүн атынан келип чыккан) - Палестинада жөөттөрдүн (еврейлердин) улуттук Израиль мамлекетин түзүү жана ал жерге жөөттөрдүн кайтып келишине багытталган улуттук кыймыл. Сионизмдин жаралышы XIX к.аягында Европадагы антисемитизмдин күч алышына жооп иретинде жөөттөр коомунун аракетинен келип чыккан. Сионизмдин идеологу болуп Теодор Герцль эсептелет. Өзүнүн биринчи конгрессинде (Базель,1897) сионисттер Бүткүл Дүйнөлүк Сионисттердин уюмун (БСУ) түзүшкөн, ал болсо өз кезегинде Жөөттөрдүн улуттук банкын (1899) ачкан, бул банк 1901ж. Жөөттөрдүн улуттук корун түзгөн. Бул уюмдар жөөт буржуазиясынын каражаттарына таянып, Палестинада жерлерди сатып алып, ал жерлерге башка өлкөлөрдөн келе баштаган жөөт иммигранттарга бере баштаган. 1899-1924жж. бул жердеги жөөттөрдүн жер ээликтери эки эсеге өскөн. 1914ж. Палестинада жашап, алгачкы айыл чарба коммуналарын (киббуцалар) түзө баштаган жөөттөрдүн саны 85 мин адамга жакындап калган. Ошол жаңыдан келип орун таба баштагандардын аракети менен иврит тили кайрадан жанданган. 1917ж. Улуу Британиянын тышкы иштер министри Артур Джеймс Бальфур Палестинада жөөтөрдүн улуттук очогун түзүүгө көмөктөшүү боюнча өз өкмөтүнүн декларациясын кабыл алдырууга жетишти. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Палестинада орногон

Британиянын башкаруу мандаты жылдары (1920-1948) бул жакка болгон жөөттөрдүн иммиграциясы кескин күчөп кеткен. БУУнун резолюциясына ылайык 1948ж. май айында Палестинада Израиль мамлекети түзүлгөн. Ошол мезгилден баштап, сионизмдин милдети - жөөттөрдүн Израилге болгон эмиграциясын уюштуруу жана аларды жайгаштыруу, ошондой эле Израилдин саясатына колдоо көрсөтүү болуп калды. Сионизм Израилдин мамлекеттик идеологиясы дагы болуп эсептелет.

СОВЕТТИК - КЫТАЙ "ДОСТУК,ӨНӨКТӨШТҮК ЖАНА ӨЗ АРА ЖАРДАМДАШУУ ЖӨНҮНДӨГҮ" КЕЛИШИМИ.1950ж. - Москвада, 30 жылдык мөөнөт менен, 14 февралда кол коюлган. Келишимге ылайык "эгерде тараптардын бирөө башка өлкөнүн агрессиясына дуушар болсо, экинчи тарап токтоосуз түрдө аскердик жана зарыл болгон башка жардамдарды берүүгө" милдеттенишкен. Андан башка эки өлкө дүйнөдө тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылууга багытталган бардык эл аралык иш чараларда өз ара кызматташууга ниеттенишкен.

Совет өкмөтү КЭРге Кытай-Чанчунь темир жолуна байланышкан өзүнүн укуктарын жана мүлктөрүн өткөрүп берген. Келишимде биргелешип пайдаланып жаткан Порт-Артур аскер-деңиз портунан өз аскерлерин чыгарып кетүү жана ал жердеги бардык курулуштарды жана мүлктөрдү 1952жылдан кечиктирбестен кытай тарапка өткөрүп берүү милдетин алган. Жогоруда аталган милдеттенмелер 1950ж. аткарылган. Келишимге ылайык СССРден КЭРдин эл чарбасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү үчүн алынып келинүүчү электростанцияларга, металлургиялык жана машина куруучу заводдорго, көмүр шахталарына, рудниктерге, транспортко жана башкаларга зарыл болгон жабдууларды, материалдарды сатып алуу үчүн узак мөөнөттүү насыя (кредит) берилген. Андан башка өз мезгилинде советтик чарбалык уюмдар япондуктардан сатып алган Түндүк-Чыгыш Кытайдагы мүлктөр, Пекиндеги аскер шаарчасындагы бардык советтик имараттар дагы КЭРге бекер өткөрүлгөн.

Бул келишим КЭРдин коопсуздугун камсыз кылууда, анын эл аралык абалын чыңдоодо чоң роль ойноп, Кытайдын согушта кыйраган экономикасын калыбына келтирүүдө, социалисттик курулушка киришүүсүнө ыңгайлуу шарт түзгөн. Келишим өзүндө жазылган жобого ылайык,11 апрелде 1980ж. КЭР тарабынан бир тараптуу токтотулган.

СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАЛАР СОЮЗУ (СССР) - 22 декабрда 1924жылы түзүлгөн. 15 мамлекеттен турган федерация болгон, өзүнө Азиянын түндүк бөлүгүн жана чыгыш Европанын бир бөлүгүн камтыган : Россия, Белоруссия, Украина, Латвия, Литва, Эстония, Грузия, Армения, Азербайжан, Молдавия, Казакстан, Кыргызстан, Түркмөнстан, Тажикстан жана Өзбекстанды кучагына алган, аянты 22 402 076 чарчы км, борбору - Москва шаары болгон. 1917ж. революциядан кийин коммунисттик мамлекет катары түзүлгөн Советтер Союзу дүйнөдөгү ири мамлекет болгон. 1930-жылдары анын жетекчилиги айыл чарбасынын жана өнөр жайынын

өнүгүшүн камсыз кылууга умтулуп, ар кандай, өтө катаал чараларды да колдонгон. Согуштан кийинки жылдарда дүйнө өлкөлөрү коммунисттик жана коммунисттик эмес болуп экиге бөлүнгөндө, ал АКШ менен атаандаш эки антагонисттик державанын бири болгон. 80-жылдары анын борбордошкон пландуу экономикасын кайра түзүү аракеттери анын курамындагы башка улуттардын өз алдынчалык сезиминин ойгонуусуна жана республикалардагы тартипсиздиктерге, алардын Союздан чыгууга умтулуусуна алып келди, жыйынтыгында 1991ж. СССР кыйраган.

СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАЛАР СОЮЗУНУН (СССР) КЫЙРАШЫ -1990ж. Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы өзүнүн жетекчилик кылуу укугунан баш тартып, союзга мүчө өлкөлөрдө, өзгөчө Балтика республикаларында улутчулдук кыймылдар күч алган. Анын жыйынтыгында Литва өзүн "көз карандысыз өлкө" - деп жарыялаган. 1991ж.августунда Москва шаарында СССРди реформалап сактап калууну жактагандардын козголоңу (путч), башында Б.Ельцин турган элдин калың катмарынын каршы туруу кыймылын жараткан. Бул козголоңдун басылышы менен мурдагы союздук республикалардын көз каранды эместиги жана эгемендүүлүгү жарыялана баштайт. Ошол эле жылдын декабрь айында Минск шаарында СССРдин таркатылышы менен , анын ордуна КМШ түзүлгөн. СССРдин таркатылышынын натыйжасында 15 эгемендүү мамлекеттер (Россия, Белоруссия, Украина, Литва, Латвия,Эстония,Молдова, Грузия, Армения, Азербайжан, Казахстан, Түркмөнстан, Кыргызстан, Өзбекстан,Тажикстан) пайда болгон жана "кансыз согуш" аяктаган. 1992ж. БУУнун Коопсуздук Кеңешине мүчөлүккө СССРдин ордуна Россия келген.

СОВЕТТИК - ЯПОНДУК БЕЙТАРАПТЫК ЖӨНҮНДӨ ПАКТ - Москвада, 1941ж. 13апрелде кол коюлган. Мөөнөтү 5 жылга белгиленип, бирок мөөнөтү аяктарга бир жыл калганда кол койгон тараптардан эч ким аны денансациялоо жөнүндө билдирбесе, ал кийинки 5 жылга автоматтык түрдө узартылмак. Пактыга ылайык тараптар «өз ара тынчтыкта жана достук мамиледе жашоо, территориялык бүтүндүктү жана кол тийбестикти карануу» милдеттерин алышкан. Эгерде бир тарап «бир же бир нече державалардын агрессиясына дуушар болсо, экинчи тарап ага кийлигише» албайт эле. Экинчи дүйнөлүк согуш башталгандан кийин Япония бул пактынын шарттарын бузуп турган. СССРдин Ыраакы Чыгыштагы чек араларына жакын жайгаштырылган япондук куралдуу күчтөр, советтик аскерлердин бир бөлүгүн аларга каршы кармап турууга мажбурлаган. Германиянын өнөктөшү болгон Япония ага такай жардам берип турган. Андан башка, Япония СССРдин өнөктөштөрү болгон АКШ жана Улуу Британия менен согуш абалында болгон. Жогоруда аталган себептерди эске алып совет өкмөтү 5 апрелде 1945ж.аталган пактыны денонсациялай тургандыгын жар салды. 1945ж. 8 августа качан гана АКШ. Улуу Британия жана Кытай мамлекеттеринин сөзсүз капитуляция талабын Япония четке каккандан кийин, Совет өкмөтү өз өнөктөштөрүнүн сунушун кабыл алып, 9 августан баштап Япония менен согуш абалында болорун билдирген.

СООДА БАЛАНСЫ - белгилүү мезгилдин ичинде тышка чыгарылган жана өлкөгө ташылып келинген товарлардын (экспорт жана импорт) наркынын ортосундагы катыш.

СОСЛОВИЕ - укуктары мыйзам менен бекитилген коомдук түркүм, катмар.

СОЦИОЛОГИЯ - коом жана анын өнүгүшү жөнүндөгү илим.

СПРАТЛИ АРАЛДАРЫ - Наньшациньдао аралдары, түштүк-кытай деңизиндеги Вьетнам жана Борнео аралдарынын жана коралл рифтеринин тобу. .Алардын чачылып жаткан узундугу 965 км. түзөт, бирок алар Сингапур жана Япония аралыгындагы деңиз жолун көзөмөлдөйт. Аларга Кытай, Тайвань, Вьетнам, Филиппиндер жана Малайзия толук же жарым жартылай түрдө өздөрүнүн ээлик кылуу укугун талашып келишет. 1976ж. алардын шельфинде мунай (нефть) табылган жана 1988ж. алар кыска убакытка Кытай менен Вьетнамдын аскер-деңиз күчтөрүнүн ортосунда деңиздеги кагылышуусунун аренасына айланышкан.

ССУДА - жеке же юридикалык жакка берилүүчү заем. Бир тараптын акча же материалдык байлыктарын башка тарапка (инсанга) белгилүү мөөнөткө пайдаланып, кайрадан аны ссудалык пайызы менен кошо төлөп берүү шартында берген карызы.

СТАБИЛДҮҮЛҮК – туруктуу, туруктуулук.

СТАВКА – штаб, аскерлерди башкаруу боюнча команда берүүчү орган.

СТАГНАЦИЯ (нем.,фр.,лат. акпай туруп калган суу) - өндүрүштүн, экономиканын, сооданын, коомдук турмуштун ж.б. өнүкпөй токтоп калышы.

СТАНДАРТ - үлгү, чен, өлчөм.

СТАТИСТИКА – адамзат коомунун жана эл чарбачылыгынын өнүгүшүндөгү сан жагынан болгон өзгөрүүлөрдү эсепке алуу.

СТАТУС (лат. абал) – эл аралык укуктагы- укуктук абал. М.:эгемен мамлекеттин статусу.

СТАТУТ (лат. далилдөө, аныктоо) - 1) бир нерсенин тартибин аныктаган эрежелер тутуму; кандайдыр бир өлкө ичиндеги же эл аралык уюмдун түзүлүшү жана ишмердиги тууралуу устав, жобо; 2) кээ бир мамлекеттердеги мыйзам, мыйзамдык актынын аталышы.

СТЕРЕОТИП - кайталанма, өзгөрүлбөй эле кайталана берген нерсе, көрүнүш.

СТИМУЛ -түрткү берүүчү, демилге туудуруучу себеп.

СТРАТЕГИЯЛЫК – жалпы максатка жетүү үчүн жолбашчылык кылуу өнөрү, түпкү максатка жетүүгө аракет.

СУБЪЕКТ – 1) киши; 2) таанып-билүүнүн объектиси катарында болгон, сырткы дүйнөгө карама-каршы турган, сырткы дүйнөнү таануучу, билүүчү аракеттеги жаныбар.

СУБСИДИЯ (фр.,нем.,лат. жардам, колдоо) - мамлекет же кандайдыр бир мекеме тарабынан юридикалык же жеке тарапка, көбүнчө акча түрүндө берилген жөлөк пулдун түрү.

СУВЕРЕН (фр.,лат.эң жогорку) - жогорку бийликке ээ болуп турган башкаруучу.

СУВЕРЕНИТЕТ (суверендүүлүк -эгемендик) - мамлекеттин: тышкы иштериндеги өз алдынчалыгы, көз карандысыздыгы жана ички иштериндеги үстөмдүгү, өктөмдүгү. Улуттук эгемендик деген - бул улуттун социалдык жана саясий түзүлүштү тандап алууга болгон укугу, экономикалык көз карандысыздыгы, аймактын бүтүндүгү.

СУЕЦ КАНАЛЫ - узундугу 171 км. болгон, шлюзу* жок, кеме жүрүүчү Жер Ортолук денизди (Порт-Саид шаары) Кызыл дениз менен байланыштырып турган канал. 1859-1869 жж. Фердинанд Лессепстин жетекчилиги астында курулган. Булл канал Азия менен Европа ортосундагы эл аралык дениз каттамына жүрүүгө эң кыска жолду камсыз кылгандыктан Египеттин экономикасы үчүн ото маанилүү. 1875ж. Дизраелдин өкмөтү башкарып турган мезгилде акциялардын чоң пакетин сатып алгандыгына байланыштуу бул канал Улуу Британиянын көзөмөлүнө өткөн; 1888ж. Британия өзүн каналдын нейтралдуу (бейтарап) статусунун гаранты деп жарыялаган. 1956ж. Египет тарабынан улутташтырылып, аны кайтарып алуу максатында уюштурулган англо-француз-израилдик интервенция, күчтүү эл аралык каршылык көрсөтүү болгондуктан ишке ашкан эмес. Канал ар кандай көлөмдөгү кемелерди өткөрүүгө ылайык болуп кеңейтилген.

СУНЬ ЯТСЕН (12.11.1866 -12.03.1925) - Кытайдын биринчи президенти, Гоминдань партиясынын негиздөөчүсү. 1894ж. баштап Цинь монархиясына каршы күрөшүп, республика түзүүнү максат кылып койгон. 1895ж. ийгиликсиз көтөрүлүштү жетектеп, жеңилгенден кийин эмиграцияга кетүүгө аргасыз болгон. Японияда жүрүп «Союздук лига» деген уюм түзүп, анын программасы катары өзүнүн үч принцибин : улутчулдук, элдик бийлик жана элдин жыргалчылыгын сунуштаган. Аны аткаруунун бирден-бир шарты болуп, Цинь династиясын кулатуу жана агрардык реформа эсептелген. 1911ж. Синьхай революциясы башталгандан кийин Кытайга кайтып келип, өлкөнүн президенти болуп шайланган. 1912ж. Юань Шикайдын кол астындагы аскерлердин колдоосуна ээ болуу максатында президенттикти ага өткөрүп берген. Ошол эле жылы Улуттук партияны (Гоминьдан) түзгөн. Андан көп өтпөй ал эмиграцияга кетүүгө аргасыз болуп, кайрадан өлкөгө Юань Шикай өлгөндөн кийин гана келген. 1921ж. Синьхай революциясы мезгилинде шайланган парламенттин жыйынында Сунь Ятсен кайрадан убактылуу президент болуп шайланган. Бирок анын бийлиги Гуаньдун провинциясынын аймагында

гана эө эле. Бирдиктүү жана эгемендүү Кытайды түзүү үчүн , ал карманган коммунисттер менен биргелешип күрөшүү саясаты аны КЭР де, ал эми Гоминьдандын лидери катары Тайванда дагы улуттук баатыр деңгээлине көтөргөн.

СУННИТТЕР – мусулмандардын 90% бириктирип турган негизги бутак.

Т

ТАЙВАНЬ - расмий аталышы Кытай Республикасы, чыгыш жагы тоолуу келип, калк жыш жайгашкан Кытайдын түштүк-чыгыш жээгиндеги арал, аянты 35 981 чарчы км., калкы 20 944 000 адам (1993); расмий тили - кытай тили, борбору -Тайбей. Жүздөгөн жылдар кытайлыктар мекендеп келген бул арал, 1550ж. португалдыктар тарабынан ачылып, алар Формоза (укмуштуу) арал деп аташкан. 1895-1945жж. Японияның бийлиги астында болгон, бирок Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Кытайга кайтарылган. 1949ж. коммунисттик режим менен болгон согушта жеңилип калганда, аралга генералиссимус Чан Кайшинин 500 миңдей армиясы качып келип, бул аймак кулатылган Гоминдан өкмөтүнүн жактоочуларынын тиреги болуп калган. 1950-жылдардан баштап Тайвандын экономикасы туруктуу өнүгүү жолуна түшүп, өзгөчө экспорт багытында товар өндүрүү тармактарында (электроника, текстил буюмдарын жана калк кеңири керектөөчү товар өндүрүшүндө) олутуу жылыш байкалат. 1971ж. Тайвандын БУУдагы мүчөлүк оруну, Тайванды өзүнүн бир провинциясы катары эсептеп келген Кытай Элдик Республикасына бошотулуп берилген. Континенталдык Кытай Тайванды өзүнүн ажырагыс бир бөлүгү катары эсептеп, анын суверендүүлүгүн тааныбай келет. Анын тескерисинче Тайвань КЭРге кошулуудан баш тартып, АКШнын колдоосу менен өзүнүн көз карандысыздыгын чыңдоонун аракетинде. Аралдагы аткаруу бийлигинин башчысы - президент, мыйзам чыгаруучу бийлик Улуттук Жыйын тарабынан ишке ашырылат.

ТАЙВАНЬ МАСЕЛЕСИ - 1895ж. Симоносек келишими боюнча Японияның карамагына өтүп кеткен бул арал, 1943ж. Каир конференциясынын (Англия, АКШ, Кытай) жана 1945ж. Берлин (Потсдам) конференциясына ылайык, ошондой эле, Японияның капитуляциясына байланыштуу Кытайга кайтарылып берилген. 1949ж. КЭР түзүлгөндө, Тайванга башында Чан Кайши турган коммунисттерден жеңилип калган гоминдандыктар качып келишет жана аралда Кытай Республикасын жарыялап, эл аралык мамилелерде бүткүл Кытайдын өкүлү болгулары келген.

Т.м. пайда болушуна АКШ себепкер болгон. Кытайдын элдик-боштондук армиясынын жеңишине жол бербес үчүн алар Чан Кайшини ар тараптан колдошкон. Тактап айтканда 1940жылдан кытайдагы жарандык согуш аяктаганга чейинки аралыкта эле чанкайшичилерге 1,5 млрд долл. өлчөмүндө жардам беришкен. КЭР түзүлгөндөн кийин АКШнын Тайванга колдоосу

күчөгөн. КЭРди расмий таануудан баш тартып, өзүнүн дипломатиялык, сода, аскерий жана башка байланыштарын «Кытай республикасы» менен жүргүзгөн. Андан дагы, 1950ж. Тайвань кысыгына АКШнын 7-флотунун кемелери киргизилип, аралдын өзүндө америкалык аскерлер жайгаштырылган. АКШнын жетекчилиги астында Тайвандын жарым миллион адамдан турган аскери түзүлгөн. 3 март 1955ж. Тайванды жана ага жакын жайгашкан аралдарды АКШ тарабынан коргоого алган «америка-тайвандык өз ара коргонуу» келишими күчүнө кирген (1980 ж.1 январда АКШ менен КЭРдин ортосунда дипломатиялык мамиле орногондо күчүн жоготкон Чанкайшичилердин БУУнун мүчөлүгүнөн куулуп, КЭР өз ордун ээлегенде дагы АКШ каршы чыккан (1971). Качан гана Тайвандын толук бойдон эл аралык изоляцияда калаарына көзү жеткенде АКШ 1971ж. БУУнун Генералдык Ассамблеясынын XXУ! сессиясында «эки Кытай» концепциясын б.а. КЭР менен Кытай Республикасынын параллельдүү жашап калуусун сунуштаган.

Т.м. КЭР менен АКШнын ортосундагы мамилелерди жөнгө салууда дагы тоскоол маселе болуп келген. 70-ж. башталышынан эки тарап тең Т.м. курчутпоого аракеттенишип өз ара кызматташууну жакшырта башташкан. АКШ менен КЭР өз ара дипломатиялык мамилелерди орнотууда дагы компромисттик жолду карманышкан. Тайвань менен дипломатиялык мамилелерди үзгөн АКШ расмий эмес деңгээлдеги мамилелерин мурдагыдай эле сактап калган. АКШ КЭРди кытайдын жападан-жалгыз мыйзамдуу өкмөтү катары тааныганы менен, Тайвандын статусу чечилбеген абалда кала берди. Себеби АКШ, КЭР, Тайвань режими, ар бири Т.м. боюнча өз алдынча позиция карманып келишет. АКШ «Т.м.кытайлыктардын өздөрү тынчтык жолу менен чече турган маселе»- деген концепцияны карманганы менен, иш жүзүндө Тайвандын өз алдынча сакталып калышына көмөк көрсөтүп келет. 1979ж. 10 апрелде АКШ конгресси кабыл алган «Тайвань жөнүндөгү» мыйзамда, Т.м. чечүү үчүн КЭР кандайдыр бир куралдуу аракеттерди көрө турган болсо, АКШнын нааразычылыгын жаратат деген эскертүүсү эмнени каңкуулайт. Тайвандын бийликтери болсо АКШга таянып алып, КЭР менен болгон эки тараптуу сүйлөшүүлөрдө өз билгенин бербей келет. Мына ошентип, Т.м. чечилиши дагы көп аракетти жана убакытты талап кылуучудай сезилет.

ТАККА (ТАКТЫГА) КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ АССОЦИАЦИЯСЫ (Ассоциация помощи трону) - милитаристтик Японiядагы башында премьер- министр өзү туруп, бардык мамлекеттик кызматкерлер менен аскерге кызмат кылууга милдеттүү адамдардын бардыгын камтыган саясий уюм.

ТАКТИКА (грек.аскерлерди жайгаштыруу искусствосу) – 1) согушка даярдануу жана согушуу искусствосу. 2) көздөгөн максатка жетүү үчүн колдонулуучу күрөш жолу, ыкмалары.

«ТАЛИБАН» - Ооганстандагы ислам фундаментализмин карманган радикалдык уюм. Уюмдун аты теолог-студенттер кийген баш кийимдин аталышынан келип чыккан. Бул уюмду 1993ж. пакистандык студенттер түзгөн. Та-

либанга өтө бекем тартип, карманган идеяларынын жөнөкөйлүгү мүнөздүү. Ошондуктан анын кадыры ооган согушу учурунда Пакистанга качып барып, ал жердеги ооган качкындары жайгашкан лагерлерде чоңойгон мусулман жаштарынын арасында өтө зор. Талиптер, эгерде керектүү деңгээлде колдоо көрсөтүлсө, алар Ооганстанда толук бойдон өздөрүнүн үстөмдүгүн орнотуп, узакка созулуп кеткен согушту токтотуп, «жихадды» пакистандын чек арасынан алыстатууга мүмкүн экендигине пакистандын аскерий адамдарын ынандыра алышкан. Ошондуктан талиптерге Пакистан акчалай, курал жагынан, андан кийин аскерий кеңешчилери, ал гана эмес аскердик бөлүктөрү менен жардам берген. 1994ж. талиптердин отряддары Ооганстандын аймагында аракет кыла баштаган. 1996ж. сентябрында алар Кабулду ээлеп, 1997ж. октябрында Ооганстанды эмират деп жарыялашкан. Эмираттын аймагында Мухаммед пайгамбардын мезгилиндегиге жакындаштырылган орто кылымдардагыдай тартип орнотулган. Телекөрүүгө тыюу салынып, бардык адамдарга намаз окуу милдети киргизилген; аялдар сөзсүз түрдө чадра кийүүлөрү керек эле. Ооганстандын аймагында эл аралык ири террористтик уюмдардын согуштук базалары түзүлүп, алардын бири болгон «Аль-Каиданын» лидери Усама бен Ладен «Талибан» аскерлеринин башкы командачысы болуп калган. 2001ж. 11 сентябрдагы АКШдагы террористтик кол салууларды уюштуруучу катары Усама бен Ладен күнөөлөнүп, талиптер аны берүүдөн баш тарткандан кийин америкалык авиация Ооганстанды топтоштурулган бомбалоого өткөн. Өлкөгө АКШ башында турган эл аралык аскерлер түшүрүлгөн. Көпчүлүк талаа командирлери талиптерди колдоону токтотушкан. Талиптер тоолорго чегинишип, бирок партизандык согушту улантып келе жатышат.

ТАЛЬВЕГ (нем. өрөөн+жол) - дарыянын, өрөөндүн, аңдын, кокту-колоттун төмөнкү бөлүгүнүн эң терең жактарын байланыштырып туруучу сызык.

ТАРИФ – белгиленген баа, нарк көрсөткүчү.

ТАШ ДООРУ - адамзаттын тарыхындагы эң узакка созулган доор. Негизги мүнөздөмөсү таш - эмгек куралдарын жана курал-жарактарды жасоодо негизги материал болгондугунда. Таштан башка жыгач, сөөк, тери, өсүмдүк буласы дагы колдонулган, ал эми таш доорунан кийинки мезгилдерде жаңы материал- керамика дагы пайда болгон. Таш доорунун өкүм сүргөн мезгили болжол менен- мындан 2 млн жылдан дагы көбүрөөк мурун башталып (адамдын айбанаттар дүйнөсүнөн бөлүнгөн учуру), темирдин пайда болгонуна чейинки (Байыркы Чыгышта 8-9 миң жыл, ал эми Европада болсо 6-7 миң жылга жакын) убакытты камтыйт. Шарттуу түрдө таш доору өзү дагы бир нече мезгилдерге бөлүнөт. Алар: 1) палеолит (байыркы таш доору) - 2 млн -10 миң жыл мурун ; өз кезегинде ал өзү эки мезгилге: а) алгачкы (төмөнкү) палеолит 2 млн - 35 миң жыл; б) кийинки (жогорку) палеолит 35 -10 миң жыл мурункуга ; 2) мезолит (орто таш доору) 10-5 миң жыл; 3) неолит (жаңы таш доору) 5-3 миң жыл мурун.

ТЕГЕРАН КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1943) - Экинчи дүйнөлүк согушта өнөктөш үч өлкөнүн (СССР, АКШ, Улуу Британия) өкмөт башчыларынын конфсы. 1943ж. 28-ноябрдан 1 декабрга чейин Тегеранда өткөн. Анын ишине СССРдин жетекчиси И. В. Сталин, АКШнын президенти Ф. Д. Рузвельт, Улуу Британиянын премьер-министри У.Черчилль катышкан. Конф-да негизинен экинчи дүйнөлүк согуштагы абал, экинчи фронтту ачуу жагы башкы маселе катары каралган. Конф-да АКШ менен Улуу Британия өкмөт башчылары мурун создуктуруп келген экинчи фронтту 1944ж. май айынан кечиктирбей ачууга макул болушкан. СССР өз кезегинде АКШ м-н Улуу Британия өкмөттөрүнүн каалоолоруна кошулуп, 1941ж. Япония м-н түзүлгөн бейтараптык ж-дөгү макулдашууга карабай, германдык армия толук талкаланган соң Японияга согуш ачарын билдирген. Конф-да Германияга каршы биргелешип аракеттенүү, үч державанын согуштан кийинки кызматташтыгы жөнүндө Декларация кабыл алынган. Т.к. согуш мезгилиндеги антигитлердик коалицияны бекемдөөдө маанилүү роль ойногон.

«ТӨГӨРӨК СТОЛ» КОНФЕРЕНЦИЯЛАРЫ Индия маселелери боюнча (1-си 1930-31, 2-си 1931, 3-сү 1932-ж.) Индия ж-дө Саймон комиссиясы даярдаган жаңы конституциялык реформанын долбоорундагы сунуштарды талкуулоо үчүн англ. өкмөт тарабынан Лондондо чакырылган. «Т.С.» к-на англия. парламентинин, колониалдык администрациянын мүчөлөрү, индиялык княздар, Индиядагы ар кандай саясий партиялардан ж-а уюмдардан («Хинду махасабха», Мусулман лигасы, Либералдар федерациясы, «Кол тийбес» касталар федерациясы ж.б.) өкүлдөр катышкан. Индия улуттук конгресси (ИУК) 1-»Т.с.» к-на катышуудан баш тартып, жарандык баш ийбөө кампаниясын жарыялаган. 2-»Т.с.» к-на ИУКтан М.К.Ганди катышып, Улуу Британия өкмөтүнүн Индиядагы колон. саясатын, өзгөчө динчил коомдорду, касталарды ж.б. бири-бирине тукурууга, ошону менен Индия элинин көз карандысыздык үчүн күрөшүн алсыратууга умтулушун ашкерелеген. Ганди өлкөнүн эркиндиги үчүн күрөштө бардык диний коомдордун жана касталардын биримдигин түзүүгө чакырган. 3-»Т.с.» к-на ИУК катышкан эмес. Ошентип «Т.С.»к. Индия үчүн макулдашылган жаңы конституциянын долбоорун иштеп чыга алган эмес.

ТЕКСТИЛЬ – кездемелер, токума, сокмо нерселер.

ТЕМИР ДООРУ - адамзат тарыхындагы темир металлургиясын өздөштүргөн жана темирден жасалган эмгек куралдары жана курал-жарактары таркалган мезгил. Бул доордун башталышын Б.з.ч. ! миң жылдыктын баш ченине алып барышат. Ал эми аякталышы элдердин Улуу көчү (!!-У!кк) мезгилине туш келет.

ТЕОКРАТИЯ (Гр. кудай+бийлик, күч) - саясий ж-а диний бийлик чиркөө колунда топтолгон мамлекет формасы. Т-лык мамлекеттерде жогорку бийлик адатта үстөмдүк кылган чиркөө башчысына таандык болуп, ал «кудайдын жердеги элчиси» аталып, иш жүзүндө мамлекетти бийлөө дин кызматкерле-

рине жүктөлгөн. «Кудайдын амири» мыйзам деп табылган. Кул ээлик коом доорунда Байыркы Чыгыш деспотиясы (Египет, Вавилония, Араб халифаты ж.б.) Т-нын үлгүсү болгон орто кылымдарда рим папасынын Т-лык бийлиги Папалыктын аймагына орногон. Каолицизмдин саясий доктринасы боюнча европалык монархтардын бийлиги рим папасынын жогорку бийлигине көз каранды деп эсептелген. Азыркы мезгилда Т-лык формалар эскинин калдыктары катары артта калган өлкөлөрдө сакталган.

ТЕОРИЯ (гр. карайм, изилдейм) – 1) тажрыйбаны, коомдук практиканы логикалык жактан жыйынтыктоо, жалпылоо; илимдин бул же тигил тармагындагы жетекчиликке алуу системасы; 2) табигат менен коомдун өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн фундаменталдык илимий жактан таанып билүү; кандайдыр бир илимдин негизин түзгөн илимий жоболордун (түшүнүктөрдүн) жыйындысы; кандайдыр бир суроо боюнча көз караштардын системасы, кандайдыр бир кубулуш жөнүндөгү окуу; 3) конкреттүү эмес түшүнүк; чындыктан обочолонгон ой жүгүртүү.

ТЕРРОР (лат. коркуу, үрөй учуу) - коркутуу, үрөй учуруу саясаты, каршылаштарын күч колдонуп талкалоо, өлтүрүүгө чейин баруу.

ТЕРРОРИЗМ - коомду жана мамлекетти коркутуп, жүрөгүнүн үшүн алуу жана каршылаштарын кандайдыр бир ыңгайлуу жүрүм-турумга мажбурлоо максатында ишке ашырылган кылмыш (жардыруу, өлтүрүү, адам уурдоо ж.б.). Террор жекече, топтук жана мамлекеттик түрүндө болот. Өзгөчө экстремисттик улутчул уюмлар террорду кеңири пайдаланышат. XX кылымда террор кеңири жайылып кеткен. 1898ж. Европанын кудуреттүү өлкө өкүлдөрү Римде конгресске чогулушуп,бардык анархиялык жана социалисттик уюмдарды жок кылуу маселесин талкуулашкан. Ал эми чакан элдердин улуу державаларга жана империяларга каршы күрөшүү зарылчылыгы , дал ошол террористтик ыкмаларды колдонууга түрткөн. Тарыхта ага мисалдар толтура. Алсак, 1914ж. Сараеводогу өлтүрүү, француз тышкы иштер министри Л.Бартуну жана 1934ж. Марселдеги югославиянын королу Александрдын өлтүрүлүшү буга күбө. Жеке канкорлордун колунан өлгөндөргө М. Ганди менен АКШнын президенти Ж. Кеннедилерди кошсо болот. Италияда 1978ж. «Кызыл бригадалар» деп аталган террористтер солчул-христиан премьер-министр А.Морону уурдап кетишип өлтүрүшкөндүн натыйжасында бийлик, консервативдик саясатчылардын колуна өткөн. 1991ж. тамилдердин колунан Р. Ганди курман болгон. Дүйнөдөгү терроризмди кеңири колдонгон уюмдардын арасынан «Аль-Каиданы» бөлүп көрсөтүүгө туура келет. А жалпысынан бүгүнкү күндөгү террористтик уюмдардын саны 500 гө жакын. Терроризмге каршы күрөшүү боюнча бир нече эл аралык конвенциялар кабыл алынган.

ТЕРРОРИСТТИК АКТ (11 сентябр, 2001ж.) - дүйнө тарыхындагы эң коркунучтуу террористтик акт, жан кечти - террористтердин Нью-Йорк жана Вашингтон шаарларындагы жардыруулары. 11 сентябрда эртең менен терро-

ристтер тарабынан ээленип алынган жүргүнчүлөрдү ташыган учактар Нью-Йорктогу Эл аралык соода уюмунун эки көп кабаттуу имараттарын сүзүп талкалашкан, ал эми Вашингтондо болсо ошондой эле учак Пентагондун (АКШ нын коргоо министрлиги) имаратына жардырылган. (террористтер дагы бир учакты ээлеп алышкан, бирок ал максат кылган жерге жетпестен Пенсильвания штатында кулап түшкөн). Нью-Йорктогу эки мунара тең кулап түшүп, Пентагондун имаратынын бир бөлүгү кыйраган. Бул кайгылуу окуяларды дүйнөнүн эң таасирдүү телеканалдары түз эфирде көрсөткөн. 3000 дей адам каза тапкан. Расмий маалымат боюнча бул террорситтик акт «Аль-Каида тарабынан жасалган. Террористтик аракеттер дүйнөнүн экономикасы менен саясатына зор таасирин тийгизип келе жатат.

ТЕХНОЛОГИЯ (нем.,грек, искусство, чеберчилик + илим, окуу) – материалдарды иштетүүнүн жолдору жана каражаттары жөнүндөгү билимдин жыйындысы жана ошол ыкмалардын илимий жактан тизмелеп жазылышы.

ТИБЕТ - КЭРдин курамындагы автономиялык район, аянты 1 228 000 чарчы км., калкынын саны 2 196 000 адам (1990); административдик борбору - Лхаса шаары. Будда ламалары башкарган Тибет мамлекети 7-к. пайда болгон. 13-к. Тибетти монголдор, кийин 18-к.маньчжурлар басып алган. Бул жердеги Кытайдын бийлиги 1951ж. орногон, бирок толук көзөмөлүн 1959 жылдагы козголоңду баскандан кийин гана (ошол учурда өлкөнүн диний лидери далай-лама Индияга качып кеткен) бекемдеген. Көптөгөн тибеттик монастырлар, ыйык эстеликтер жергиликтүү калктын аң сезимин жана улуттук маданиятын өзгөртүүгө болгон ийгиликсиз аракеттер учурунда кытайлыктар тарабынан талкаланган. Тибет бардык тарабынан кырка тоолор менен курчалган. Бир нече чоң-чоң дарыялар (Инд, Брахмапутра, Хуанхэ. Янцзы, Салуин, Меконг) Тибеттен башталат.

ТИРАНИЯ - залимдик, катаалдык.

ТОКИО ПРОЦЕССИ - япон согуш кылмышкерлеринин үстүнөн жүргүзүлгөн сот процесси. 1946ж. 3 майдан 1948ж.12 ноябрга чейин Токиодо Ы.Чыгыш Эл аралык согуш трибуналында жүргүзүлгөн. 1928-45-ж. СССР, Кытай ж.б.өлкөлөргө каршы агрессиячыл согуштарды даярдоого жана жүргүзүүгө катышкан 28 адамдын 25и жазаланган (мурдагы 4 премьер-министрлер : Тодзио, Хиранума, Койсо, Хирота; 11 министр- Араки, Хата, Хосино, Итагаки, Кайя, Кидо, Симада, Судзуки, Того, Сигэмицу, Минами; 2 элчи - Осима, Сиратори; жогорку генералитеттин 8 өкүлү -Доихара, Кимура, Муто, Ока, Сато, Умэдзу, Мацуи, Хасимото); экөө- мурунку тышкы иштер министри Мацуока ж-а адмирал Нагано өкүм чыкканча эле өлүп калган; япон империализминин идеологу Окаванын шал болуп калгандыгына байланыштуу өкүм чыгарылган эмес. Өкүм боюнча Доихара, Хирота, Итагаки, Кимура, Мацуи, Муто, Тодзио өлүм жазасына тартылып, Того 20 жылга, Сигэмицу 7 жылга, калгандары өмүр бою түрмөгө кесилген.

ТОЛЕРАНТТУУЛУК (лат.чыдамдуулук) - башкалардын оюна жана ишенимдерине чыдамдуу, кечиримдүү мамиле карануу.

ТОННАЖ -1) кеменин орун алган жеринен кысылып чыккан суунун салмагы; бул суу кемесинин оордугуна барабар; 2) вагондордун же автомобилдердин тонна менен жүк көтөрүшү.

ТОТАЛИТАРИЗМ – террористик, диктатуралык бийлик.

ТРАДИЦИЯ – адат, салт (укумдан тукумга келе жаткан адат, тартип).

ТРАЙБАЛИЗМ – уруучулук же этникалык чатак, чыр, ыйкы – тыйкы, араздашуу. Уруучулук сепатратизм, бөлүнүүчүлүк, өз уруусуна жан тартуу.

ТРАЛЬЩИК -трал менен жабдылган согуштук же балык кармоочу кеме.

ТРАНЗИТТИК - товарды бир өлкөдөн экинчи өлкөгө ортодо жайгашкан өлкө аркылуу өткөрүү.

ТРАНСФОРМАЦИЯ - өзгөрүү, бир түрдөн экинчи түргө өтүү.

ТРИБУНАЛ -кээ бир жогорку соттук мекемелердин аты.

ТРУМЕНДИН ДОКТРИНАСЫ - 12 март 1947ж. АКШ конгрессинде кош палатасынын биргелешкен жыйынында чыгып сүйлөгөн сөзүндө, өлкөнүн президенти Г.Трумен тарабынан жарыяланган өкмөттүн тышкы саясатынын программасы. Ал сөзүндө Трумен Греция жана Туркия өлкөлөрүнө коммунизмдин каптап кетүү коркунучу туулгандыгы жөнүндөгү жомокту айтып, ал өлкөлөрдүн өкмөттөрүнө жардам иретинде жана «АКШнын улуттук коопсуздугун» камсыз кылуу максатында алардын территориясын СССРге жана социалисттик өлкөлөргө каршы күрөшүүдө «плацдармга* айландыруу үчүн тез арада 400 млн.доллар өлчөмүндө каражат бөлүүнү өтүнгөн.

ТҮНДҮК АТЛАНТИКАЛЫК БЛОК (НАТО) - 28 мамлекетти өз курамына бириктирген саясий-аскердик уюм. АКШнын демилгеси менен 4-апрелде 1949ж. кол коюлган Түндүк Атлантикалык келишимдин негизинде түзүлүп, алгач 12 мамлекетти бириктирген, алар: АКШ, Англия, Белгия, Дания, Исландия, Италия, Канада, Люксембург, Нидерланды, Норвегия, Португалия жана Франция эле. Уюмга мүчөлүкө 1952ж. Греция менен Туркия, 1955ж. Германия Федеративдүү республикасы (ГФР), 1982ж. Испания өткөн. Бул уюмга таянып алып, Европанын коопсуздугун камсыз кылуудагы АКШнын саясатына нааразы болгон Франция генерал де-Голь башкарып турган мезгилде 1966ж. НАТОнун согуштук уюмунан чыгып кетип, ага кайрадан 3-апрелде 2009ж. мүчө болуп кирген. 1974ж. Греция дагы «Кипр маселесинде» колдоо таппагандыгы үчүн уюмдан чыгып кетип, 1980ж. кайрадан мүчөлүк ордун ээлеп калган. НАТОнун согуштук уюмуна Испания дагы мүчө эмес.

Советтер Союзунун жана социалисттик системанын кыйрашы менен бул уюм катарына жаңы өлкөлөрдү кабыл алып өз таасирин кеңейтип жа-

тат. Өткөн кылымдын 90-жылдарынын аяк ченинде Венгрия, Польша, Чехия; 2004ж. Болгария, Латвия, Литва, Эстония, Румыния, Словакия, Словения, ал эми 2009ж. башталышында Албания жана Македония мүчөлүккө өтүштү. Күн тартибинде Грузия менен Украинанын мүчөлүкө кабыл алынышы боюнча өтүнүчүн кароо маселеси турат.

1991ж. Түндүк атлантикалык кызматташуу Кеңеши түзүлүп, анын максаты НАТО менен бул уюмга кирбеген өлкөлөрдүн ортосунда кызматташуу боюнча консультацияларды өткөрүү болгон. Анын алкагында «Тынчтык үчүн кызматташтык» деп аталган программа иштелип чыккан. Анын алкагында куралдуу күчтөрдү кайра куруу, аскердик машыгууларды, симпозиумдарды, семинарларды, атайын курстарды өткөрүү каралган. Ошондой шарт менен бул программага 1994 ж. Кыргызстан дагы кошулган. Бул программада: карама-каршылык, чыр-чатак чыккан жерде тынчтыкты орнотуу, кризистерди жөнгө салуу, массалык кыйроого алып келүүчү куралдарды жайылтпоо, коргонуу конверсиясы*, курчап турган чөйрөнү коргоп сактап калуу, чукул кырдаалдарды жөнгө салуу боюнча өз ара кызматташуу каралган.

Уюмдун жогорку органы - НАТО нун Кеңешинин сессиясы. Штабквартирасы Брюсселде жайгашкан. Уюмдун генералдык секретары Дания-нын мурунку премьер-министри Андерс фон Расмуссен.

ТҮШТҮК-ЧЫГЫШ АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН АССОЦИАЦИЯСЫ (АСЕАН) - Бангок декларациясына ылайык 1967ж. түзүлгөн. Бул аймактык уюмга Индонезия, Малайзия, Филиппин, Сингапур жана Тайланд кирген. 1984ж. Бруней кошулган. Эң акыркылардан болуп бул уюмга - Вьетнам, Мьянма жана Лаос кошулган. Ассоциацияга бириккен өлкөлөрдүн жалпы аянты 3.069.690 чарчы км., калкынын саны 321.200.000 адам (1989). Аны түзүүдөгү негизги максат экономиканын өнүгүшүн өркүндөтүү болсо дагы, негизги жетишкендиктер: аймактык коопсуздукту камсыз кылуу, дипломатиялык кызматташуу, маданияттын жетишкендиктери менен өз ара алмашуу, транспорт жана байланыш жаатында кызматташууда болуп келди.

ТҮШТҮК-ЧЫГЫШ АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН УЮМУ (СЕАТО) - бул аймактык, күч ала баштаган улуттук-боштондук кыймылына каршы түзүлгөн саясий-аскердик уюм. АКШнын демилгеси менен Манила шаарында 8-сентябрда 1954ж. бул уюмду түзүү келишимине: АКШ, Англия, Франция, Австралия, Жаңы Зеландия, Таиланд, Пакистан жана Филиппин өлкөлөрү кол коюшкан. 1977ж. өз жашоосун токтоткон.

У

УЛУТТАР ЛИГАСЫ (1919 - 1946) – элдердин ортосунда өз ара кызматташтыкты өнүктүрүү, дүйнөдө тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуу максатын көздөгөн эл аралык уюм. Орношкон жери – Женева шаары. Улуттар Лигасынын алгачкы мүчөлөрү болуп Версаль тынчтык келишимине

кол коюшкан 32 мамлекет (мүчөлүккө кирүүсүн сенат четке каккан АКШ дан башкасы) эсептелген, Алардан башка уюмга, 13 бейтарап өлкөлөр катышууга мүмкүнчүлүк алышкан. Бул уюмга 1920ж. Австрия, 1934ж. СССР кабыл алынган (СССР 1940 ж. кайра мүчөлүктөн чыгарылган). Өз ыктыяры менен Улуттар лигасынан Бразилия (1928), Япония (1935), Германия (1935) чыгып кетишип, ал эми Италия 1937ж. мүчөлүктөн чыгарылган. БУУнун түзүлүшү менен Улуттар Лигасы өзүнүн жашоосун токтоткон.

УЛУТТУК БАЙЛЫК - тигил же бул өлкөнүн аймагындагы болгон табигый ресурстардын кайталап өндүрүү ишине чегерилген, эзелтен берки муундардын эмгектеринин натыйжасында түптөлгөн материалдык байлыктардын жыйындысы; белгилүү бир өлкөнүн экономикалык кудуретин жалпысынан чагылдыруучу олуттуу көрсөткүч.

УЛУТТУК ДҮҢ ПРОДУКТ (Валовый национальный продукт) - бир жыл ичинде өлкөдө өндүрүлгөн продукталардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн рыноктук наркы, макроэкономикалык көрсөткүчү. М.: ага улуттук ишканалардын, алардын чет өлкөлөрдөгү филиалдарынын, бөлүмдөрүнүн өндүргөн продукцияларынын наркы да кошулат.

УЛУТТУК КИРЕШЕ - өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүн жалпылоочу көрсөткүч. Бул натуралай жана нарк түрүндө көрсөтүлөт. Натуралай формасы калктын жеке керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн керектөө предметтерин жана кайра өндүрүүнү кеңейтүүнү камсыз кылуучу өндүрүш каражаттарын камтыйт.

УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ - Байыркы мезгилде жана Орто кылымдарда Кытай менен Ортоңку жана Алдыңкы Азияны байланыштырып турган кербен жолу. Б.з.ч.2-чи кылымда ачылган. Улуу жибек жолу Сиандан башталып, Ланьчжоу аркылуу Дуньхуанга жеткенде экиге бөлүнгөн : түндүк жолу Турпанды басып, андан ары Памирди ашып, Фергана жана казак талааларына барган; түштүк жолу Лобнор көлүнүн жээги, Такла-Макан чөлүнүн түштүк чети менен өтүп, Жаркентти басып, Памирди (түштүгүнөн) ашып Бактрияга, андан Парфияга, Индияга жана Жакынкы Чыгышка жеткен. Улуу жибек жолу Алдыңкы Азия, Орто Азия жана Кытай элдеринин экономикалык жана маданий байланыштарынын өнүгүшүндө зор роль ойногон. 8-9 кк.Прибалтика менен байланыштырган багыты да ачылган. Жибек жолунун жалпы узундугу 7000 км.түзгөн. Жолдун аты кытайдын негизги экспорттук товары болгон-жибектен келип чыккан. 5-6 кк.жибек жолунун көпчүлүк бөлүгү ирандык жана согдилик соодагерлердин колунда, ал эми Араб халифаты түзүлгөндөн кийин арабдардын колуна өткөн. 8 к.акырында жана 9 к. Жибек жолунун суу менен өткөн эки бутагы Чыгыш Европаны аралап, бирөө Каспий деңизи аркылуу Волга дарыясына, андан ары Прибалтикага (Волга-Балтика жолу), экинчиси болсо Сирия жана Закавказье аркылуу Донго чыгып турган. Бул жол аркылуу жибектен башка дагы зер (ювелир) буюмдары, дамаск болотунан жасалган курал-жарактар, кийим-кечектер ташылып турган. Чыгыш Европа-

дан араб өлкөлөрүнө негизинен баалуу терилер, дан-эгиндери жана янтарь экспорттолгон. 14 к.Жибек жолунун маанисиси төмөндөгөн.

УЛУУ КЫТАЙ СЕПИЛИ - Гуаньсу провинциясындагы Цзяюйгуань шаарынан башталып, Пекиндин түндүгүндө, Сары деңиздин жээгиндеги Шаньхайгуань шаарына чейин созулган, узундугу 6700 км. (чакырым) келген Кытайдын түндүгүндөгү коргонуу сепили. Бул сепилдин алгачкы тилкелери б.з.ч.IУ-к. курулуп, б.з.ч.210ж. бүткүл Кытай, Цинь Шихуандинин бийлиги астында бириктирилгенде, мурда бири-бири менен жоолашып турган кытай мамлекеттеринин үзүк-үзүк болуп курулган дубалдары эми көчмөндөрдөн жалпы кытайды коргоо максатында бир бүтүн сепил болуп туташтырылган; орто кылымдарда эми монголдордон коргонуу үчүн Улуу кытай сепили кайрадан оңдоп курулган. Ошон үчүн азыркы турган сепилдин курулган мезгили Мин династиясынын (1368-1544) убагы менен белгиленип келет. Бул коргонуу сепили транспорттук магистрал катары дагы кызмат кылган. Бул сепилдин бийиктиги 6,6м., айрым жерлери 10 мге чейин, эни жогорку жагында 5,5 м, түп жагыныкы 6,5 м. Дубалдын көп жеринде сакчылар үчүн мунаралар, казематтар, тоолордогу мерчемдүү белдерге чептер курулган. Бүгүнкү күндө адамдардын байкоосунда Улуу Кытай сепили космос орбитасынан көрүүгө мүмкүн болгон адам баласынын колунан жаралган дүйнөдөгү жалгыз эстелик.

УЛЬТУМАТУМ (лат.акыркы) - эл аралык укукта бир мамлекеттин экинчи мамлекеттен, оозеки же кат жүзүндө, кандайдыр бир маселе боюнча көрсөтүлгөн мөөнөттө белгилүү бир позицияда болуусун талап кылуусу. Талапты аткарбоо, чара колдонууну туудуруусу мүмкүн (мис.,жүрүп жаткан сүйлөшүүнү токтотуу, дипломатиялык мамилени үзүү д.у.с.).

УЛЬТРАУЛУТЧУЛ - ашынган улутчул.

УНИВЕРСАЛ - ар түрдүү кесипти, адистикти билген адам; түрдүү жактуу; ар түрдүү нерсени өз ичине алган; түрдүү максатка жарай турган - деген түшүнүк.

УРБАНИЗАЦИЯ (фр.,лат. шаар, шаардык) - 1) коомдун өнүгүшүндөгү шаардын маанисинин жогорулашынын тарыхый процесси. Ал калктын социалдык-профессиялык, демографиялык структурасын, маданиятын, өндүргүч күчтөрүнүн жайгашуусун, отурукташуусун ж.б. камтыйт. Урбанизация өнүккөн индустриялуу өлкөлөргө мүнөздүү. Анын калыптанышына индустриялаштыруу, эмгектин аймактык бөлүштүрүлүшүнүн тереңдеши, шаарлардын материалдык байлыкты өндүрбөгөн функцияларынын өнүгүшү ж.б. улар башкы өбөлгө болот. Урбанизация өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнө, экономикалык райондордун калыптанышына, калктын маданий деңгээлинин өсүшүнө шарт түзөт. У-нын белгилеринин бири-эң ири шаарлардын пайда болушу жана конурбанизациянын (бири-бирине жакын жайгашып, экономикалык жактан өз ара тыгыз байланыштагы шаарлар тобунун пайда болушу) түзүлүшү болуп эсептелет; 2) айыл турмушун, шартын шаарга жакындаштыруу, шаардагыдай мүнөз берүү.

УСТАВ – бир нерсенин уюшулушун, түзүлүшүн, иштөө тартибин аныктоочу эрежелер, жоболордун жыйнагы.

УСТУПКА, СОГЛАШЕНИЕ, КОМПРОМИСС – кайрылышуу, эпке келүү, макул болуу.

УЧРЕДИТЕЛДИК – уюштуруучулук, түзүүчүлүк.

УЧРЕДИТЕЛДЕР- акционердик коомду, корлорду (фонддорду), биржаларды ж.б. негиздөөчүлөр.

ҮЧТҮК СОЮЗУ - 1882ж. Германия, Астро-Венгрия жана Италиянын ортосунда түзүлгөн согуштук-саясий блок. 1879ж. Германия менен Австро-Венгрия өз ара өнөктөштүк (союздук) мамилеге өтүп, 1882ж. ага Италия кошулган. Үчтүк союздун саясаты герман империализминин агрессиячылдыгын, жаңы рынок жана чийкизат (сырьё) булактарын ээлеп алууга, Европада өз үстөмдүгүн орнотууга умтулгандыгын көрсөткөн. Бул саясатын ишке ашыруу үчүн Германия оболу Англия менен кагылышмак эле. 1904-1907жж. Үчтүк союзуна каршы Англия, Франция жана Россия союзунун (Антантанын) түзүлүшү менен Европада эки ири согуш блогу пайда болгон. Биринчи дүйнөлүк согуш башталгандан көп узабай Италиянын Антанта тарапка өтүп кетиши (1915) менен Үчтүк союзу жоюлган.

ҮЧТҮКТӨР ПАКТЫСЫ 1940ж. - «Антикоминтерндик пактысынын» катышуучуларынын ортосундагы саясий жана согуштук-экономикалык өнөктөштүк жөнүндөгү келишим; 27-сентябрда Берлинде фашисттик Германиянын (И.Риббентроп), Италиянын (Г.Чиано) жана милитаристтик Японияянын (С.Курусу) өкүлдөрү кол койгон, 10 жылга эсептелген, тарыхта Берлин-Рим-Токио огу деген ат менен белгилүү. Ү.п. кириш бөлүгүндө анын катышуучулары Европа жана Азияда «жаңы тартип» киргизүү, аны дүйнөнүн калган бөлүктөрүнө таркатууда өз ара кызматташуу ниетин билдиришкен. Европада жаңы тартипти түзүүдөгү Германия менен Италиянын жетекчилик вазийпасын Япония тааныйт, ал эми Япониянын Чыгыш Азия мейкиндигинде жаңы тартипти киргизүүдөгү вазийпасын өз кезегинде Германия менен Италия тааныры жазылган. Ү.п. катышуучулары эгерде өнөктөштөрдүн бирөөнө ушул күнгө чейинки конфликке катышпаган башка бир өлкө кол салса, калгандары саясий, экономикалык жана согуштук жактан колдоо көрсөтөт деп жазылган.

Сыртынан караган тараптын кооптонуусун жаратпас үчүн «кол койгон өлкөлөрдүн СССР менен болгон мамилелерине бул келишим эч таасир этпеши» баса белгиленген. Дүйнөнү өз ара бөлүп алууну көздөгөн бул Ү. пактысына Венгрия (20.Х!.1940), Румыния (23.Х!), Словакия (24.Х!), Болгария (1.03.1941), алардан башка Финляндия, Испания, Таиланд (Сиам), Хорватия менен Маньчжоу-Гонун жана Ван Цзинвэйдин кытай өкмөтү аталган үч марионеткалык өкмөттөр дагы кошулушуп,кол коюшкан.

Ф

ФАКТОР – кандайдыр бир процесстин же кубулуштун кыймылдаткыч күчү.

ФАКУЛЬТАТИВ КУРСУ (ыктыярдуу курс) - жогорку окуу жайларында студенттердин, атайын орто, кесипчилик-техникалык окуу жайларында, жалпы билим берүүчү орто мектептеринде жогорку класстарынын окуучуланынын өз каалоолору менен жеке мүдөөлөрүн канааттандыруу, жөндөмүн, шыгын өстүрүү максатында өтүлүүчү курс, сабак. Факультативдик курс илимдин, техниканын, маданияттын жаңы маселелери боюнча студенттерге (окуучуларга) алардын кызыгуусуна жараша уюштурулат.

ФАНАТИК -1) фанатизм жагына ооган киши; динге берилген адам, ашынган катаал адам; 2) кандайдыр бир идеяга абдан берилген адам.

ФАНТАСТИКАЛЫК – жомокко окшогон, укмуштуу, апыртылган, куру.

ФАРВАТЕР (голл.сүзүп алга жылуу+суу) - кемелердин сүзүп өтүүсүн камсыз кылуучу коопсуз суу жолу.

ФАТАЛИЗМ (лат. тагдырга жазылган, тагдыр) - тагдырга, бешенеге жазылган жашоого ишенүү.

ФЕДЕРАЦИЯ – кандайдыр бир коомдордун же уюмдардын бирикмеси, союзу.

ФЕНОМЕН - эң сейрек боло турган, адаттагыдан тышкары болгон кубулуш же сапат.

ФЕЙЕРВЕРК - жалбырт этип өтө жарык күйгөн, жеңил жарылма кошунду; бул аскер жана деңиз иштеринде сигнал жана иллюминация үчүн колдонулат.

ФЕРМЕР - имараты бар жер тилкесинин ээси же ижарачысы; айыл чарба ишканаларынын ээси.

ФЕРМЕРДИК (ДЫЙКАН) ЧАРБА - менчиктик, ижаралык же өмүр бою укумдан- тукумга берилүүчү жерге ээ болууну шарттаган ишкердик тибиндеги товардык айыл чарба ишканасы.

ФЛАГМАН -1) отряд же эскадра командири; 2) отряддын же эскадранын командири жүргөн деңиз же аба кемеси.

ФОНД БИРЖАСЫ - баалуу кагаз менен соода жүргүзүүчү мамлекеттик эмес уюм.

ФОРМУЛА – кыска жана так айтылган ар бир корутунду.

ФРАКЦИЯ - бир партиянын парламенттеги, коомдук уюмдагы мүчөлөрүнүн тобу же партиянын ичинен өзүнчө бөлүнүп чыккан уюшма (группировка) топ.

ФУНДАМЕНТАЛДЫК – 1) түптүү, бек, мыкты, чоң; 2) негиздүү, мыкты, олуттуу; 3) негизги.

ФУНДАМЕНТАЛИСТТЕР – традициялык (салттык) баалуулуктарга кайрылууну жактагандар.

ФУТУРОЛОГИЯ - бүтүндөй адамзаттын жана коомдук турмуштун айрым чөйрөлөрүнүн келечектеги өнүгүшүн алдын ала көрө билүүнү изилдеген, коомдук жана табигый илимдерге негизделген комплекстүү илим.

Х

ХАЛИФАТ – мусулмандардын диндик бийлигинин бирдиктүү институту.

ХАЛХИН - ГОЛДОГУ ОКУЯЛАР (1939) - Монгол Эл республикасынын (МЭР) Халхин-Гол дарыясындагы аймакка япондук аскерлердин басып кириши байланыштуу болгон ири куралдуу кагылышуу. Хасан көлүнүн жанындагы, 1938ж. аскердик провокациясы ордунан чыкпай калган япон милитаристери, эми жаңы жаңжалга дардык көрө башташты. МЭР менен Маньчжоу - Гонун чек арасын Халхин - Гол дарыясынын чыгышынан өткөндүгүн көрсөтүп турган расмий карта бар экендигине карабастан, япон бийликтери чек араны ушул дарыя боюнча өткөрүүнү талап кылышкан. 1939ж.11-майда япон аскерлери аталган жерде жайгашкан монгол чек ара заставасына кол салып, аларды дарыяга чейин сүрүшөт. Көп өтпөй монгол аскерлери япондорду өз жеринен кууп чыгышат. 28-майда япондук аскердик бөлүктөр (2,5 миң адамга жакын) танка, артиллерия ж.б.куралдарды пайдаланып жаңы ири чабуул башташкан. Ошондо, 1936ж. түзүлгөн өз ара жардамдашуу жөнүндөгү протоколго ылайык Советтик аскер бөлүктөрү Монголияга жардамга келген. Июндун аяк ченинде япондуктар дагы МЭРдин чек арасына танка, артиллерия менен куралданган ири (38 миң адам) аскер топтомун алып келген жана 2- июль күнү чабуулга өткөн. Халхин-Гол дарыясынын жана Буир-Нур көлүнүн аймагынан башталган салгылашуу 1939ж. августун аягына чейин уланган. 21-29 август күндөрү биргелешкен советтик жана монгол аскер күчтөрү (57 миң адам), (75 миң адамдан турган) япондуктардын Квантун аскерлеринин тандалма бөлүктөрүн курчоого алган жана талкалаган. Абадагы кармашуу андан кийин дагы 2 жумага уланган. 1939ж.15-сентябрда Москвада, Халхин-Гол дарыясынын аймагындагы согуштук аракеттерди 16-сентябрдан токтотуу жөнүндөгү япон тараптын өтүнүчү боюнча советтик-япондук келишимге кол коюлган. 1940ж. 9-июнунда МЭР нын мамлекеттик чек арасы толук калыбына келтирилген. Халхин-Гол дарыясынын аймагындагы жеңилүү, МЭР жана СССР ге каршы түзүлүп жаткан япондуктардын агрессивдүү планынын кыйроосуна алып келген.

ХАРИЗМА - жумшак көңүлдүк, кудай берген мүнөз, өзгөчө идиректүүлүк, зээндүүлүк, жөндөмдүүлүк, таланттулук, шыктуулук. Харизматикалуу лидер

деп-өзүнүн тарапкерлеринин, жактоочуларынын алдында - акылмандык, баатырдык, «ыйыктыкка» негизделген мүнөзгө ээ болгон адам айтылат.

ХАРАКИРИ - Япониядагы канжар менен өзүнүн ичин өзү жарып жан кыюу салты (самурайларда кеңири колдонулуп келген).

ХАСАН КӨЛҮНДӨГҮ ЖАҢЖАЛ (1938) - Хасан көлүнүн аймагынан СССР дин территориясына япон аскерлеринин кол салуусуна байланыштуу чыккан чоң аскердик кагылышуу. 1931ж. Кытайдын түндүк-чыгышын (Маньчжурия) басып алган япон милитаристтери СССРдин мамлекеттик чек арасын бир нече ирет бузган. Ал эми 1937ж. япон аскерлери Кытайдын түндүк жана борбордук бөлүгүнө басып киргенден кийин советтик территорияга болгон провокациялар күчөп, улам кулач жая баштаган. 1938ж. 15- июлда япон өкмөтү СССРден өз аскердик бөлүктөрүн Хасан көлүнүн аймагындагы дөңсөөлөрдөн алып чыгып кетүүсүн талап кылган. Алардын бул талабы чындыкка туура келбегендигин далилдүү расмий документтер менен тастыктаган СССРдин Тышкы иштер боюнча Эл Комиссариаты - 1886ж. 22-июнда Новокиевский капчыгайында Россия менен Кытайдын ортосунда кол коюлган, мамлекеттик чекаранын кээ бир бөлүктөрүндөгү чек ара белгилерин текшерүү боюнча протоколун жана ага тиркелген картаны дагы көрсөткөн. Ал картага ылайык Хасан көлүнүн батышында жайгашкан дөңсөөлөр Россияга тиешелүү экендиги көрүнүп турган. Бул расмий документтерге каршы келген япон тараптан эч кандай далилдүү жүйөөлөр келтирилген эмес. Алар бар болгону Маньчжоу-Гонун марионеткалык өкмөтүнүн далилсиз маалыматтарын жана илгертеден манжурлар ошол көрсөтүлгөн дөңсөөлөрдө өздөрүнүн диний ырым-жырымдарын өткөрүп келишкен деген ойдон чыгарылган аргументтерин бетке тутушкан. Мына ошентип, өздөрүнүн орунсуз талаптарын СССРге таңуулай албаган япон тарап, эми күч колдонууга өткөн. 29-июлда күтүүсүздөн япондук аскерлер советтик территорияга - «Аты жок» (Безымянная) дөңсөөсүнө кол салган, бирок тез эле артка сүрүлүп чыгарылган. 31-июлда япондуктар кайрадан кол салып «Көл артындагы « (Заозёрная) жана «Аты жок» дөңсөөлөрүн басып алышкан. Август айынын башталышында советтик аскерлер даярдыктарын бүтүрүп, япондуктарга каршы чабуулга өткөн. 4-августа Япониянын Москвадагы өкүлү (посол) М.Сигемицу өзүнүн өкмөтүнүн атынан жаңжалды жөнгө салуу боюнча сүйлөшүүлөрдү баштоону сунуштаган. Совет өкмөтү сунушту кабыл алуунун бир нече шарттарын койгон. Алар, советтик территорияга кол салууларды токтотуу; советтик аймактан япон аскерлеринин калдыктарын чыгарып кетүү; бул сүйлөшүүлөргө чейин эле чек араны демаркациялоо боюнча түзүлгөн биргелешкен комиссиянын иши бир гана колдо болгон келишимдердин жана карталардын негизинде жүргүзүлүүсү керек. Айыгышкан кармашуулардан кийин 9-августа япондук баскынчылардан советтик территорияны толук тазалоо аягына чыккан. 10- августа согушкан тараптар согуштук аракеттерди токтотуу жөнүндө сүйлөшүшкөн, алардын аскерлери ошол күнкү ээлеп турган позицияларында калтырылган. Ошон-

дон кийинки СССР менен Маньчжоу-Гонун чек араларын демаркациялоодо жалаң гана советтик тараптын колунда болгон документтер колдонулган. Хасан көлүнүн жанындагы япон милитаристеринин жеңилиши, алардын Ыраакы Чыгыштагы СССРге каршы пландарынын ойрондолушуна өбөлгө болуп калган.

ХОМЕЙНИ РУХОЛЛА МУСАВИ (17.05.1900 - 03.06.1989) - Ирандын диний жана саясий ишмери. Ирандын 1979-1989жж. имамы (рухий лидери). Шейиттердин шаары эсептелген Кумда ислам теологиясы менен укугу боюнча билим алган. 20 дан ашык дин илими боюнча китептерди жазган. 50 чү жылдары аятолла наамын алган. 60 чы жылдар - өлкөнү модернизациялоонун программасы болуп эсептелген, Ирандын шахы Мохаммед Реза Пехлеви тарабынан жүзөгө ашырыла баштаган -»Ак революцияга» каршы чыккан. Бул кадамы менен шах өлкөнүн көндүм болуп калган каадасын жана диний салттарын бузду деп сынга алган. 1963ж. шахтын бийлигин кулатууга үндөп, ошол үчүн 1964ж. Ирандан куулуп, Ирактагы шейиттердин Неджеф шаарына жайгашкан. 1978ж. Ирандын кысымы астында ал жерден дагы куулуп, Париждин чет жакасында туруп калган. Иранга кайрадан 1979ж. февралында шах кулатылгандан кийин салтанаттуу түрдө кайтып келген. Өлкөнү модернизациялоого тиешеси барлардын баарын бийликтен кетирген. Иран, Ислам республикасы деп жарыяланып, кабыл алынган Конституция боюнча бийлик дин адамдарынын колуна өткөн. Хомейни болсо өмүрү өткөнчө мамлекеттин диний жана саясий лидери болуп калган. Салттуу мусулман укугу - шариат, негизги укуктук норма болуп киргизилген. Тышкы саясатында Хомейни «Батышты дагы, Чыгышты дагы туурабайбыз» деген ураан таштап, шахты колдогондугу үчүн Америкаңы «Эң коркунучтуу шайтан» деп жарыялаган. Миллиондогон ирандыктар бүгүн дагы Хомейнини ыйык адам болгон деп билишет.

ХРОНОЛОГИЯ – 1) тарыхий окуяларды, алардын кайсы убакытта болгондугуна жараша көрсөтүү, окуялардын белгиленген даталары; 2) убакыт тартиби боюнча окуялардын түзүлүшү, тартиптелиши.

